Т Ө Ң

# СЕНИН
# КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## Стратегиянын күчү

К Ө Р

ГЭРИ КИСИ

Ү Ш Ү Ң

Кымбаттуу Машайактагы досум,

Биз бул окуу каражаты сизге батасын берсин, дем-күч берсин деп сыйынабыз. Сураныч, бул материалды досторуңуз, үй-бүлө мүчөлөрүңүз жана жыйыныңыз менен тайманбастан бөлүшүңүз. Ошондой эле, сиз **FLNFree.com** веб-сайтына кирип, кошумча электрондук көчүрмөлөрдү жана өз тилиңиздеги бекер окууларды жүктөп алсаңыз болот.

Кудай сизди сүйөт жана сиздин жашооңуз үчүн Анын укмуштуудай планы бар! Биз Кудайдын Падышачылыгы кандайча иштээрин изилдеп көрдүк, ал биздин жашообузду жакшы жакка өзгөрттү жана силер менен да ошондой болот деп ишенебиз!

Машайактагы сүйүү менен,

Гэри жана Дренда Кисилер.



P.S. Акысыз жүктөп алуу үчүн биздин веб-сайтка сөзсүз кириңиз. **FLNFree.com,** сиз өз тилиңизде көбүрөөк акысыз окууларды жүктөп алууңуз үчүн.

# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ

## Стратегиянын күчү

ГЭРИ КИСИ

***Your Financial Revolution, The Power of Strategy, Kyrgyz***
Copyright © 2022 by Gary Keesee

Originally published in English
Copyright © 2019 by Gary Keesee
ISBN: 978-1-945930-14-0

Gary Keesee Ministries,
P.O. Box 779, New Albany,
OH 43054, USA

GaryKeesee.com

This book is a FREE GIFT from Gary Keesee Ministries and is
NOT FOR SALE

***Сенин каржылык төңкөрүшүң, Стратегиянын күчү, кыргыз тилинде.***
© 2022, Гэри Киси

Алгач англис тилинде басылып чыккан
© 2019, Гэри Киси
ISBN: 978-1-945930-14-0

Гэри Кисинин кызматы,
П/Я 779, Нью Албани,
Огайо 43054, США

GaryKeesee.com

Бул китеп - Гери Кисинин кызматынан белек, **САТУУГА БОЛБОЙТ**

“Сенин каржылык төңкөрүшүң ” сериясынын 3-бөлүгүндө Гэри Киси өзүнүн ийгилигинин эң маанилүү компоненттеринин бирин жана Кудайдын Падышачылыгынын ЭҢ МААНИЛҮҮ сырын ачып берет: стратегиянын күчү! Кайсы жерге тор салууну билсе, ар ким эле балык кармай алат. Кудайда силерге керектүү жооптор бар, бирок, силер ал жоопторду кантип угуп, жашооңордо кантип колдонууну түшүнүшүңөр керек. Бул китеп так ошол жөнүндө.

# АРНОО

*Мен бул китепти жубайым Дрендага арнагым келет. Анткени, ушул жылдар ичинде анын колдоосу, Кудайдын иштерине болгон ышкысы, үй-бүлөсүнө жана мага болгон сүйүүсү мени шыктандырып келет. Кыялдар чынында эле орундаларын биз биргеликте далилдедик!*

– Гэри Киси

# МАЗМУНУ

**Киришүү** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7

**1-БӨЛҮМ.** Сен бизден эмнени каалайсың? . . . . . . . . . . . . . . . 21

**2-БӨЛҮМ.** Падышачылык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35

**3-БӨЛҮМ.** Таң калгандар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45

**4-БӨЛҮМ.** Негизгиси: ансыз үйдөн чыкпагыла . . . . . . . . . . . . 63

**5 -БӨЛҮМ.** Библиялык күбөлүктөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 81

**6-БӨЛҮМ.** Бардык эле адамдар башка тилдерде сыйынышабы? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91

**7-БӨЛҮМ.** Казынага толгон сандык . . . . . . . . . . . . . . . . . . 105

**8-БӨЛҮМ.** Алдыга жылуудагы кыйын кырдаалдар . . . . . . . 125

**9-БӨЛҮМ.** Акырын, токтоо чыккан үн . . . . . . . . . . . . . . . . 137

**10-БӨЛҮМ.** Көрүнүштөр жана түштөр. . . . . . . . . . . . . . . . . 151

**11-БӨЛҮМ.** Ыйык Рух менин жетекчимдей угулат . . . . . . . . . 165

**12-БӨЛҮМ.** Кантип сыйынуу керек жана Ыйык Рухка чөмүлүүнү кантип кабыл алуу керек? . . . . . . . . . . 181

Эскертүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183

# КИРИШҮҮ

*"Сенин каржылык төңкөрүшүң. Стратегиянын күчү* – бул "Каржылык төңкөрүш" китебинин  сериясынын үчүнчү китеби. Бардыгы болуп бешөө болот жана алардын бардыгы 2005-жылы Албанияда өткөргөн конференциянын кеңейтилген версиясы. Дал ушул конференцияда менин жашоо жолум түп-тамырынан бери өзгөрдү. Эгер силер бул окуяны уккан болсоңор, анда кириш сөздү өткөрүп жиберип эле, биринчи бөлүмдөн баштай берсеңер болот. Ал эми, укпаган болсоңор, көгүлтүр жарык тууралуу айтып берейин. «Көгүлтүр жарык? Бул эмне?» – деп сурайттырсыңар. Силердин суроoңор түшүнүктүү. Аны көргөндө мен да анын эмне экенин билбедим, бирок Кудайдын күчү ушунчалык күчтүү болгондуктан, бул Андан болушу керек экенин түшүндүм. Эмесе, бул окуяны айтып берүүгө уруксат эткиле.

Биз аялым экөөбүз өз турумушубузду карыз менен баштаганбыз жана тогуз жыл бою андан чыга албай жүрдүк. Жөн гана карыздан эмес, акчага жана ага байланышкан көйгөйлөрдөн улам ички тынчсызданyy жана коркунучтардан азап чегип жүрдүк. Биз өз турмушубузду каржылык жактан талкалап алууну эч качан пландаштырбаганыбызга карабастан, так эле ошондой болуп жатты. Биз май куюучу жайдагы жөнөкөй гана кредиттик картадан баштаганбыз, анан бир Visa карта, анан он Visa карта.

Качан Visa карта менен төлөй албай калганыбызда каржы компанияларынан чоң пайыз менен: өз төлөмдөрүбүздү жалгаштыруу үчүн, жыйырма сезгизден отуз үч пайызга чейин насыяларды алчубуз. Бирок, андан кийин кайра карталарды колдондук, карыз өсө

берди! Натыйжада, бизде толук лимиттүү он кредиттик карта, каржы уюмунан үч насыя, салык кызматынын пайдасына он миңдеген доллар жана башка көптөгөн майда карыздарыбыз бар болчу. Тиш доктурубузга, химиялык тазалоочуга, ата-энебизге, эки унаабызга жана үйүбүздүн ижара акысына он миңдеген доллар карызбыз... Тизме муну менен эле бүтпөйт. Ал кезде биз комиссионныйда жашачу элек жана стресс мени түзмө-түз эле өлтүрүп жатты. Мен дүрбөлөңгө түшүп, антидепрессанттарды колдондум, алар да жардам бербеди.

Бизде болгондун баары бузулду. Биздин унаалар 200 000 мильден ашык жүрүп коюшкан эле. 1856-жылы курулган кичинекей эски фермердик үйдү айына 300 долларга ижарага алганбыз, анда да көйгөйлөр бар болчу. Эски айнектердин көбү сынып калган, аны оңдоого акчабыз жок болгондуктан, жаракаларын скотч менен чаптап койгонбуз. Бирок, бул да жетишсиз болгон. Рамкалардын жаракаларынан кирген жүзүм сабагы ичкери карай өсүп турчу. Жубайым Дренда жөн гана үйдүн жасалгасынын бир бөлүгү катары бутактарды кыркып койчу. Балдарыбыздын уктоочу бөлмөсүнө салынган килемди жол боюндагы таштандылардан тапканбыз. Алардын матрацтары карылар үйүнөн чыккан үйүлгөн таштандылардын арасынан алынган болчу. Ар бир эмерек кандайдыр бир жердеги арзандатып сатуулардан же бирөөнүн таштандысынан табылган.

Күн сайын эрте менен үй-бүлөмдү кантип багам деген ой менен жүргөндө кубануу оңой эмес эле. Коркуу мени кысып, эптеп күн көрүү үчүн, тырмышкан баш аламан жашоодо кубаныч менен үмүт жоголуп кетти. Дренда экөөбүз ушинтип тогуз жыл жашадык! Тогуз жыл! Бир ай же эң жаманы бир жылды элестетсе болот, бирок, тогуз жыл? Тогуз жыл ичиндеги ушундай стресстен кийин, эмоционалдык жактан чөгүп, чыдамсыз болуп каласың.

Ошол тогуз жыл бою биз машайакчы болгонбуз жана жакырчылык Кудайдын Өз элине болгон эрки эмес экенин үйрөткөн чоң жыйынга катышчубуз. Биз көбүнчө ондуктарды жана курмандыктарды берчүбүз, бирок, биздин каржылык жактан абалыбыз боюнча

караганда, Кудай Сөзүндөгү окуулар жана көрсөтмөлөр туура эместей көрүнчү. Мен Байыркы Келишим боюнча билимге ээ болчумун, ошондой эле, библиялык мектепте бир жылдан ашык окудум. Мен бир нерсе туура эмес экенин түшүнүп турдум, бирок убакыттын өтүшү менен баары жакшы болот деп үмүттөндүм. Кантебиз, бирок тогуз жылдан бери андай болгон жок. Коллекторлор дээрлик күн сайын телефон чалып, Дренда экөөбүздүн үмүтүбүз дээрлик үзүлүп кете жаздады.

Мындан тышкары, ден соолук көйгөйлөрү мени кыйнады; дарыгерлер менде кант диабетинин бардык белгилери бар экенин айтышты. Акча жок, бардык кредиттик карталар жокко чыгарылды, үйдө жегенге тамак да жок. Коркуу мени ушунчалык кыйнагандыктан, үйдөн чыгуудан да коркуп калдым. Аялым күйөөсүн жоготуп жаткандай ойлогондуктан, балдар менен ата-энесине кантип кайтып барыш керек экенин ойлоно баштаган. Бирок, дал ушул жерге жеткенде менин жашоом кескин өзгөрдү.

Мага адвокат улам-улам  телефон чалып турчу, мен ага акча төлөп берем деп чын дилимден үмүттөнүп убада берчүмүн, бирок, эсепти төлөөгө акча жок болчу. Анан бир күнү эртең менен сүйлөшүү учурунда анын чыдамы акырына жетти. “Же үч күндүн ичинде акчаны таап бересиңер, же менин кардарыма төлөнүүчү акчаны өндүрүп алуу үчүн сизге доо арыз жазам”, - деди. Ошол учурда шылтоо бүтүп калганын түшүндүм. Акчам жок болчу, жада калса, үй-бүлөм дагы бизге карыз бербейт. Айлам кетип, кичинекей фермердик үйүмдүн уктоочу бөлмөбүзгө тепкич менен чыгып, керебетиме жатып алып Кудайга жалындым. Таң калыштуусу, Ал мага дароо эле, түз гана менин рухума жооп берди. Биринчиден, Ал жөн гана Филипиликтер 4:19дагы мен көп жолу уккан жана окуган аятты эсиме салды.

> *“Менин Кудайым силердин бардык кем-карчыңарды Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн даңктуу байлыгы менен толуктайт”.*

«Албетте, мен Ыйык Жазуудагы бул жерди билем, — дедим

Теңирге жана андан ары минтип уланттым: «Бирок, бул менин жашоомдо болбой жатат. Менин бардык муктаждыктарым канааттандырылган жок». Теңир мага мындай деп жооп берди: «Сенин кыйынчылыктарыңа Менин эч кандай тиешем жок. Сен Менин Падышачылыгым кандай иштээрин эч качан билбегендиктен, аларга сиңип кеттиң». Ал мага дагы бир нече нерселерди айтты, бирок мен муну түшүндүм: менин жашоомдогу карыз Анын эрки эмес болчу. Кудайдан уккандарым мени коркунучка алып келгени менен, анын Падышачылык боюнча эмнени айткысы келгенин билген эместигимди мойнума алышым керек. Мен теологиялык билимге ээ болчумун жана Ыйык Китепти жакшы билем деп ойлочумун, бирок, жаңылган экенмин. Бул сөздөрдү укканда биринчи кылган ишим бул болду: Дренданы таап, бизди ушундай абалга сүйрөп келгеним үчүн анын алдында өкүнүп тобо кылдым. Анан экөөбүз тең Кудайга сыйынып, Анын Падышачылыгы кантип иштээрин үйрөтүшүн сурандык. Биз дагы насыяга көз каранды болгонубузга өкүндүк жана мындан кийин кредиттерди жашоо образы катары кабыл албайбыз деп чечтик. Бирок, чындыгында, менин библиялык билимиме карабастан, ошол учурда Кудайдын Падышачылыгы мен үчүн табышмак болчу. «Падышачылык» деген сөздүн бир гана жолу эсиме келгени, бул Жаңы Келишимдеги Теңирдин “Асмандагы Атабыз” деген сыйынуусундагы жер.

> *«Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын».*
>
> – Матай 6:10

Биз чынында эле, Кудай эмнени айткысы келип жатканын түшүнгөн жокпуз, бирок, биз Теңирди издей баштаганыбызда, Ал бизди үйрөтө баштады. Алгач Падышачылык деген эмне экенин жана Кудай бул терминди эмне үчүн колдонгонун түшүнүү керек болчу. Ал бизге эмнени айткысы келди? Бир аз изилдөө жүргүзгөндөн кийин, мен Падышачылык – бул жөн эле көп адамдар эмес экенин

билдим. Бул өкмөт менен падышанын юридикалык башкаруусу астында жашаган көптөгөн адамдар. Чындыгында, “падышачылык” деген сөз - падышанын бийлигин билдирет. Падышанын башкаруусу же анын бийлиги жана мыйзамдары, анын өкмөтү аркылуу анын башкаруусундагы ар бир атуулуна жайылтылат. Ошентип, бул жерде мага негизги ой ачылды: Кудайдын Падышачылыгы — бул өкмөт.

Ал эми, өкмөттөрдүн мыйзамдары бар!

Көрдүңөрбү, мен көпчүлүк машайакчылар сыяктуу эле Кудайды Анын мүмкүнчүлүктөрүн жаңылыш чечмелеп кабыл алып жатканымды түшүндүм. Ал Кудай болгондуктан, каалаганын, каалаган убакта жасай алат деп ойлогом. Билем, китепти ушуга чейин окуп келип, менин туура эмес экенимди айтарсыңар, бирок, улантууга уруксат бергиле. Кудай каалаган убакта, каалаганын кыла алат деп ишенгендиктен, жоопсуз сыйынууну мен Ал четке каккан өтүнүч катары кабыл алдым. Сыйынуудагы бул белгисиздик мени Ал жооп берет деп үмүттөнүүгө гана мажбурлады. Ошентип, менин сыйынуучу жашоомдун көп бөлүгүнүн форматы менин ишим Кудайдын көңүлүн бура тургандай олуттуу угулат деп үмүттөнүп, жалбарып, ырайым кылуусун сурап сыйынуу менен гана чектелген эле. Бирок, Кудай мага Анын Падышачылыгы бүт бойдон биз үйрөнүп, колдоно турган мыйзамдары бар өкмөт экенин үйрөтө баштаганда, кубанып кеттим. Машаякка келүү менен, мен Анын улуу Падышачылыгынын мураскери жана жараны болуп калганымды түшүндүм.

> *«Демек, силер эми чоочундар жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын мекендештерисиңер жана Кудайдын Өз элисиңер» (Эф. 2:19).*

Мен Ыйык Жазуудан бул үзүндүнү окуп, мындай деп ойлогонум эсимде: «Менин Анын Падышачылыгында мыйзамдуу укуктарым бар! Бул чындап эле ушунчалык жөнөкөй болушу мүмкүнбү? Америка Кошмо Штаттарынын жараны катары мага тиешелүү болгон нерсени,

менин жалбарып сурануумдун кереги жок. Мен жаран экенимди далилдеш үчүн коркуунун кереги жок. Мен ушул жерде төрөлгөм. Мен Кудайдын Падышачылыгында жогорудан төрөлгөндө, Анын Падышачылыгынын жараны болдум. Бул Анын Падышачылыгынын мыйзамдарында жазылган бардык мыйзамдарга жана артыкчылыктарга ээ болууга менин мыйзамдуу мүмкүнчүлүгүм бар экендигин билдирет». Кудай мага муну көрсөтө баштаганда, менин дүйнөм түп-тамырынан бери өзгөрдү. Анткени, биз Дренда экөөбүз, машайакчылардын көпчүлүгү сыяктуу эле, Падышачылыкты жана анын мыйзамдарын түшүнгөн эмеспиз.

Чындыгында, машайакчылардын көбү оор күндөрдү баштан кечиришип, минтип көп айтышат: «Кудай уруксат берет, Кудай жакшыраак билет, Кудай баарын көзөмөлдөйт, же Кудай Эгедер». Мындай билдирүүлөр Кудай жооп берүүгө кудуреттүү, бирок ага катышууну каалабайт же мында катышпоону чечти дегендикке жатат. Кудай жөнүндөгү бул туура эмес түшүнүктөр Анын табиятын билбегендиктин же Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин түшүнбөгөндүктүн натыйжасы.

Мен эмне жөнүндө айтып жатканымды түшүндүрүп берүүгө уруксат бергиле. Банкта миллиард долларыңыз болсо, “менде миллиард доллар бар” деп айтмаксыз. Бирок, ошол сүйлөп жаткан учурда чөнтөгүңүздө миллиард доллар жок. Анын ордуна, кайсы бир мекемеде миллиард долларыңыз бар жана сиз ошол мекемеден акчаңызды алуу үчүн кандайдыр бир мыйзамдуу процессти ээрчип, аткарышыңыз керек. Кудайдын Падышачылыгы ошол эле. Келечектеги Кудайдын үйүнүн мүчөлөрү жана жарандары катары биз Кудайда болгон нерселердин бардыгына мураскорбуз. Бирок, алар аркылуу биз мыйзамдуу түрдө өзүбүзгө таандык болгон нерсеге ээ боло ала турган мыйзамдар жана процесстер бар.

Адамдардын көпчүлүгү Кудайдын Падышачылыгында, анын иштеп жаткан процесстерин жана мыйзамдарын да түшүнбөгөндүктөн, адамдар качан бир нерсе Кудайдын Сөзүндө жазылгандай болбой жатканда, күнөө аларда эмес, Кудайда деп ойлошот.

Мына мен эмнени билдим. Сиз Эмпайр Стейт Билдингден секирүүнү чечтиңиз дейли. Сизде парашют же башка эч кандай аппараттар жок, бирок, колуңузду интенсивдүү түрдө булгалоо менен, ылдыйга аман-эсен түшө аларыңызга ишенесиз. Бул кызыктай болгон тамашанын аягы кандай болорун билесиз деп ойлоймм. Жыйынтыгы кандай болоорун билгениңиздин себеби тартылуу мыйзамын түшүнгөнүңүздүн натыйжасы. Мыйзам объективдүү, фавориттери жок жана ар дайым бирдей иштээрин билип туруп, натыйжага ишенесиз. Ошо сыяктуу эле, сиз электрдин мыйзамдарын түшүнгөнүңүз үчүн, которгучту басканда, жарыктын күйүшүн күтөсүз. Мен учакта учканда, анын учуп кетишин күтөм, анткени мен көтөрүү мыйзамын түшүнөм. Учак жана жарыктандыруу менен болгон күтүүлөр ар дайым аткарылат, анткени алардын аракетттери алгач үйрөнүп алып, анан ошол эле функцияларды кайра аткаруу менен, ошол эле натыйжаларга жетүү үчүн, колдонула турган мыйзамдарга негизделген. Ушундай эле ишенимдүүлүк Кудайдын Падышачылыгына да тиешелүү.

> *Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз.*
>
> – 1 Жакан 5:14, 15

Биздин ишенимдүүлүгүбүз мына ушунда. Эгер биз Кудайдын эркине ылайык бир нерсе сурасак, Ал бизди угарын билебиз, ал эми бизди угарын билсек, анда биз Андан сураган нерсебиз бар экенин билебиз. Көрдүңүзбү, мен натыйжага ишенсем болот, анткени мыйзамды падыша орноткон. Ал ошондой эле, Өзүнүн жеке мыйзамын сактоону пландаштырууда. Ыйык Жазууда Ал бизди угат деп айтылса, бул Ал биздин сөздөрүбүздү акустикалык түрдө угат дегенди билдирбейт, тескерисинче, ал угуу соттун чечим чыгаруу үчүн ишти угуп жатканына окшош. Судья өз сезимине карап эмес,

падышачылыктын жарандарынын кызыкчылыгы үчүн мыйзамдын аткарылышы үчүн соттойт. Мен сот иши кандай бүтөрүн, ал баштала электе эле билем.

Дренда экөөбүз Кудайдын Падышачылыгынын мыйзамдарын жашообузда колдоно баштаганыбызда, анда укмуштуудай окуялар болгонун көрдүк. Биз эки жарым жылдын ичинде карыздан толук кутулдук. Үч баланын ортосунда «Happy Meal» ди *(бактылуу тамакты)* бөлүштүрүүдөн накталай акчага жаңы унааларды сатып алууга жана акчасын төлөп берген 55 акр (22 га) жерге, кыялыбыздагы үйдү курууга жетиштик. Биз жылдар өткөндөн кийин дагы жылына жүз миңдеген доллар таза киреше алып келип жаткан компанияларды негиздедик. Андан кийин биз Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө билгендерибизди эл менен бөлүшүү үчүн, менин кичи мекенимде жыйын ачтык. Анан көп адамдар биз эмнени үйрөнгөнүбүздү билгиси келерин, Кудайдын Падышачылыгы сунуш кылган жакшы жашоодо жашагысы келерин байкадык. Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабардын аркасында, жыйын бир нече миң мүчөгө чейин өстү.

Угууну каалагандар үчүн, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө дээрлик күн сайын айтып берип жүргөнүмө карабай, мурда бул жөнүндө эч качан укпаган адамдардын тобуна эксперимент катары кайрылып тургум келди. Мен Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү түшүнүгүнө ылайык, адамдын жашоосундагы өзгөрүүнү көрүү үчүн, ага Падышачылык жөнүндөгү негизги түшүнүктү жеткирүү үчүн, бир эле жолу эмес, бир нече сеанс керек экендигин билчүмүн. Мен иштеши керек деген түшүнүктөгү концепция, менин методисттик жыйында тарбияланган тажрыйбамдан улам келип чыккан. Мен жаш кезде бизде жума сайын кечки ойгонуулар болуп турчу. Ошондуктан, мен бир жума бою каржылык ойгонууну кыялданчумун. Мен ал беш жолку кечке созулат деп ойлогом. Мен буга чейин Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө мындай форматта окуткан эмесмин жана аны уюштура аламбы деп ойлончумун. Ошол эле учурда, мен катары менен өткөрүлө турган бул беш сабактын угармандарга тийгизген

таасири жөнүндө кызыктым. Ушундай сеанс үчүн сыйына баштадым жана Кудайдан мага ушундай мүмкүнчүлүк беришин сурандым. Менин өтүнүчүм, Падышачылык жөнүндө биринчи жолу угуп жаткан адамдардын тобуна айтып берүүгө негизделген эле.

Бир күнү күндүзү мен Албанияда миссионер болуп жүргөн досума жолугуп калдым. Биздин маегибиз жыйындын жана кызматтын көптөгөн аспектилерин козгоду, акырында сүйлөшүүбүз Кудай мага көрсөтүп жаткан нерсеге жетти. Ларри ошол жылдын күзүндө Албанияда өзүнүн жылдык жалпы улуттук миссионердик конференциясын өткөрүп жаткан жана мени баяндамачылардын бири болууга чакырган. Мен ага беш сеанс жасагым келгенин айткан эмесмин, бирок, ал жерде үч сеанс жасай аларымды айтканда сүйүндүм. Мен өзүм үчүн эле эмес, келүүнү каалаган көптөгөн пасторлор үчүн жол кире төлөшүм керек экенин айтты, анткени ал кезде Албания абдан жакыр өлкө болчу. Мен макул болуп, 2005-жылдын күзүндө Албанияга келүүнү пландаштыргам.

Акыры сапардын учуру келди жана мен машайакчы болуу эмнени билдирерин, жаңыдан гана үйрөнө баштаган адамдардын тобуна, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө үйрөтө алганыма абдан кубандым. Мен Албанияга келгенде, Ларри мени аэропорттон тосуп алып, анын спикерлеринин бири жокко чыгарылганын, эми мен беш сессия өткөрүшүм керектигин айтты. Мен муну Ыйык Рухтан башка эч ким уюштура албастыгын билдим! Менде үч жолку сессия үчүн жазууларым бар болчу, бирок, бат эле сыйынып, дагы эки сессия жаздым. Эл кандай кабыл алат деп, бир аз корктум. Анткени, алар өтө эле жакырчылыкта жашап жатышкан, өлкө коррупциянын сазына батып калган эле.

Биринчи сессияда алардын бир аз олку-солку болгонун, бирок мен үйрөткөн нерселеримди тастыктаган окуяларды айтып жатып, Кудай мага үйрөткөн нерселерди үйрөтүүнү улантканымда, адамдар ого бетер кубанып, шыктана башташканын көрдүм. Төртүнчү сессияда алар күлүшүп, уккандарына ушунчалык сүйүнүп, кээ бирөөлөрү кыйкырып жатышты. Кызык, бешинчи сессияда Теңир мага курмандыктарды кабыл алууну айтып жатканын сездим. Мен

«кызык» деп айтам, анткени бул адамдардын көбүнүн бул жерде болушу үчүн мен өзүм төлөгөм жана алардын каражаты тартыш экенин же такыр эле жок экендигин билет элем. Бирок, ойлонуп атып, адамдар уккандарына жараша иш кылышы керек экенине түшүндүм. Ошентсе да, мен бул тууралуу Ларриге айтуудан бир аз кооптонуп турдум, бирок, ал кайрымдуулук кылуу идеясын дароо жактырды. Албетте, курмандыкты өзүм үчүн садага кылганга чогулткан жокмун; алар албан жыйындарынын жыргалчылыгы үчүн, Албанияда калууга тийиш эле.

Акыркы сессия келди жана мен үйрөткөн принциптердин айрымдарын түшүндүрүп-чечмелеп, өз ишенимин кантип бошотууну үйрөттүм. Кызматтын аягында кайрымдуулуктарды кабыл алып жатканымда, кырдаал таптакыр эле көзөмөлдөн чыгып кетти. Кудайдын майлоосу залды толтурганда, адамдар кыйкырып, бийлей башташты. Бизде төрт киши алды жакта себет көтөрүп турушкан эле, алар буттарын араң эле кармап турушту. Эл курмандыктарын алып келгенде, алар Кудайдын алдында ыйлап, титиреп жатышты. Айрыкча, кайрымдуулук жагынан мындай жолугушууну көргөн эмесмин!

Ларри экөөбүз жыйналыштан чыгып баратканда, биз майлоонун күчтүүлүгүнө жана элдин жообуна таң калганыбыз жөнүндө сүйлөштүк. Биз Ларринин үйүнө келгенде, ал акчаны санап көргүсү келди, анткени ал буга чейин кайрымдуулуктан эч качан эки баштыкка толгон акча чогулткан эмес. Анын айтымында, мурда ал кайрымдуулуктун кабыл алынарын жарыялаганда, баштыктын төрттөн бир бөлүгү чогултулган. Ларри баштыктагыларды конок бөлмөсүндөгү үстөлдүн үстүнө төгүп жатканда, күтүлбөгөн жерден бөлмөнү көгүлтүр жарык толтуруп, мен буга чейин эч качан сезбегендей майлоо каптады. Колубуздан эч нерсе келбей, кайрадан өз ордубузга отурууга аргасыз болдук. Маңдайыбыздагы үстөлдүн үстүндөгү үйүлгөн акчаны карап отуруп, анын ортосунда бир эркек кишинин нике шакегин байкадым. Бул шакекти акчасы жок бирөө белек кылганын билчүмүн, бирок ал колунда болгондун баарын берди. Мен шакекти көргөндө, Теңир мага сүйлөдү.

«Мен силерди дүйнө элдерине Менин каржылык бата келишимимди үйрөтүүгө чакырам жана Мен сени кайда жиберсем, анын акысын Өзүм төлөйм.»

Мен чачырап кеттим. Үч күн уктай албадым. Бул майлоо бир нече жума бою мени менен калды. Эгерде мен башка өлкөдөн келген адам менен жолугушсам, бул майлоону кайрадан сезип жаттым. Тартуулар Албан жыйындары үчүн калганы менен, үйгө кайтып келгенимден кийин, Ларри мага телефон чалып, Теңир мен үчүн шакек жөнөтүүнү буйруганын айтты. Бул мени калтыратты. Ларриге бул шакекти алгысы келгендигим тууралуу эч нерсе айтпасам да, ал бул тууралуу Кудайдан угуп, мага жөнөттү. Мен бул шакекти Теңирдин мага айтканын эстеп туруу үчүн сактап койгум келди, ал бүгүн да менин дубалымда илинип турат.

Мен Огайого, үйгө кайтып келгенде, Ларринин досу, Юта штатындагы кичинекей жыйындын пастору Албанияда болуп өткөн окуяны угуп, эгер мүмкүн болсо, аларга да келүүнү суранды. Ал индиялык резервацияда пастор эле жана ал жердегилер абдан жакыр экенин айтты. Ал өзүнүн жыйынында болгону 60ка жакын адам бар экенин айтты, бирок мен ага ал мааниге ээ эмес экендигин, баары бир, мен келе турганымды айттым.

Ал жерде мен Албаниядагыдай эле беш сеанс жасадым. Мен ал жерде көгүлтүр жарыкты көргөн жокмун, бирок майлоо кайра эле абдан күчтүү болду.

Бул учурда, тартуу менин өзүмдүн кызматым үчүн болчу, ошондуктан мен акча салынган сумкамды сыдырып, аны Огайого кайра алып келдим. Кеңсеге келип сумканы катчыма бердим, ал акчаны санап, эсебиме салды, андан кийин түшкү тамакка кеттим. Түшкү тамактануу маалында уюлдук телефонум шыңгырап калды, анда менин катчымдын номери жарк этип көрүнүп калды. Телефонду алдым, бирок линиядан эч кимди уга алган жокмун. Жаңы эле трубканы коюп коёюн деп турганымда, бирөөнүн ыйлаганын угуп калдым.

- Трейси? - дедим мен.

Трейси эмоциясын кармоого аракеттенип, жооп берди:

- Пастор, - деди ал, - Ютада бул акча менен эмне болду эле?

Эмнени айтып жатасың? Акча эмне болду деп сурап жатасыңбы?

- Түшүнүп атасыңарбы, – деди ал, – сумкамды ачып, акчаны санаш үчүн үстөлдүн үстүнө төккөндө, күтүлбөгөн жерден Кудайдын майлоосу мага ушунчалык күч менен түшүп, жерге кулап түштүм. Башка катчы ызы-чууну угуп, эмне болуп жатканын көрүш үчүн кабинетинен чыгып келет, анан ага да Кудайдын кудурети так ошондой болуп тийген! Акчага эмне болгон, пастор?

Мен ага Юта штатында эмне болгонун жана курмандыктарды чогултуп жатканда ал жерде кандай күчтүү майлоону сезгенимди айттым, бирок, андан башка эч нерсе болгон жок. Моюнга алышым керек, болуп жаткан окуялар мени абдан кызыктырды, анткени, мен буга чейин мындайды уккан да, көргөн да эмесмин. Мен ага түшүнбөсөм да, чогулуштагы майлоо ошол акчаларда болгондугу көрүнүп турду! Чын эле!

Биз «Каржылык өзгөрүш конференциялары» деп атаган конференцияларды өлкөнүн бардык жеринде, чоң-кичине жыйындарда өткөрө баштадык, кайсы жерде бизди уккусу келишсе, ошол жерде өткөрө баштадык. Көгүлтүр жарык бизге кээде гана көрүнгөнүнө карабастан, ал майлоо дайыма ушунчалык күчтүү болчу. Албаниядагыдай эле, Ютадагы индиялык жыйын курмандыктарында да, майлоонун калдыктары ошол тартуунун өзүндө болгон. Мен чогулуштан жана курмандыктарды санагандан кийин, бул тартуудан колуңарга бир эле тыйын алып, Ыйык Рухтун таасири астында титирей баштасаңар болорун байкадым. Биз байкаган дагы бир кызыктуу жагдай, банкноттор же чектер ар түрдүү болгон. Баары эле бирдей майланган эмес. Кийинчерээк мен бул курмандыкты бошоткон адамдын ишениминин күчүнөн көз каранды экенин билдим. Укмуштуудай!

Беш китептен турган “Сенин каржылык төңкөрүшүң” сериясы Албаниядагы биринчи жолугушууда болгон беш сессияны

камтыйт. Китептердин мазмуну, албетте, биринчи конференцияга салыштырмалуу бир аз кеңейтилген. Силер Дренда экөөбүзгө окшоп, Падышачылыкты изилдей баштаганыңарда, биз менен болгон сыяктуу, ал бардыгына болгон көз карашыңарды өзгөртөт деп ишенем. Бул китеп, сериянын үчүнчүсү, алгач мен Албанияда окутканымда ал, "Ыйык Рухтан келген байлык" деп аталган. Мен бул сөздүн бүгүнкү күндө да чындык экенине ишенем. Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган бул стратегиялар силерди гүлдөп-өсүүгө алып барат. Бул китеп аркылуу силер Ыйык Рухтун бул стратегияларды ишке ашыруу үчүн, жердеги чөйрөдө кандай иштээрин үйрөнөсүңөр деп үмүттөнөм.

1-бөлүм

# СЕН БИЗДЕН ЭМНЕНИ КААЛАЙСЫҢ?

Албаниядан мекениме жаңы келгенде, мен түшүнбөй калдым. Теңир биздин жашообузда эмне кылганын жана андан кийин мени элдерге аны кантип алып барышымды айтканын түшүнүү кыйын болду. Элдерге? Мен, биз үйлөнгөндөн кийин Дрендага эч качан саякат кылбайм деп айткан элем. Ал эми, башка өлкөлөргө миссияга барам деп эч качан кыялданган да эмесмин. Бирок, албетте, Кудайдын башка пландары бар болчу. Мага элдерге кайрылууга туура келип турду, бирок кантип? Менин Америка Кошмо Штаттарынын көпчүлүк бөлүгүн камтыган бизнесим бар болчу, башкара турган жыйыным, кам көрө турган үй-бүлөм жана башка көптөгөн жоопкерчиликтерим бар болчу. Мен башка элдерге баарын кантип айта алаарымды түшүнбөй жаттым. Бирок, Кудайдын менден саякаттоону талап кылбаган, мен эч качан ойлобогон, ойлогум да келбеген планы бар болчу - телевидение.

Дренда экөөбүз сыналгы боюнча таптакыр түшүнүгүбүз жок болчу. Ал убакта биз кызматыбызды видеого да тарткан эмеспиз. Бирок, Кудай бизге эмне болорун жана аны кантип ишке ашырууну көрсөтө баштады, биз телевидениеге тартыла баштадык. Биринчи эле билгеним, телевизорго акча керек, көп акча керек экен. Баарын эсептегенде, телевидениедеги биринчи жыл үчүн 300 000 доллардай

керектелет экен. Моюнга алышым керек, мен анын ушунчалык кымбат экенине бир аз таң калдым. Негизги көйгөй ошол эле, жыйын каржылык жактан жарга такалып тургандай кырдаалда эле, анткени биз миссиябыздын шаарчасы болгон "Азыр" деген борборду куруп жатканбыз жана телекөрсөтүү үчүн төлөй турган кошумча акчабыз жок болчу. Ошондуктан, мен Теңирге теледолбоор үчүн азыр акча жок экенин айттым. Ал мени менен макул болуп: «Туура, ошондуктан мунун акысын Дренда экөөңөр төлөйсүңөр!» — деп айтканы эсимде.

Айрыкча, алты-жети миллион долларга тура турган жыйынды куруу долбоору кызуу жүрүп жатканын эске алганда, биз бир аз чөгүп кеттик деп айтсам да болот. Ишенип койгула, "Now Center" ("Азыр Борбору") долбоорунун өзү ишенимге негизделген чоң башталыш болгон жана келген бардык ресурстарды жалмап салган эле. Мындан сырткары, Дренда экөөбүз долбоорго 250 000 доллар убада кылганбыз, ал убакта бул акчанын баары келе элек болчу. Мунун баарына ошол эле жылы төлөнүшү керек болгон дагы 300 000 долларды кошуу мүмкүн эместей көрүндү.

**МЕН КУДАЙДЫН ӨЗ СӨЗҮНӨ ИШЕНИМДҮҮ ЭКЕНИН БИЛЧҮМҮН ЖАНА МАГА ЭМНЕ КЫЛУУНУ КӨРСӨТҮП БЕРЕТ ДЕП АГА ИШЕНИП, ИШЕНИМ КАДАМДАРЫН ЖАСАШЫМ КЕРЕК БОЛЧУ.**

Менин сапарда жүргөнүм Теңирден экенин билчүмүн жана кайда жиберсе да, Анын мага бардык нерсе үчүн акча берем деген убадасы дагы эле ичимде жаңырып турду. Бирок, мен кайсы тарабынан карасам да, калган нерселерибизге кошуп, Дренда экөөбүз эми 300 000 долларды төлөп берүү үчүн кадам таштышыбыз керек экенин түшүнө албадым.

Мен бул чечимге ишенгенимди жана кабатырланбаганымды айткым келет, бирок бул андай эмес эле. Жыйын алган ар бир тыйынын ошол имаратты куруу үчүн курулушка жумшаган. Менин жеке акчамдын баары мен инвестициялоого убада кылган 250 000 долларды төлөөгө жумшалды; менин бизнесимдин башка көптөгөн

тармактары да ошол жылы каржылоого муктаж болчу. Бизде теледолбоорду ишке киргизүү үчүн 300 000 доллар жок болчу!

Дренда экөөбүз Гавайиде эки жумалык эс алууну пландаштырганбыз жана үйгө кайтып келгенден кийин телевидениеде иштөөнү баштоо үчүн келишим түзүшүм керек болчу. Мен, албетте, Гавайиден ырахат алчумун, бирок чынын айтсам, толугу менен эс алуу кыйынга турду, анткени, үйгө кайтып келгенден кийин кабыла турган чечимдин жүгүн башымдан алып таштоо кыйын болду. Теледолбоордун акча жагын эске албаганда да, мен телекөрсөтүү иштерине таптакыр даяр эмес элем, анткени, камерадан көрүнүүдө да өзүмдү абдан ыңгайсыз сездим. Мен миңдеген адамдар менен жолугушууда сүйлөшө алмакмын, бирок телекамера алдында, жөн эле дүрбөлөңгө түштүм. Мунун баары башымда жана рухумда болуп жаткан учурда, мен бул чечимди кабыл алуу алдындагы коркунуч менен күрөшүп жаттым.

Теңирди толугу менен укканымды билип турсам да, мен дагы эле акча жок экендиги жөнүндөгү чындыктын алдында турдум. Ансыз деле каржылык жактан бир жыл бою бизнесте белимди бекем бууп тургандыктан, бул кантип мүмкүн экенин түшүнө алган жокмун. Ооба, бул коркуу, ооба, бул ишенбестик. Мен муну билем. Болгону, бар нерсени гана айтып жатам. Мен Сөзгө бекем карманып, ар нерседен баш тартып, ошол шакекти карай беришим керектигин билчүмүн. Ал төлөйм деген! Ушул учурда биздин курмандык чогултуу иш-чараларынын биринде алтын тыйын алынып келинди. Чынын айтсам, мен муну колума алганга чейин алтын тыйындарды көргөн эмесмин. Мен аны кармап турганымда, Теңир мага сүйлөдү. «Мен Петирге салык төлөө үчүн тыйын кайда экенин көрсөткөндөй эле, телекөрсөтүү үчүн акчаны кайдан табуу керектигин да сага Мен көрсөтөм».

Мен бул алтын тыйынды Гавайидеги эс алуума кошо ала барып, пляжды бойлоп басып, Кудай телевидениеге кам көрөрүн эстеп, колумдагы тыйынды кармап алып сыйындым. Менин пляжда болгон сыйынуу сапарларым адатта ушуга окшош болчу. Бир аз убакыт Рухта

сыйынгандан кийин, мен келишимге кол коюудан тынчсызданып, кайра үйгө бурулдум, бирок дөбө менен 10-15 метрдей басып өткөндө, менин оюм кайра эле акча табуу жөнүндө бизде реалдуу мүмкүнчүлүк жок деп кыйкыра баштады. Чынында, акчабыз жок болчу, теледолбоор жасаганды билчү эмеспиз, техникабыз да жок болчу, мындай тизме улана берет. Бирок, Теңирдин Албанияда мага айткан сөздөрү менин жүрөгүмдө дагы эле угулуп турду: Ал мени кайда жиберсе да, ошонун акысын төлөйт. Мунун баары май айында болду жана мен аны ишке ашыруу үчүн, жылдын аягына чейин 300 000 доллар табышым керек болчу, бул ишти кыйындаткан.

Кайрадан мага коркуу руху келип, Кудайдын мага айткандарын карманууга карата  чечкиндүүлүгүмдү сынап сүйлөп жатты. «Сен каржылык тазалыкты үйрөтөсүң, эсептериңди төлөй албай калганың кандай болот?» Анан мен артыма кайрылып, жээкке кайра басып, сыйынып, тынчтык тапканга чейин Кудайдын Сөзү менен акылымды жаңыртып жаттым.  Бул келишимдин “жакшы” жана “жаман” жактарын акыл таразасына салып, баары жакшы болорун түшүнгөнгө чейин болжол менен бир жума бою ары-бери кыдырып жүрдүм, анан түшүнгөндөн кийин коркуу мени терс ойлор менен кыйнабай калды. Дренда экөөбүздө акча кайдан келери жөнүндө түшүнүгүбүз да жок болчу, бирок биз Кудайды укканыбызды билдик. Ошондуктан, үйгө келгенде келишим түздүм да, телевидение кандай иштээрин билүү үчүн жөнөдүк.

Теңдеменин акча жагына келсек, таң калыштуусу, Гавайиге пландаштырылган эс алуумдан бир нече ай мурун мага Атлантадан белгисиз адам телефон чалды. Ал менин каржы боюнча китебимди көрүп, жактырып калганын айтты. Ал кезде китебим өзүнчө эле бир басмадан чыгып, өз шаарымдан башка эч жерде сатылчу эмес. Бирок, менин кызматкерлеримдин бири Атлантага эс алууга жөнөп, аэропорттон кокустан жолуккан бир адам менен эмне кылып жүргөнү тууралуу сүйлөшүп баштаган окшойт. Кесиптешимдин жанында менин китебим болуп калгандыктан, ал тигил адамга берип коёт.

Акырында, ал киши китепти окуганын айтып, аны ушунчалык

кызыктыргандыктан, мени менен сүйлөшүүнү туура көрөт. Экөөбүз көпкө маек куруп калдык, анан ал көбүнчө чет өлкөлөрдө иштеген кыдыруучу евангелист экенин айтты. Ал биз качандыр бир убакта жолугабызбы деп сурады, анан мен өргүүдөн (отпускадан) кийинки жолугушууга бараткaнда, бир айдан кийин Атланта аэропортунда болом дедим. Биз жолугууга макулдаштык. Акыр-аягында биз жолукканыбызда сонун баарлашып калдык. Мен анын саякаттарында көп кездешчү кереметтери жана коркунучтары тууралуу бардык аңгемелерин укканды жактырдым. Бирок, биз чындап эле каржы темасында ынак болуп калдык. Ал менин китебиме жана менин карыздан кутулуудагы окуяма кызыгып калды окшойт.

Сүйлөшкөнүбүздө ал киши Шарлоттадан жаңы эле кайтып келгенин, ал жердеги телеберүүгө конок болгонун айтып, менин каржылык окуям ошол шоу үчүн эң сонун окуя болот деп ойлогонун айтты. Аларга менин китебимди берип, мен жөнүндө айтып берери жөнүндө айтты. Мунун баарына мен бир аз шок болдум.

Мен ал айткан телеберүү жөнүндө уккан да эмесмин, бирок, чындыгында эле бир нече жумадан кийин мага программанын жетекчиси чалып, шоуга катышкым келеби деп сурады. Шоуга катышуу үчүн коюлган талаптардын бири - алар эфирде сунуш кыла ала турган продукция болушу керек болчу. Ошондуктан, мен аларга «Каржылык төңкөрүш» курсу боюнча беш компакт-диск бар экенин айттым. Алар эң сонун дешти, анан биз дисктердин топтомунун баасын макулдаштык. Албетте, мен аларга комплектти дүң баада бердим, бирок, ошол баада да кирешенин бир бөлүгүн кызмат үчүн калтыра алдык. Шоу таң калыштуу ийгиликтүү өттү жана биз миң-миңдеген компакт-дисктерди, миңдеген ушундай комплекттерди саттык. Мына ушунун өзү эле, келишимге кол коюу учурунда мен эч нерсе билбеген булактан биздин телебюджетибизге миңдеген акчаларды алып келди.

Андан кийин дагы бир таң калыштуу нерсе: биздин жыйындан, каржылык жактан кыйналып келген бир киши мага кайрылып, телеберүүнү каржылоого жардам берүүгө болгон каалоосун

билдирди. Ал Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү насааттарда уккандарын иш жүзүндө колдонгон жана мындан ары жакыр болбой калган. Ал мага биздин телекөрсөтүүдөгү кызматыбыз үчүн 120 000 доллар берди!

Бул компакт-диск комплекттерин сатуу менен, менин жыйындагы досумдун тартуусу жана башка тартуулар келип түшкөндүктөн, Дренда экөөбүзгө телекөрсөтүүдөгү биринчи жылыбызда, өзүбүздүн акчабыздан бир да цент жумшоонун кереги жок болчу! Кудай Өз сөзүнө ишенимдүү болгон. Ал муну төлөп берем деген жана төлөп берди. Макул, маселенин жарымы чечилди, бирок менде чече турган дагы башка маселе бар болчу, ал андан кем эмес олуттуу маселе болчу. Буга чейин айтып өткөндөй эле, мен телевидение жөнүндө эч нерсе билчү эмесмин!

Ошол күздө Дренда машайакчы аялдардын чоң конференциясына катышып, жолугушуулардын ортосунда аны коноктор чогулган залга чакырышкан. Дренда үчүн чакыруу алуу - чоң сыймык болуп жана ал сүйүнгөн бойдон барган. Жолугушуулардын биринен кийин, кечки тамакка отурганда жанына мурда такыр көрбөгөн аял отурду. Саламдашып, бир аз сүйлөшкөндөн кийин аял капысынан минтип сурады:

- Ошондо, сиз буга чейин телевидение менен алектенип жүргөнсүзбү?

Дренда бир аз дендароо болуп, бирок жооп берди:

Жок, бирок биз бул жөнүндө ойлонуп жатабыз.

Анан ал аял:

- Мейли, эгер ойлонуп бүтсөңөр, бул жигитке чалсаңар, ал силерге жардам берет.

Дренда аял берген номерди жана электрондук почтаны жазып, кагазды капчыгына салып коёт.

Ал бир-эки жумадан бери үйдө болгон жана капчыгына салган кагазды унутуп калган. Бирок, бир күнү кечинде аны таап алгандан

кийин, ал эмне деп жооп берерин билүү үчүн, ал жигитке кат жазууну чечет. Ал кызыгып, ага менин “Каржылык төңкөрүш” деген комплектимди жөнөтүүнү суранды, биз аны жөнөттүк. Бир жумадай убакыт өткөндөн кийин анын жардамчысы кайра чалып, бул мырза ага абдан кызыгып жатканын жана бир-эки жумадан кийин боло турган улуттук диний телерадиоберүүчүлөрдүн жылдык конференциясында жолугууну каалап жатканын айтты. Биз ага келүүгө убада бердик.

Дренда экөөбүз жыйынга барып, жолугушуунун алдында бир аз толкундандык. Мен өзгөчө жаңы кара костюм сатып алдым жана чынында эле эмнени күтөөрүмдү билбей калдым. Ал бизден теледолбоорду талкуулоо үчүн өзүнүн мейманканасынын бөлмөсүндө жолугууну өтүндү. Эсимде, биз номерге көтөрүлгөнүбүздө, бөлмөнүн эшигин тыкылдатканга чейин, бир аз тынчтаныш үчүн, алгач коридордо бир нече жолу ары-бери басып жүргөнбүз. Бөлмөгө кирип, биз менен сүйлөшүү үчүн күтүп турган адамдардын бүтүндөй тобун көрүп таң калдык. Отургучтар жарым тегерек болуп тизилип туруптур, анан биз Дренда экөөбүз отургучтарды карап отурдук. Биз алардын эч кимиси менен мурда жолуккан эмеспиз, бардыгы расмий түрдө кийинишкен.

Биз кичине сөз баштадык, бирок, анан алар биздин телеге болгон каалообуз тууралуу суроолорду бере башташты. Биринчи суроо дагы деле эсимде:

-Эмне үчүн сиздер телевидение менен алектенүүнү каалайсыздар?

Ал кезде мен бөлмөдө отургандар телевидение өндүрүшүнүн ар кандай аспектилерин чагылдырган жогорку деңгээлдеги жетекчилер экенин билген эмесмин. Ал жакта биз менен баарлашкан адам бар эле, бирок өндүрүштө, маркетингде иштегендер дагы, башка тармактагылар да татаал суроолорду берип жатышты. Жалпысынан алганда, менин оюмча, жолугушуу абдан жакшы өттү. Биз өзүбүз жөн эле, эч кимди таасирлентүү үчүн эмес, жөн гана Кудайдын биз үчүн эмне кылганы тууралуу таржымалдарыбыз менен бөлүшүп жаттык.

Алардын бардыгы биздин көз карашыбызды жана ынтаалуулугубузду жактырышты жана бир нече жумадан кийин чоо-жайын талкуулоо үчүн кайра чалабыз дешти.

Бир-эки жумадан кийин биз дагы сүйлөштүк, анан бул жолу бардыгы телеберүүнү пландоого өтүүнү чечишти. Ошол учурда биз шоуну үйүбүздө тартып алсак болот деген жыйынтыкка келдик. Ошондуктан, Дренда менен байланышкан мырза кийинки жолугушууну биздин үйдө уюштурсак болобу деп сурады. Ал чындап эле бул мүмкүнбү деп биздин үйдү көргүсү келди.

Анан биздин үйгө чогулаар күн да келди, баарыбыз сүйлөшүп отурдук. Бул сапарга чейин мен телевизордогу анын тарыхы тууралуу дээрлик эч нерсе билчү эмесмин, болгону Дренда катышкан жолугушууда бир аял ага телефон номерин берген. Бирок, биз жайланышкандан кийин ал өзү чыгарган жана азыр жасап жаткан телеберүүлөрдүн баарын айта баштады. Бардык ысымдар белгилүү болчу! Мен аярлай, тандана отуруп калдым: «Кудай, бул жигитти Лос-Анжелестен менин үйүмө ушунчалык алыс жердеги кичинекей топурак жолдо кантип алып келдиң?» Ал бүтүндөй шоуну биз үчүн жасап, аны тасмага тартып, монтаждап, абдан ылайыктуу баага чыгарууга макул болду. Үйүбүздө, конок бөлмөдө тартып баштайлы деп да макулдаштык.

Съёмкалардын биринчи күнү келди, мойнума алам, толкундандым. Мен буга чейин айтып өткөндөй, телевидениеде иштегенге тажрыйбам жок болчу да. Мен телеберүү кантип түзүлүшү керек экенин билчү эмесмин, мурда камерага сүйлөгөн эмесмин; баары жаңы болчу. Мен Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө өзүмдүн таржымалымды айтып бере алганыма абдан сүйүндүм, бирок, телевизор менин жашоомдогу жеңип өтүүгө туура келген дагы бир коркунучтуу тоскоолдук болчу.

Андан да жаманы, тасма тартылып жаткан күнү жүрөк өйүгөн бир окуя болду, бул ал күндү ого бетер драмалаштырды. Бир жумага созулган съёмкага жөнөтүлгөн продюссер түн жарымында кетип

калган. Каргашалуу кырсыкка кабылып, анын кичинекей уулун кошунасынын артка түскөрүлүп бараткан машинасы коюп кетип, бала мүрт кеткен.

**“КИМ КЫЙНАЛЫП ЖАТСА, АЛ СЫЙЫНСЫН”**

**– ЖАКЫП 5:13**

Ал жерде болгон жардамчы эмне болгонун айтып берди, анан тасма аягына чейин тартылып бүтмөйүнчө, бул тууралуу эч кимге айтпай турууну чечтик. Кандайдыр бир түрдө биз аны жеңип өттүк. Ошол күнү үч программаны жаздырып, расмий түрдө телеге чыктык. Мына сага!

Биз эфирге чыга баштаганда келечекте эфирдик убакытты кантип төлөй турганыбызды элестете алган жокпуз. Бирок, Кудай бизге уктурууну баштоо үчүн зарыл болгон 300 000 долларды берип эле койбостон, эфирдик убакыт үчүн дагы төлөй берерин үйрөтө баштады. Биз үйрөнө турган көп нерсебиз бар болчу. Билесиңерби, биздин телекөрсөтүү кызматына эл акча салгысы келет деп ойлогон да эмеспиз, ушунчалык боёо болгон экенбиз.

Биздин көрсөтүү эфирге чыга баштагандан көп өтпөй кеңседен менин катчым Трейси телефон чалганын эстейм.

Телефонду көтөргөндө анын толкунданып турганын сездим. Анын үнү титиреп турду.

- Пастор,- деди ал, - шоуну көргөн бирөө бизге 500 долларга чек жөнөттү. Анан, пастор, мен аны алганымда, чекте Индиянын резервациясынан алып келген акчалардын үстүндө болгон майлоодой  эле майлангандыкты сездим.

- Сен чын эле айтып жатасыңбы? — деп кобурадым. - Кимдир бирөө чындап эле бизге акча жибердиби?

Бул чек пайда болмоюнча, адамдар көрсөтүүнү колдоп, акча жөнөтөт деген оюма да келген эмес. Бирок, Кудайга шүгүр, ошондон бери адамдар акча жөнөтүүнү улантып келишет жана азыр программа күн сайын дүйнө жүзү боюнча бардык убакыт алкактарында чыгарылат! Эсептер жылына миллиондогон суммага

чейин өстү, бирок, Кудай мага берген сөзүн дайыма аткарат. Ал дайыма эсептерди төлөйт.

Бул китеп Кудайдын Рухун угуу жана анын жашооңордо жетекчилик кылышына жол берүү жөнүндө. Биздин теле таржымалыбыз - Ыйык Рухтун адамдарды алар ойлогондон да чоң нерселерге алып барарынын жакшы мисалы. Кудай биздин жашообузда жасаган нерселердин бардыгы анын Падышачылыгы кандай иштээрин билүү жөндөмүбүз менен гана эмес, ошондой эле, Кудайдын бизге керектүү багытты көрсөтүп, акылмандыкты жана жоопторду берип жатканын угуу жөндөмүбүз менен да шартталган. Эгер Ыйык Рухту кантип угуш керек экенин билбесем, мен айтып өткөн окуя эч качан болмок эмес. Биз баарыбыз кээде үмүтсүз болуп көрүнгөн оор кырдаалдарга туш болобуз. Бирок, Кудайда жооп бар.

> *«Ким кыйналып жатса, ал сыйынсын...»*
>
> – Жакып 5:13

Эмне үчүн сыйынуу керек? Анткени, жоопту, багытты жана көйгөйдү чечүү жолун угуу керек. Дренда экөөбүз кайра-кайра ынангандай көйгөйгө туш болгондо, Кудай биз ойлогондон да көптү кыла алат. Ал силерге мүмкүн эместей көрүнгөн нерсени жеңүү үчүн уникалдуу, кээде кызыктай чечимдер жана стратегиялар менен жардам берет. Көп учурда сиздин жоопту угуу жөндөмүңүз ийгилик менен ийгиликсиздиктин, жашоо менен өлүмдүн ортосундагы айырмачылыктай болушу мүмкүн. Бул китепте мен Ыйык Рухтун үнүн угуу жөнүндө көп сөз кылам, бирок адегенде, силерге Ыйык Рух оор учурларда кантип жардам бере аларынан дагы бир мисал келтирип берейин.

“Азыр” борборун куруу боюнча 6,5 миллион долларлык долбоорду баштаганда, биз адегенде 2,5 миллион долларды накталай чогултуп, ошондой эле, банк эсептериндеги каражаттарды жарым-жартылай колдондук. Андан сырткары курулуш жүрүп жатканда 18 ай бою түшүп турган акчабыз бар болчу. 550 кишиден турган жыйын үчүн бул абдан масштабдуу долбоор болгон. Биз 2007-жылдын күзүндө борбордун

пайдубалын түптөгөнбүз жана 2008-жылдын жазына чейин баары сонун жүрүп жаткан. Балким, 2008-жылдагы экономикалык кризис эсиңерде болсо керек. Ошентип, биз курулушубуз менен анын эпицентринде болуп калдык. Бардык нерсенин баасы асмандап кетти! Болоттун баасы белгиленген баага караганда 300 000 доллардан жогору болуп кетти. Бул бир эле мисал. Ошол жылы материалдык каражаттын баасынын кескин көтөрүлүшүнө байланыштуу, бүткүл долбоор бюджеттик пландан ашып кетти.

2008-жылдын аяк ченинде биздин райондо жана бүткүл республика боюнча кризистин күчөшүнө байланыштуу банктар кредиттик линияларды жаап, кредиттерди төлөөнү талап кыла башташты. Бир күнү биздин подрядчыбыз биздин банкыбыз тарабынан алдын ала макулдашылган төлөм үчүн бизге келди. Ал буга чейин сарпталган акчанын ордун толтуруш керек болчу, субподрядчыларга жана башка төлөнбөгөн төлөмдөрдү төлөшү керек болчу. Миллион долларлык чек алдын ала макулдашылган банктык каржылоонун эсебинен жабылышы керек болчу, анткени, биз ага чейин бардык накталай акчаны короттук. Бирок, миллион долларга чек болгон эмес. Банк сунушунан баш тартып, кредиттик линияны кыскартканын укканда эстен тана жаздадык. Бул кайра эле биздин эле банк эмес, шаардагы бардык банктарда болгон. Биздин банк ошол жумада жергиликтүү гезиттин биринчи бетинде болчу. Ошол эле учурда алар 550 кызматкерди жумуштан бошотуп, каржылык кыйроого учураган учурда, жашоо үчүн күрөшүшкөн.

Дагы бир маселе, биздин подрядчыбыз өзүнүн субподрядчыларына акча төлөп, буга чейин колдонуп койгон материалдарды төлөп бериши керек болчу. Бул миллион долларлык чек келечектеги муктаждык үчүн болгон эмес. Ал буга чейин эле миллионду сарптап койгон эле! Эми башка компаниялар жана үй-бүлөлөр биздин подрядчыбыз аларга төлөшү үчүн, биздин төлөгөндөрүбүзгө муктаж болуп жатышкан. Ал да бизге окшоп, банк кандай болгон күндө да өз милдеттенмелерин аткарат деп ишенген. Эми эмне? Мындай кырдаалда эмне кылуу керек?

Менин колумда миллион доллар жок болчу жана мен биздин жыйындардан акча сурагым да келген жок. Ошондой эле, биз көптөгөн башка тармактарга кеңейтилгендиктен, телекөрсөтүү чыгымдары да өсүп жатты; азыр биздин эфир айына 50 000 доллар турат. Бизге Жакып 5:13тө айтылгандарды аткаруудан башка эмне калды? Сыйынуу керек!

Анан ушул учурда менин бизнесим аркылуу биз Гавайиге дагы бир жолдомо утуп алдык. Банктын кредитти кайтарып алганын мен кетээрден бир нече күн мурун гана билдим. Мойнума алам, Мауиге учкан рейсибизге жетүү үчүн, аэропортко шашып бараткынымда, мен дагы эле шоктон чыга элек болчумун. Менин ойлорум саатына миллион миль ылдамдыкта иштеп жатты. Бирок, мен өзүмдү аяйын деп, аэропорттон өтүп баратып, Теңирдин «Таягыңды көтөр!» деген үнүн уктум. Мен токтоп, Теңир мага эмнени айткысы келип жатканын ойлогондо, күтүлбөгөн жерден түшүндүм.

Ысрайылдыктар фараондун аскерлери Кызыл деңизге камап келгенде, бара турган жери жок болуп калганда, Кудай Мусага так ушунтип айткан. Кудай Мусага таягын деңиздин үстүнө көтөрүүнү буйруду жана ал аны көтөргөндө, деңиз экиге бөлүнүп, Израилге куткарууга жол ачылган. Мусанын таягы Кудайдын ага берген убадаларын, ошондой эле, өзүнүн тапшырмасын аткаруу үчүн, ага берилген бийликти чагылдырган.

Ошол учурда Кудайдын мага эмне деп жатканын билдим. Мен бул жыйындын башчысы, пастору болчумун; мага бул кырдаалды жөнгө салууга ыйгарым укук берилген. Мен өз бийлигимди пайдаланып, бекем болуп, чечим чыгарууга туура келди. Биз Гавайиге келгенде, болгону сыйына гана алдым. Мен уйкусуздуктан кыйналдым. Рухум дүрбөлөңгө түшүп жатты, мен каалаган жооп үчүн Рухта күрөшүп жатканымды билчүмүн. Акыры, Дрендада анын ою боюнча Теңирден деп ойлогон идея пайда болду. Келинчегим үчүн Кудайга шүгүр! Ал мага туура пландарды түзүүгө жана ар кандай кырдаалдарда багыт табууга көп жолу жардам берди. Ал мага канчалык кымбат экенин жана аны канчалык сүйгөнүмдү айтып бере албайм. Ал эч качан

багынбайт!

Анын планы жөнөкөй, бирок, негиздүү эле. Эч нерсе анын ийгиликтүү иштей турганын көрсөткөн жок, бирок, биз дароо ишке кириштик. План боюнча биздин банкка эмес, подрядчынын банкына жөнөтүү үчүн презентация даярдап, бизге карызга акча берүүсүн сурануу эле. Биздин презентация банкка биздин ким экенибизди жана эмне үчүн насыя эки тарапка тең пайдалуу болот деп ойлоорубузду көргөзүшү керек эле. Мүмкүнчүлүк аз болчу, анткени, мен айткандай, шаардагы бардык банктар кредит берүүнү толук кыскартышкан. Эгерде биздин подрядчыбызга акча төлөнбөсө, ал өзүн банкрот деп жарыялоого туура келип, азыркы банктан алган кредиттеринин баары коркунуч алдында калат деп ойлодук. Биз банкка бул кымбатка тураарын жана алар муну каалабай турганына ишенчүбүз. Эсиңиздерге сала кетейин, бул биздин банк эмес болчу жана алардын биз менен эч кандай мамилеси жана таржымалы болгон эмес. Ошондуктан, биз районубуздун демографиялык мүнөздөмөсүн жана өсүш темптерин толук чагылдырган схемаларды түздүк. Биз банкка өз таржымалыбызды айтып, күтүлгөн өсүштү көрсөттүк. Биз ошондой эле, биздин имаратыбыз жыйын кызматтарынан тышкары киреше алып келе турган көптөгөн жолдор жөнүндө айтып бердик, мисалы, телекөрсөтүүнүн кирешелери канчалык тез өсүп жаткандыгы жана алар үчүн кызыктуу болушу мүмкүн болгон көп нерсе жөнүндө айттык. Биз аларды ушул оор мезгилде да банк үчүн, пайдалуу оюндун өкүлү экенибизге ишендиргибиз келди. Ошондой эле, эгерде подрядчыга акча төлөнбөсө, “биз алардын качышына жардам бергибиз келген” нерседен да ажырап калууга дуушар болуп калыштары мүмкүн деген билдирүүнү аларга жеткиргибиз келди. Биз банктын коммерциялык насыялоо боюнча вице-президенти менен жолугушууну суранганбыз. Биз сыйынып, анын кабинетине кирдик, бул план бизге Ыйык Рух тарабынан берилгенин билип, арызыбызды бердик.

Таң калыштуусу, биздин презентациядан кийин вице-президент ошол жерден эле өзүнүн катчысынан биз өзүбүз менен кошо ала

кетүү үчүн жыйынга 500 000 долларга чек жазып берүүнү суранды. Ал стандарттык процедурадан тышкаркы экенин айтты, адатта мындай кылынбайт болчу.

Эч кандай кредиттик тобокелдик, эч кандай формалар жок болчу, жөн гана 500 000долларга жазылган чек. Ал калган 500 000 долларга кредиттик тобокелдикти баалоо керектигин жана баары жайында болооруна бизди ишендирди, анткени бул чечимди ал кабыл алып жатты эле жана бул нерсе ошондой эле болду. Биздин подрядчикке миллион доллар төлөп бердик жана курулушту аягына чыгардык.

Дренда экөөбүздүн чөнтөгүбүздө 500 000 доллар чек менен бир сааттык жолдо үйгө бараткаыбызды айтып берүү кыйын эле. Биз бакыттан башыбыз айланып жана өзүбүздү сонун сезип бараттык! Ошол учурда биздин сезимдерибизди туура сүрөттөп берүүгө эч кандай сөз жок эле, бирок биз жаңы эле Ыйык Рухтун кылгандарынан абайлап калдык. Биринчи эле чалган адамыбыз биздин подрядчыбыз болду. Биз ага сүйүнчүнү айтканыбызда анын үнүндөгү кубанычы азыр да кулагымда турат.

— Эмне, эмне кылдыңар? – деп сурады ал. – Алар силерге ошол эле жерден чек жазып коюштубу?

Бул Кудайдын  кылганы экенин баарыбыз билебиз.

Бул кантип болду? Ыйык Рух! Досум, Кудай сага керектүү суроолорго жооп берет. Эгер сен Кудайдын Падышачылыгынын укмуштуудай мүмкүнчүлүктөрүн колдонгуң келсе, анда Ыйык Рухту угууну үйрөнүшүң керек. Мына, бул китеп ошол жөнүндө.

Ыйык Рух менен бирге ар кандай кырдаалдар аркылуу жүрүү силер көргөн Джеймс Бонддун бардык тасмаларынан да алда канча кызыктуу! Анан да кинодогудай эле, канчалык чыңалуу учурлар болбосун, аягында ким жеңээрин силер билесиңер.

## 2-БӨЛҮМ

# ПАДЫШАЧЫЛЫК

Силер соттор тарабынан четке кагылган көптөгөн жеңил-желпи доо арыздарды укканыңарга ишенем. Мына, мисал.

Колорадо түрмөсүндө отурган адам Улуттук футбол лигасына каршы 88 миллиард доллардан ашык (ооба, миллиард) доо арыз менен кайрылган. Доо "Даллас Ковбойз" менен "Грин Бэй Пакерс" командаларынын плей-офф оюнунда калыстар тарабынан кабыл алынган чечимине байланыштуу болгон. Функционерлер Дез Брайант (Ковбойлор командасынан) кармаган топту эсептебөөнү чечишти. Абактагы адам буга макул болгон жок**. А**нын доо арызында **НФЛ** чиновниктери шалаакылык менен иш алып барып, өздөрүнүн ишеним милдеттерин бузду деп айтылат. Эмне үчүн туткун 88 миллиард долларлык доо арыз менен кайрылган? 88 – бул Брайанттын формасындагы номур эле.

Акылсыздык, туурабы? Менимче, бул сот иши уланбай турганын баары түшүнөт. Бирок, дооматтын негиздүү же туура эместигин кантип аныктоого болот? Мыйзам боюнча, law.com сайтына ылайык, соттун ишти кароодон баш тартуусунун эки негизги себеби бар - бул юрисдикция маселеси же мыйзамдуу негиздердин жоктугу. Эмне үчүн мен Ыйык Рух жөнүндөгү китепте юридикалык маселелерди козгоп жатам? Анткени, эгер силер өзүңөрдүн жагдайыңарда Ыйык Рухтун иштеп жатканын көргүңөр келсе, анда мыйзамда эмне деп айтылганын так билишиңер керек· Кудайдын Падышачылыгы–

бул Падышачылыктын мыйзамдуулугунун чегинде аракеттенип жаткан падышалыктан чоң да, кичине да эмес. **Ушул сериядагы менин мурдагы эки китебимде –** "Сенин каржылык **төңкөрүшүң. Макулдашуунун күчү" жана "Сенин каржылык төңкөрүшүң. Тынчтануунун күчү"** деген китептеримде мен Кудайдын Падышачылыгынын юрисдикцияга жана мыйзамга карата кандай иштээринин негизги принциптерин айтып бергем. Бирок, Ыйык Рух жөнүндө эмнени айткым келгенин түшүнүү үчүн, биз артка кайтып, жок дегенде бул принциптерди эстешибиз керек. Келгиле, викторинадан баштайлы.

> *"Ыйса болсо аларга: «Пайгамбарды өз жеринде, өзүнүн туугандарынын арасында, өз үйүндө гана сыйлабайт», – деди. Ыйса бул жерде кээ бир эле оорулуулардын үстүнө колун коюп, аларды айыктыргандан башка эч кандай керемет **көрсөткөн жок**. Элдин ишенбестигине таң калды. Анан тегеректеги айыл-кыштактарды кыдырып, элди окутту".*
>
> – Марк 6:4-6

Мага Ыйсанын бул үзүндүдөгү адамдарды эмне үчүн айыктыра албаганын айтып бере аласызбы? Дин, адатта, аларды айыктырбоо Кудайдын эрки болушу керек деп жооп берет. Кантсе да, Кудай жакшы билет, эгер ал аларды айыктырууну каалаласа, аны жасай алмак, туурабы? Ооба, Ал Кудай да. Силер ошондой эле, ал жерде айыктырууга муктаж, бирок, аны албай калган адамдар бар экенин айта аласыңарбы? Менимче, бул да тексттен ачык көрүнүп турат. "Эмне үчүн Ыйса адамдарды айыктыра алган жок?" деген суроого жооп алуу абдан маанилүү. Бул жоопту талап кылган суроо. Бул окуянын корутундусун окусак, Ыйса адамдардын айыгуусуна ишенимдин жоктугу тоскоол болгонун айтканын көрөбүз. Ыйсанын байкоолорун жана Анын адамдар эмне үчүн айыгып кетпегени жөнүндөгү корутундусун түшүнүү үчүн, биз ишеним эмне экенин

жана бул жерде мыйзамдуу юрисдикцияга ээ болушу үчүн, жердеги падышачылыкта эмне үчүн зарыл экенин жакшы түшүнүшүбүз керек.

Ушул көйгөйдү кыскача айта кетүүгө уруксаат эткиле. Бул Ыйсанын күчү же каалоосу болгон жок. Маселе юрисдикцияда болгон. Чындыгында, ал жагдайда, көпчүлүк адамдарга асмандын аракет кылышы үчүн эч кандай мыйзамдуу негиз жок болчу. Менин эмне жөнүндө айтып жатканымды түшүнбөйм деп, бул китепти маңдай тараптагы дубалга ыргытып жибererден мурун, баарын түшүндүрүп берүү үчүн, мага бир мүнөт бергиле. Адам ата менен Обо эне жаратылганда, алар жер үстүндө толук жана абсолюттук бийликке ээ болушкан. Төмөнкү үзүндү менин ырастоомдун ачык далили деп эсептейм:

> *«Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң. Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң. Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң». Бардыгын Ага багындырып бердиң,* ***Ага багындырылбаган нерсе калган жок,*** *бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз».*
>
> – Эврейлер 2:7, 8

Байкасаңар, Ыйык Китепте Адам атанын даңк жана ар-намыстан таажы кийгени айтылат. «Таажылуу» деген сөз бул жерде Адам атанын Эйден багында таажы кийгендигин эмес, башкарган бийлик тактысын билдирет. Бирок, биз анын айланасында нур же шакекче сымал жарык болушу мүмкүн деп болжолдосок да болот. Адам ата даңкка (Падышачылыктын майлануусуна жана улуулугуна) жана Кудайдын Падышачылыгынын урматына (бийликке курчалган абалга) ээ болгон. Ушул эки жагдайды эске алганда, ал Кудайдын Падышачылыгынын атынан берилген бийлик менен жер үстүнөн башкарган. Адам жаратылып жатканда эле жерде болгон шайтан адамды жек көрүп, анын бийлигине көз арткан. Адам атадан бийлик

таажысын жөн эле ала албастыгын шайтан билген. Анткени, Адам анын үстүнөн толук бийликке ээ болгондуктан, аны алдап, таажыдан (ыйгарым укуктуу бийликтен) өз ыктыяры менен баш тартууга аргасыз кылган.

Ошентип, шайтан Обо энени алдап, Адам ата анын артынан ээрчип, Теңирге каршы чыгып, өзүлөрүнүн Кудайдын Падышачылыгындагы ээлеген ордун жоготушкан. Шайтанды ээрчип, алар анын падышачылыгынын карамагына өтүшкөн. Силер: «Эмне үчүн Кудай Шайтанга Эйденге жол берген?» деп сурашыңар мүмкүн? Ооба, Ага ошондой кылууга туура келген. Мен билем, бул жооп силерди бир аз таң калтырышы мүмкүн, бирок, анын чын экенин көрөсүңөр. Келгиле, Башталыш 2:8, 9-аяттарды карап көрөлү.

*Кудай-Теңир чыгыштагы Эйденге бак отургузуп, ал жерге Өзү жараткан адамды жайгаштырды. Андан кийин Кудай-Теңир топурактан көрүнүшү жакшы, жегенге жарактуу ар кандай мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарды. Бактын ортосуна өмүр дарагын жана жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарак өстүрүп чыгарды.*

Бул үзүндүнү окуп жатып, Кудай эмне үчүн Эйдендин так ортосуна, өмүр дарагынын жанына жакшылык менен жамандыкты таанып-билүү дарагын отургузганына таң калышыбыз мүмкүн. Чындыгында, Кудай Шайтандын аймагына мыйзамдуу түрдө кол салышы үчүн, Ал адамга Ага же шайтанга кызмат кылууну тандоо мүмкүнчүлүгүн бериши керек болчу. Теңир мыйзамдуу түрдө шайтандын аймагына басып кирип, ал жерге адамды коё алган эмес. Баардыгы мыйзам чегинде болушу үчүн, адам кимге баш ийүүнү каалаарын өзү тандашы керек болчу. Адам өмүр дарагын, Кудайды тандап алып турган маалда, ал шайтанга үстөмдүк кылган. Мына ошондуктан, жакшылык менен жамандыкты таанытуучу даракты өмүр дарагынын жанына коюш керек болчу.

Бул жерде бир нерсени эскерте кетүү зарыл. Эркин эрк болмоюнча, адамды жер бетине жайгаштыруу мүмкүн эмес. Мен көптөгөн машайакчылардын Кудай Өзун кимдер сүйөрүн көрүшү үчүн, бизди эркин эрк менен жараткан деп айтышарын билем. Бул сөздө кандайдыр бир чындыктын үлүшү бар болсо керек. Бирок, чындыгында, тандоо эркиндиги болбосо, бул мыйзамсыз болмок. Эгерде адамга эркиндик берилбесе, анда аны бул жерге жайгаштырууга болмок эмес. Бул талкуунун алкагында мен дагы көп нерсени талкуулай алмакмын, бирок, мен буга чейинки эки китебимде бул тууралуу сөз кылгам. Ошентип, Адам шайтандын калпын тандап, Кудайдын Падышачылыгын жоготот жана Башталыш 3:17-19да Кудай адам менен беттешет:

> *...сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден* ***азап менен*** *азыктанасың. Жер сага тикенек, отоо чөп өстүрүп чыгарат. Талаа өсүмдүктөрү менен азыктанасың. Өзүң алынган жерге кайра барганыңча,* ***маңдай териң менен*** *нан таап жейсиң...*

Чындыгында, Кудай Адамга, жерди каргаган бул - Адам болгондугун айтып жатат. Адам ата жер үстүндө абсолюттук бийликке ээ болгондуктан, шайтандын бийлигине эшигин ачып, мындай айтканда Кудайды кууп чыккан. Эми Кудайдын колу байланып жана Адам ата маңдай тери менен, өз эмгеги менен, эптеп аман калат. Шайтан Обо энени азгырганда ага айтууну унутуп койгон бир кичинекей, майда бөлүкчө бар. Бул Кудай шайтанды эчак эле соттоп, бейиштен кууп чыгарып, анын түбөлүктүү жайын «тозок» деп жарыялагандыгы. Муну түшүнгөнүңүз абдан маанилүү. Көптөр: «Мээримдүү Кудай кантип адамдарды тозок деген жерге айдамак эле?» деп айтышат. Муну Ал кылган жок, Адам кылды. Төмөнкү үзүндүдөн көрүнүп тургандай, тозок эч качан адам үчүн жаратылган эмес.

> *«Анан сол жагындагыларга мындай дейт: “Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! **Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган** түбөлүк отко түшкүлө» (Мт. 25:41).*

Качан Адам менен Обо шайтандын бийлиги астында калганда, алар анын өкүмүнүн да астында калышкан. Бүткүл адамзат Адам ата аркылуу шайтандын көзөмөлүнө өткөн. Бодо мал кантип багылып жатканын элестетип көргүлө. Эгерде сиздин уйуңуздан бирөө музоо тууса, ал музоо сиздин белгиңиз менен белгиленет, анткени, ал сизге таандык, анткени бүт үйүр сиздики. Ошентип, Адам атанын бардык урпактары автоматтык түрдө шайтандын бийлиги астында болуп калган. Стандарттык диний түшүнүк, же мен аны түшүнбөстүк деп айтат элем, адамдын тагдыры – анын канчалык жакшы же жаман экенине жараша, бейиш же тозок – бул таптакыр туура эмес түшүнүк. Негизгиси, бул мурунтан эле чечилип коюлган. Бардык адамдар тозокко түшүшөт. Алар кандайдыр бир жамандык кылганы үчүн эмес, Адамдын кылган иши үчүн. Эми, Кудайдын Өзү жараткан эркектер менен аялдарга болгон сүйүүсүнөн улам, Ал Ыйса Машайак аркылуу адамдарга бул тагдырдан кутулууга жана Кудайдын Падышачылыгынын юрисдикциясына кайтып келүүгө мүмкүндүк берген куткаруу планын ишке ашырды.

> *«...Ал бизди караңгылыктын бийлигинен куткарып, сүйүктүү Уулунун падышачылыгына алып кирди» (Кол. 1:13).*

Белгилей кетчү нерсе, Кудай шайтандын бийлигинен жана өкүмүнөн чыгуунун мыйзамдуу жолун караштырып койгон. Бирок, мындан пайдалануу үчүн, ар бир эркек, аял жана бала Ыйсанын атын чакырып, бул чечимдин пайдасына өз тандоосун жасашы керек. Машайакчылар, мени бир аз уккула. Аркы көчөдөгү ошол татынакай аялга кимдир бирөө Ыйсанын атын чакыр дебесе, тозокко барат. Тозокто болсо, жакшы адамдар көп болот. Шайтан жалган сүйлөп, адамдарды “жакшылык кылуу менен тозоктон кутулса

болот" деген ойго түртөт. Ыйсанын ысымы – куткарыла турган жана шайтандын сотунан качуу үчүн эркектер менен аялдарга берилген жападан жалгыз ысым. Ошондой эле, Адам ата жыгылганда, ал рухий жактан өлүп, Кудайдан ажыратылган, бирок, ал дагы эле мыйзамдуу түрдө жердин *ээси* экенин тактап айткым келет. Мындай болуп жаткандан кийин, шайтан жиндердин шыктандыруусу бар адамдарды колдонууга туура келет. Ал эми, Кудай болсо, адамзат падышачылыгында иштерди кылуу үчүн, Рухка толгон адамдарды колдонушу керек болот. Ошентип, кыскасы, бейишке же тозокко баруубуз биздин канчалык жакшы экенибизге көз каранды эмес, бирок, Ыйса айкаш жыгачта шайтанды жеңген мыйзамдуу жеңишке негизделген юридикалык маселе экенин түшүнөбүз. Кайра эле, Ыйса адамдын шайтандын бийлигинен чыгуусун мыйзамдаштырса да, аны колдонуу үчүн ар бир адам өзү Ыйсанын ысымын ишеним менен чакырышы керек.

Мен бир нече абзацтар мурда талкуулоону токтотконубузду билем, бирок, азыр мурда берилген суроого кайрылып көрөлү: «Эмне үчүн Ыйса Марк жазган Жакшы Кабардын 6-бөлүмүндө адамдарды айыктыра алган жок?» Мен бул юрисдикция маселеси экенин айттым жана чындап эле ошондой. Адам шайтанга адамдык падышалыктын үстүнөн рухий юрисдикция берип койгондуктан, Кудай бул жерге каалаган убакта бастырып кире албайт, анткени бул мыйзамсыз болот. Менин азыр эле айтканымды жердин чынында кимге таандык экени менен чаташтырбагыла. Ыйык Китепте жер толугу менен Теңирге таандык экени айкын көрүнүп турат. Ошентсе да, адамзаттын падышачылыгына келсек, Кудайдын ага эч кандай мыйзамдуу укугу жок. Муну биз Лука жазган Жакшы Кабардан (4:5–7) таба алабыз.

> *«Ошондо шайтан Аны бийик тоого чыгарып, көз ирмемде Ага дүйнөнүн бүт падышачылыктарын көрсөтүп: «Сага ушул падышачылыктардын баарынын үстүнөн болгон бийликти жана алардын атак-даңкын берем. Анткени*

*ал мага берилген, мен аны кимге кааласам, ошого берем. Ошондуктан, эгерде Сен мага таазим кылсаң, баары Сеники болот», – деди».*

Бул жерден биз Адам ата шайтанга дүйнөнүн падышачылыктарынын үстүнөн мыйзамдуу бийликти берип койгонун көрөбүз. Ушундан улам Кудай жердеги Падышачылыкта адамдарга карата каалаганын жөн эле жасай албайт. Бирок, эгер Ал Өзүнө ишенген жана асмандагы бийликке толук көзү жеткен эркек же аялды таба алса, анда Кудай Өзүнүн бийлигин ошол адам аркылуу колдоно алат. Ушундай жол менен шайтан адегенде Адам ата аркылуу жер жүзүндөгү падышачылыкка кире алган. Кудай Өзүнүн кишисин - Адамды жоготкондо, эми Өзүнүн куткаруу планын ишке ашыруу үчүн, жерге кире турган башка жол табышы керек болгон жана бул киши Ыбрам деп аталган.

*«Теңир Ыбрамга мындай деди: «Өз жериңен, өз туугандарыңан, атаңдын үйүнөн бөлүнүп чыгып, Мен көрсөткөн жерге бар. Ошондо Мен сенден улуу эл чыгарам, сага батамды берип, атыңды даңазалайм, сен аркылуу башкалар бата алышат. Сага бата бергенге Мен батамды берем, сени каргаганды Мен каргайм.* ***Жер жүзүндөгү бүт элдер сен аркылуу бата алышат****.»*

– Башталыш 12:13

Ыбрам, же Ыбрайым, Кудай жер жүзүндөгү падышачылыкка кайра кирүү жана адамзатты куткаруу боюнча Өзүнүн планын ишке ашыруу үчүн колдонгон эшик болгон. Кудай Ыбрайым жана анын урпактары менен келишим түзгөн жана бул мыйзамдуу келишим аркылуу Кудайга Ыйса Машаякты дүйнөгө алып келүүгө мүмкүнчүлүк берилген, бирок Ыбрайымдын тукуму аркылуу гана. Мына ушундан улам Ыйса Ыбрайымдын тукуму болушу керек болчу жана эмне үчүн Израилге коңшу элдер менен никеге туруууга уруксат берилген эмес.

Ошондуктан, Жаңы Келишимдин биринчи китеби генеологиядан башка эч нерсе эмес. Бул Ыйсанын чындыгында эле Ыбрайымдын мыйзамдуу тукуму экенин далилдейт, ошентип, шайтанга Ыйсанын келиши жана күнөө үчүн төлөшү мыйзамдуу экенин далилдейт.

Эркектер менен аялдар дагы эле мыйзамдуу түрдө жерди көзөмөлдөп турушкандыктан, муну руханий көзөмөл менен чаташтырбоо керек, Кудай менен шайтан адамдарды өз максаттарына жетүү үчүн пайдалануулары керек. Жөнөкөйлөтүп айтканда, эркектер менен аялдар жер жүзүндөгү бир гана мыйзамдуу субъектилер болуп саналат. Бирок, шайтан анын сөздөрүнө ишенген Адам ата менен Обо эне аркылуу кирүү мумкүнчүлүгүнө ээ болгондой эле, Кудай жерде Өзүн көрсөтө алышы үчүн, Анын айткандарына ишене турган адамдарды табышы керек. Эркек же аял жүрөгүндө шайтандын падышачылыгы эмес, асман эмне деп жатканына толук ынана турган болсо, бул ал адам аркылуу жерге келип, шайтандын падышачылыгына каршы Кудайдын эркин аткаруу үчүн, асманга мыйзамдуу юрисдикция берген ишеним деп аталат. Дагы айта турган көп нерсе бар, бирок, мен аны биринчи эки китебимде кеңири чагылдыргам.

Эң негизгиси төмөнкүдөй. Шайтан жерде болгондуктан, ал ар дайым өзүнүн падышачылыгын коргойт жана дайыма Кудайдын пландарын бузууга аракет кылат. Ошондуктан, Кудай Өзүнүн пландарын жана стратегияларын жердеги падышачылыкта ишке ашыруу үчүн, жашыруун иштеп жатат. Анан, бул жашоодо ийгилигиңердин жана жеңишиңердин эң чоң ачкычын так ушул Кудайдын жашыруун түрдө кантип иштээрин билүүдөн таба аласыңар. Мен муну стратегиянын күчү деп атайм!

3-БӨЛҮМ

# ТАҢ КАЛГАНДАР

Мага бир таптакыр чоочун адам чалды. Ал өзүн тааныштырып, ага жана башка бир нече балдарга менин “Ишеним менен ууга чыгуу” деген китебим жана Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү окуум абдан жагаарын айтты. Андан тышкары, ал мен Монтанага келип, жума күнү кечинде жана ишемби күнү эртең менен 70 эркектен турган топко сабак өтө алар белем деп, ошону сурады. Мен жооп бере электе эле: «Ишемби күнү эртең менен сабактан кийин бөкөнгө (антилопага) аңчылык кылуу мезгили болуп калгандыктан, сизди ууга алып баралы дедик эле», - деди. Жооп берүүм көпкө созулган жок. Ал бул чакырууну эгерде менин балдарым каалай турган болушса, аларга да тиешелүү деп айтты. Анан жай айлары келгенде алар мага алдыдагы күзгү аңчылык мезгилине лицензиямды алууга жардам беришти. Уулум Тим мени менен барууну чечип, ал да лицензиясын алды.

Бул “Убаданы сактагандардын” тобу экенин, анан аларды менин окуумдагы айткан аңчылык окуяларым жана менин бугуларды ишеним менен кантип алганым кызыктырат экен билдим. Алар менин ар дайым 30-40 мүнөттө кантип бугуларга ээ болгонум жана Кудай мага кандай жаныбарды, тактап айтканда, мүйүздөрдүн өлчөмүн жана жынысын так аныктоону кантип үйрөткөндүгү жөнүндө көбүрөөк уккулары келген. Моюнга алыш керек, мен күбө болгон окуялар фантастиканын чегинде болчу, эгер мен аларды өз көзүм менен көрбөсөм, өз башымдан өткөрбөсөм, балким, мага да алар сыяктуу эле кызык болмок.

Акыры, Монтанага сапарга чыгууга убакыт келди. Тим экөөбүз учуп келип, эркектердин бир нече лидерлери менен, Теңирди чындап сүйгөн мыкты балдар менен жолугуштук. Алар бизди форелге балык уулоого алып барышты, ошондой эле, бизге атуу үчүн мылтыктарды даярдап койгон ок атуучу аянтчага алып барышты. Мен Огайодо чоңойгондуктан, мылтык менен алыскы аралыкка атууга көнгөн эмесмин. Биздин мыйзамдар аңчылыкта мылтык менен бугу уулоого уруксат берип, аралык дээрлик дайыма 100 метрден, ал тургай, көбүнчө 50 метрден да аз болгон. Ошондуктан, алар бутаны 180 метрге койгондо, бул мен үчүн адаттан тыш болду, бирок, бир аз машыгып, темир табакка атканым тийип, ууга даяр экенимди билдирдим.

Ошол күнү кечинде жергиликтүү мектептин актовый залында, эртеси эртең менен да эркектерге сабак бердим. Балдардын баары Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө, айрыкча Кудай мага аңчылык аркылуу Падышачылыктын мыйзамдарын кантип үйрөткөнүн угуп, билүүгө ынтызар болушту. Түшкү тамактан кийин: “Мейли анда, бөкөнгө баралы”, — дешти. Мен бөкөнгө аңчылык кылган эмесмин, анан да, бул кандай болорун түшүнгөн эмесмин. Менин аңчылык тажрыйбамда эң эле көп дегенде эки-үч киши ууга чыгат. Бирок, алар үч-төрт машина менен толтура болчу. Тимдин мурункү түнү менден сураганы эсимде: “Ата, бөкөн алгандан коркуп жатасызбы? Сиз аларга Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө үйрөтөсүз жана Падышачылыктын ар дайым иштеп жатканын ишенимдүү айтасыз, бирок, сиз бөкөндү албасаңыз, алар муну көрүп калышсачы?» Мен ага бөкөн үчүн кабатыр эмес экенимди айттым. Дренда экөөбүз үрөндү сепкенбиз жана бул бөкөн боюнча макулдашканбыз; ал ошол жерде болот.

Биз алардын аңчылык лицензиясы бар ранчого барганыбызга чейин, алар бөкөн Түндүк Америкадагы эң ылдам жаныбар жана планетадагы эң ылдам экинчи жаныбар экенин, андан гепард гана алдыда экенин түшүндүрүштү. Алар бөкөндөрдүн көрүүсү мыкты, негизги коргонуусу ылдам чуркоосу экендигин, ошондуктан алар сени

байкап калса, көз ирмемде гана жок болуп кетээрин түшүндүрүштү. Менин атууга лицензиям эркекке, ал эми Тимдики ургаачы бөкөнгө берилген.

Биздин планыбыз ранчого жеткенде унаалар менен өйдө көтөрүлүп, анан чокуга жөө чыгып, жаныбарларды ылдыйкы түздүктөрдөн издөөдөн турган. Чыгып бара жатып, алыстан бир топ бөкөндөрдү байкадык. Жердин рельефинен улам, биз капчыгайларда жакындаган сайын аралыкты сактап, ок атууга чейинки аралыктарга жете алабыз деп ойлодук. Биз эң акыркы дөңсөөгө өтө кылдаттык менен барышыбыз керек, анан акырындык менен дөбөнүн чокусуна чейин чыгып, эгер ал жерге жеткенде бөкөндөр дагы эле ошол жерде болсо, атып калышыбыз керек. Мындай учурда, позицияны ээлегенибизде, жаныбарларга чейинки аралык болжол менен 200 метрди түзөт.

Тим экөөбүз курсагыбыз менен акырын, бир топ убакытка чейин сойлоп, бөкөндөр көрүнгөн сайга көз чаптырганга дөңдүн четине чейин жеттик. План боюнча мен эркек бөкөндү аткандан кийин, Тим ургаачысын атат. Мен акырын гана кырына чейин сойлоп барып, анан карадым. Албетте, биздин планыбыз ишке ашты: кичинекей бир үйүр бизди байкаган жок. Мен мылтыкты көтөрдүм, бирок алыстыктан жана сойлоп жүргөндүктөн улам, демим кысылып калгандыктан, аны колума бекем кармоо кыйын болду. Бирок, акыры мен эркек бөкөндү бутага алгандай сезилгенде, тетигин тарттым. Анан жаза аттым. Мен экинчи ок чыгарганда үйүр түшүнбөй калды. Кайра эле жаза аттым. Эми үйүрдө кыймыл пайда болду. Үчүнчү жолу, анан төртүнчү жолу ок чыгардым – баары бекер. Бешинчи жолу атууга камынганымда араң гана чыкылдаган үн угулду. Менин ок-дарым түгөнүп калды.

Башаламандыкта үйүрдүн баары кантип кетип, кол жетпес жерде болуп калгандыгын байкабай да калдым. Мен аткан эркек бөкөндөн башкасынын баары кетип калышты. Ал мен биринчи ок атканда турган жеринен бир нече метр алыстыкта, таптакыр кыймылдабастан эле турду. Мен Тимден мылтыгын сурадым. Бул жолу мен ордумдан

ыргып туруп, дароо ок чыгардым. Бөкөн жыгылды. Мен бир эле маалда толкунданып да, жеңилдеп да калдым. Мен бөкөндү алдым. Артымды карасам, бир топ балдар кыйкырып, майрамдап жатышканын көрүп, таң калдым.

Кээ бирлери уюлдук тел менен сүйлөшүп жатышты. Анан алардын бирөөсү: "Ой, баары "Ишеним боюнча ууга чыгуу" китебиндегидей болду. Болгону, 40 гана мүнөткө жакын убакытта, эркек бөкөн так эле китептегидей болуп, кыймылдабастан туруп калды", деп айтып жатты. Аларды баары Кудайдын Падышачылыгы кантип аракеттенээрин көрүү үчүн келишти. Акыры, мен муну аларга бир нече саат бою үйрөтпөдүм беле, анан алар бул кантип иштээрин көргүлөрү келишкен. Менин жаман атканыма карабай, мунун баары ишке ашып жана менин окутуума ишенич кошту. Тим болсо, өзүнүн ургаачы бөкөнүн ошол эле күнү чуркап бараткан маалда эң сонун атып алды. Биз экөөбүз тең абдан толкундандык! Монтана жөн эле сонун экен жана Тим экөөбүз Падышачылыктын кереметтүү тажрыйбасын алдык. Мен Кудайдын Падышачылыгын жана Кудайдын ишенимдүүлүгүн эсиме салып турушу үчүн, иш үстөлүмдүн үстүнө антилопанын башын илип койдум.

**ДҮЙНӨ ТАТЫКТУУ БИР НЕРСЕНИ КӨРҮҮГӨ СУУСАП ТУРАТ, КУДАЙ ДА ТАҢ**

**– КАЛТЫРУУНУ ЖАКТЫРАТ.**

Эмне үчүн мен бул китепте аңчылык окуяларын айтып жатам? Анткени, Кудай силерди бардык досторуңарга, кошуналарыңарга жана туугандарыңарга Өзүнүн Падышачылыгын көрсөтүү үчүн колдонууну каалайт. Алардын баары анын кантип иштээрин көргүсү келет. Дүйнө татыктуу бир нерсени көрүүгө суусап турат, Кудай да таң калтырну жактырат. Силер баарын, атүгүл өзүңөрдү да таң калтыруу үчүн, Кудайдын Падышачылыгы кантип иштээрин жана Ыйык Рухтун силерге кандайча жоопторду жана мүмкүнчүлүктөрдү берерин билишиңер керек. Кийин билсем, эркектер тобун жетектеген бир нече балдар мени динге чырмалып калган балдарга Падышачылыкты

көрсөтүү үчүн алып келишкен экен. Кийинчерээк мен алардын көбү ошол күнкү менин окутуумдун натыйжасында, жүрөгүн Теңирге бергенин билдим. Ыйык Рух бул планды ишке ашырууга алып келди жана Ал силерге да пландарыңарды ийгиликтүү ишке ашырууга жардам берет.

Мага дагы бир окуяны айтып берүүгө уруксат бергиле, бирок, бул жолу бул түздөн-түз Библиядан алынган окуя. Ал Кудай Өзүнүн чындыгын жана айланадагы адамдарга болгон сүйүүсүн далилдей турган табияттан тышкаркы пландар жана стратегиялар менен кантип таң калтыргысы келерин дагы бир жолу көрсөтөт.

*Ыйса Генисарет көлүнүн жээгинде турган эле. Кудайдын сөзүн угуш үчүн, Анын жанына эл үйүлүп калды. Ал көлдө турган эки кайыкты көрдү.*

*Кайыктан түшкөн балыкчылар болсо торлорун жууп жатышкан.*

*Эки кайыктын бири Шымондуку эле. Ыйса анын кайыгына түшүп, андан жээктен бир аз нарыраак сүзүп баруусун өтүндү. Анан Ал кайыкка отуруп алып, элди окута баштады.*

*Ал сөзүн бүткөндөн кийин, Шымонго: «Көлдүн терең жерине сүзүп барып, торлоруңарды салгыла», – деди.*

*Шымон Ага: «Устат, биз түнү бою эмгектенип, эч нерсе кармай алган жокпуз. Бирок Сен айтып жаткан соң, торду салайын», – деди.*

*Алар торду салып, абдан көп балык кармашты. Балыктын көптүгүнөн тор айрыла баштады.*

*Ошондо алар кол булгап, экинчи кайыктагы жолдошторун жардамга чакырышты. Алар келип, балыктарды салышканда, эки кайык тең толуп калды. Кайыктар чөгө баштады.*

*Муну көргөн Шымон Петир Ыйсанын бутуна жыгылып: «Теңир, менин жанымдан кет. Анткени мен күнөөкөр*

> *адаммын», – деди. Анткени ушунча көп балык кармагандарынан улам, аны жана анын жанындагылардын баарын коркунуч басты.*
>
> *[1]Шымондун достору болгон Зебедей уулдары Жакып менен Жакан да коркуп кетишкен эле. Ошондо Ыйса Шымонго: «Коркпо, мындан ары адамдарды кармайсың», – деди.*
>
> – Лука 5:1—10

Петир, Жакып жана Жакан түнү бою балык уулап, эч нерсе кармашкан жок. Алар көлдө чоңоюп, аны жакшы билген тажрыйбалуу балыкчылар эле, ошентсе да, куру кол келишкен. Бирок, албетте, окуя муну менен эле бүтпөйт. Ыйса насаат айтуу үчүн Петирдин кайыгын сурап алып, андан кийин аны кармоо үчүн тереңге сүзүүнү буйруйт. Бир аз таң калган Петир алар түнү бою балык уулап, бир да балык кармашпагандыгын, бирок, Ыйса айткан соң, ал торун ыргыта турганын айтат. Ыйык Китепте Петир торду ыргытканда ушунчалык көп балык кармаганы, тору туруштук бере албай араң калганы, ошондуктан, шериктерин жардамга чакырганы жөнүндө айтылат. Ыйык Жазууда анын жолдошторунун торлору да айрылып-үзүлүп кала жаздады, натыйжада эки кайык тең балыкка толуп, чөгүп кете жаздады деп айтылат. Ыйык Китепте бул тажрыйбалуу балыкчылар ошол күнү ушунчалык балык кармагандыктарына абдан таң калгандыктан, алар балык уулоону таштап, Ыйсаны ээрчип кетишкени айтылат.

Бул менин Ыйык Китептеги сүйүктүү окуяларымдын бири, анткени ал эки падышачылыктын, караңгылыктын падышачылыгы менен Кудайдын Падышачылыгынын ортосундагы айырманы айкын көрсөтүп турат. Караңгылыктын падышачылыгы, шайтандын бийлиги – кыйроо, жакырчылык, түнү бою балык түшпөгөн балык уулоо; бул негизги жашоо үчүн тер төккөн азаптуу эмгек жана эптеп жан багуу үчүн тер менен толгон система. Мен муну Кудайдын Падышачылыгынын жана анын белектеринин даңктуу көрүнүшүнө салыштырганда, Адам атанын козголоңунан улам каргышка калган

жердин системасы деп атайм. Бул эки четки жакшылап карап көргүлө жана Ал силерге, Кудайдын Падышачылыгындагы экинчи номердеги эшикти ачып жатканын түшүнгүлө.

Эми ар бир машайакчы кыйкырып, алакан чаап: «Ооба, Кудайдын Падышачылыгы улуу, бул кайырмакты карагылачы!» — дейт. Бирок, аз эле адамдар Ыйсанын муну кантип кылганын сурашат жана көбү аларга ошол күнү Петир, Жакып жана Жакан ээ болгон молчулуктан ырахат алуу үчүн бирдей бийлик жана жөндөмдүүлүк берилгенин билишпейт. Ыйса ошол күнү эмне кылган деген суроого стандарттуу жооп: Ыйса муну жасай алган, анткени Ал Ыйса. Бирок, күтө тургула, биз Ыйсанын Марк жазган Жакшы Кабардын 6-бөлүмүндө баарын айыктыра албастыгын көрдүк, анткени, ал жерде асмандын юрисдикциясы жок болчу. Жок, ошол күнү балык кармоого себеп болгон Кудайдын Падышачылыгынын рухий мыйзамдары аракетте болчу.

Бирок, кеп мында. Мен жолуккан машайакчылардын көбү Ыйсанын кылгандарын  жасоо мүмкүн деп ойлошкон да эмес, же эгер алар ойлосо да, Анын кантип кылганын билишкен эмес. Мен конференцияларымда дайыма айтам: эгер силер бир нерсеге үйрөнө албасаңар, аны менен жашай албайсыңар. Башкача айтканда, ал балык уулоо кандай болгонун аныктай албасаңар, аны эч качан кайталай албайсыңар. Анда бул көп балык кармоо кайдан келди? Аны аныктай аласыңарбы? Ушундай эле ийгиликке жетүүнү кааласаңар, бул балык кантип пайда болгонун тактап алышыңар керек. Ошентсе да,  көпчүлүк адамдар менин ой жүгүртүүмө таң калышат. Бирок, Ыйса эмне деди?

> *Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Мен кылып жаткан иштерди Мага ишенген адам да кыла алат, атүгүл, алардан да чоң иштерди кыла алат. Анткени Мен Атама кетип жатам*
>
> – Жакан 14:12

Ыйса Атасына баргандыктан, Ал жасай турган нерселерди биз жасай алабыз деп айтканда, Ал Өзүнүн өлүп тирилгенинен кийинки бизге түшкөн Ыйык Рухту айткан. Бул Иордан дарыясынын жээгинде Анын үстүнө түшкөн, Ага Кудайдын кудуреттүү иштерин аткарууга мүмкүндүк берген, ошол эле Ыйык Рух, биз муну Анын кызматын изилдегенибизде көрөбүз. Биз Марктын 6-бөлүмүндө бул бийликке элдин ишенбестиги тоскоол болгонун, ал эми Лука 5те балыктын түшүшүндө бул күчкө эч нерсе тоскоол болбогонун билебиз, Ыйык Рухтун эркин агымына эмне тоскоол болуп жаткандыгын же Ыйык Рухтун эркин агымына бул же тигил кырдаалдарда эмне жардам берип жаткандыгын аныктоо үчүн, Падышачылыктын мыйзамдарын изилдеп чыгышыбыз керек. Андыктан келгиле, бул окуяны талдап көрөлү жана Падышачылыктын мыйзамдарын жана принциптерин аныктоого жана алардан бир нерсе үйрөнүүгө болорун карап көрөлү.

Эгерде силер менин биринчи китебимди окуган болсоңор, анда Петир Ыйсага кайык бергенде, бул жерде рухий жактан эмне болгонун билесиңер. Петирдин кайыгы жана бүт балык өнөр жайы чындыгында падышачылыктарды же юрисдикцияларды өзгөрттү! Ооба, качан Ыйса кайыкты Өз көзөмөлүнө алганда, Петирдин кайыгы Кудайдын Падышачылыгынын карамагына өткөн. Бул окуя болуп өтөр менен, Ыйык Рух Ыйсага терең суудагы балыктардын жайгашкан жери жөнүндө маалымат берүүгө мыйзамдуу түрдө негиз алды. Балык кармоодогу бул чоң олжо ошол күнү Ыйса аркылуу Петирге Ыйык Рух тарабынан берилген табияттан тышкаркы пландын жана стратегиянын натыйжасы болгон. Мен муну Петирди, Жакыпты жана Жаканды алар мурда болуп көрбөгөндөй эң чоң олжого ээ кылган, жашыруун билим деп айтам. Чынында, Ыйык Китепте бул тажрыйбалуу балыкчылардын таң калганы айтылат.

Мен ишенем, Ыйса силердин да укмуштуудай жашоодо, Кудайдын Падышачылыгын көрсөткөн жашоодо жашашыңарды жана айланаңардагы адамдар көргөндөрүнө таң калып, алар да Аны таанып-билүүгө келишерин каалайт. Диндин бош кайыктары эч качан адамдарды Кудайга тарта албайт деп ишенем. Кудай адамдардын

Анын жакшы экенин жана ошону менен бирге эле ар бир адам Ага келгендердин баарын кабыл алууга Ал даяр экенин көрүп, ишениши үчүн, Анын Падышачылыгынын жакшы экендигин көрүшүн каалайт. Ышайа Жыйынга байланыштуу төмөнкү пайгамбарчылыкты жарыялаганда бул тууралуу айткан.

> *«... Аларды адилеттүүлүгү менен улуу жана Теңир Өзү даңкталыш үчүн отургузган көчөт деп аташат».*
>
> — Ыш. 61:3б

Ошентип, Лука 5теги балык уулоо окуясынан эмнени алып чыгышыңарды каалар элем? Бул окуядан чыга турган көптөгөн руханий мыйзамдар бар, бирок, силер ушул ой менен гана кете алсаңар, бул силердин жашооңорду өзгөртөт.

Эгерде Ыйса торду кайда салуу керектигин так айта турган болсо, ким болбосун, балыкты кармай алат! Же башкача айтып көрөйүн: эгер Ыйса балык кайда экенин жана аны кантип кармоо керектигин айтса, ар ким эле балык кармай алат!

Адамдар: «Ооба, Гэри, бул жакшы, бирок азыр бул жерде Ыйса жок» деп айтышат. Жок, бирок, ага ошол күнү балык кайда болгонун айткан Ыйык Рух эгер сен ишенүүчү болсоң, бүгүн да бул жерде жана сенде жашайт. Ыйса шакирттерин таштап кетүүгө даярданып жатканда, аларга эмне дегенин уккула.

> *Мен бул сөздөрдү силердин араңарда жүргөндө айттым.*
>
> *Менин ысымым урматына Атам жибере турган Соороттуучу, Ыйык Рух, силерге баарын үйрөтөт жана Мен айткан сөздөрдүн баарын эсиңерге салат.*
>
> *Силерге тынчтык калтырып жатам, силерге Өз тынчтыгымды берип жатам. Менин силерге бергеним бул дүйнөнүн бергениндей эмес. Кайгырбагыла жана коркпогула.*
>
> – Жакан 14:25 – 27.

Ыйсанын дүйнөсү эмнеге камтылган? Бул Ал туш болгон ар бир кырдаалда Ага эмне кылуу керектигин айткан - Ыйык Рух. Ыйса Ыйык Рухту Кеңешчиси деп атады. Досум, бул Кеңешчи сенин ичиңде да жашайт жана сени эч качан таштабайт. Сен Аны угуп жатасыңбы? Балким, сен макул болушуң керектир, Кудайда сен туш боло кала турган ар кандай кырдаалды чечүүгө жол бар. Бул Кеңешчи сени үйрөтүп же сага  кандайдыр бир кеңеш бере аларын Ыйса айтып жатат. Стронгдун Библия үчүн толук симфониясына (3875) ылайык, бул жерде «кеңешчи» деп которулган грек сөзү түзмө-түз: чакырылган же бир тарапка чакырылган, өзгөчө жардамга чакырылган дегенди билдирет. Бул ошондой эле, сотто башка бирөөнүн кызыкчылыгын коргогон, жактоочу, юристтин жардамчысы же адвокат дегенди билдирет. Эң бир кеңири мааниде алып караганда, бул сөз жардамчы же жардам берүүчү, же ассистент дегенди билдирет.

Силерди билбейм, бирок, мага ушундай жардамчы керек болчу. Эмне үчүн болбосун? Алар түнү бою балык уулап, эч нерсе албаганда Ыйык Рух  Петирдин жообу болгон. Карыздардан кантип кутулууну билбей жүргөнүмдө Ыйык Рух менин да жообум болгон.

**ЫЙСА ЫЙЫК РУХТУ КЕҢЕШЧИСИ ДЕП АТАДЫ. ДОСУМ, ОШОЛ КЕҢЕШЧИ СЕНДЕ ЖАШАЙТ ЖАНА ЭЧ КАЧАН СЕНИ КАЛТЫРБАЙТ.**

Анан мен үй-бүлөмдү ушундай каржылык жактан башаламан абалга салгандан кийин, жылдар бою жардам сурап Кудайга кайрылгам, так ушул Ыйык Рух мага бир түнү мен иштеген компанияны таштап, нөлдөн баштап, өз бизнесимди баштоо керек деген түштү жиберген.

Мага бул жаңы компаниянын миссиясы Кудайдын жакшылыгын жарыялоо жана адамдарга карыздан кутулууга жардам берүү болоорун да айткан  так ушул Ыйык  Рух эле. Бул мен ал кезде уккан эң бир акылга сыйгыс  идея болчу. Адамдарга карыздан кутулууга жардам берип жаткан менби? Мен акча менен эмне кылбоо

керектигинин үлгүсү болчумун. Менин жашоом каржылык тири укмуш коркунуч болчу. Бирок, Ал ушуну кыл деп айткан, ошондуктан да, Дренда экөөбүз ишеним менен баш ийгенбиз, бирок, негизинен Петир айткан эле нерсени айттык. «Теңирим, мунун мааниси жок, бирок, Сен айткандан кийин, биз муну жасайбыз». Ыйык Рухтун кеңешине ылайык, бул жаңы компания өсүп, өнүгүп, акча алып келип, Дренда экөөбүзгө карыздан толук кутулууга мүмкүндүк берди. Бул компания андан 30 жыл өткөндөн кийин, бүгүнкү күндө дагы, бизнесте, дагы эле жылына жүз миңдеген доллар киреше алып келип иштөөдө.

Эй, мен анчалык акылдуу эмесмин, силер дагы, бирок, Кудай силерге керектүү жоопторду алууга жардам бериш үчүн Ыйык Рухту берет. Бирок, бул китептен билгенибиздей, Ыйык Рух менен иштөө аркылуу, Кудайдын эркин аткарууда өзүбүздүн да ролубуз бар.

Тилекке каршы, менин адамдар менен болгон баарлашуудагы тажрыйбам, Ыйсанын көптөгөн жолдоочулары, жашоосундагы туш болгон көйгөйлөрүн чече албагандай таасир калтырат. Алар балык уулоодо, өздөрүнө гана таянып, түнү бою балык уулаганына карабастан, дайыма куру кол же ушуга жакын абалда келишет. Алар Ыйык Рухтун бардык кырдаалда аларга жардам берүү үчүн бар экендиги жөнүндө эч качан угушкан эмес. Машайакчылардын көбү: «Кудай мага тигини же муну кылууга жардам берет» дешсе да, Анын аларга кантип жардам берерин жана керектүү жоопторду кантип алуу керектигин так түшүнүшпөйт. Көптөр муктаж болгон суроолорго жооп алуу үчүн, Кудай менен иштешүү керектигин түшүнүшпөйт, жооп алардын ичинде экенин билишпегендиктен дагы деле алардын көйгөйү боюнча Кудайдын бир нерсе кылышын күтүп жатышат.

Мисалы, акчага карата адамдар ийгиликке жетүүгө Кудай жардам берет деп айтышат. Мен айтам: «Сонун! Ал эми, Кудай сага акчаны кантип жеткирет?» Мен алардын ишениминен күмөн санаганга жол бергенсип, адегенде алар бул суроого таарынышат. Бирок, мен андан ары улантам: «Анда, акча кайдан келет? Кудай аларды силерге кантип жеткирет? Алардан жооп талап кылсам, алдастап калышат.

Аны бир аз убакытка чейин билбесең жакшы эле, бирок, акыры жооп беришиң керек да. Силер көрбөгөн нерселердин түшүмүн жыйнай албайсыңар да. Эсиңерде болсун, Ыйса Петирге балыктын каякта экенин айтып, атүгүл аны кантип кармаш керектигин айтканда: «Торлоруңду ташта», - деп абдан так айткан. Акыр-аягында, эгер балык кармай турган болсоңор, торду кайда салуу керектигин билишиңер керек болот да.

Адамдар мен айткандай "почто жашиги" менталитетине жакын болгондуктан, б. а. Кудай барып алар үчүн баарын жасайт деп ойлошкондуктан, алардын каржысында 10-20 жылдан бери баягы эле көйгөйлөрү, баш аламандыктары улантыла берет. Бул кайгылуу. Булар эмне үчүн өзгөрбөйт экендигин билгиңер келеби? Анткени, аларга Ыйык Рухтун, Падышачылыктын жолу менен балык уулоону эч качан үйрөтүшкөн эмес. Алар жер жүзүндөгү Падышачылыкта алардын ийгиликке жетиши үчүн Ыйык Рухтун кантип иштээрин билишпейт. Алар абдан муктаж болгон ийгиликке жетүү үчүн, алардын өзүлөрүнүн ролу кандай жана Ыйык Рухтун ролу кандай экенин билишпейт.

**САГА КЕРЕКТҮҮ БОЛГОН ЖООПТУ БЕРҮҮ ҮЧҮН, ЫЙЫК РУХ, КУДАЙДЫН ӨЗҮ СЕНИН ИЧИҢДЕ ЖАШАЙТ.**

Бул бүгүн мен түшкү тамакта көргөн кишиге окшош болчу. Ал абдан семирип кеткен, балким, 375 фунт (170 килограмм). Анын бир бутунда кронштейн жана эки таяк болгон. Ал араң эле кыймылдап турду. Өзүнүн чизбургерин жегенден кийин, ал жер жаңгак майынан жасалган пирог сурады. Анын бул пирогго буйрутма бергенин угуп таң калдым. Эмнени ойлоп жатканын билбейм, бирок, пирогдор ал үчүн ашык эле. Бул аны өлтүрүп жатканы көрүнүп турду. Ал араңдап атып үстөлдөн турду да, жай жана азап менен ресторандан чыгууга жөнөдү. Мен машайакчылардын бүгүнкү жашоосун ушундай көрөм - алар убадаларды угат, бирок, алар ууну иче беришет, анан кайрадан эмне үчүн эч нерсе жок деп таң калышат.

Досум, сенде жооп бар! Сага керектүү болгон жоопту берүү үчүн, Ыйык Рух, Кудайдын Өзү сенин ичиңде жашайт.

Адамдар менден Сюзанга же Саллиге үйлөнүшү керекпи, бул жумушка же тигил жумушка орношуу керекпи, көчүү керекпи же ошол эле жерде калуу керекпи, акцияларын сатуу керекпи же сатып алуу керекпи деп сурашат. Ичиңердеги Ыйык Рух жоопторду билет. Кайра эле, бул китептин максаты - Ыйык Рух бизге кантип жардам берерин жана Ыйык Рухтун үнүн угууга байланыштуу Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин билүү.

Ошентип, кыскача айтып берейин.

Ыйса балык кайда экенин жана аны кантип кармоо керектигин айтса, ар бир адам кармай алат, атүгүл силер!

Бул катта Кэрол, өзүнүн жашоосу кандайча өзгөрүлгөндүгү тууралуу айтып берет.

*Өткөн жылы, так ушул күнү Аяз атага ишенип жүргөн кызыма белек алуу үчүн акчам жок болгондуктан, лимиттин баарын тандап, кредиттик карталар менен жаңы жылдык белектерди сатып алгам. Мен дайыма тынчсыздануу жана кайгы менен жашап, пастор Гэриге бул үрөн иштебей жатканын, эч нерсе болбой жатканын жаздым; Ал абдан чыдамкайлык менен угуп, күтүү керектигин, түшүмдүн бышуусу үчүн убакыт керектигин, адатта бул эртеси күнү эле болбойт деп жооп берди. Бүгүн, бир жылдан кийин мен бүт үй-бүлөмө белектерди накталай акча менен сатып алдым. Мен 300 же 400 доллар турган белектерди сатып алам жана мага оор учурларда жардам берген бир нече адамдарды ыраазычылык менен эстейм. Өткөн жылы досторум бир нече ай калууга уруксат берген жер төлөдөгү бир бөлмөдө жашадым. Тамакка, бензинге да акчам жок болчу. Азыр мен кооз, саркеч батирде жашайм, муздаткычым азык-түлүккө толгон.*

*3-декабрь кызымдын туулган күнү болчу, аны Пенсильваниядагы “Херши” паркына алып бардык. Биз анын эң жакын досун чакырып, «Херши» мейманканасында жашап, баарын накталай төлөп бердик. Ал эми, мен ага 400 доллардан кымбат баалуу белек сатып алдым, былтыр анын туулган күнүн белгилөө үчүн кимдир бирөө мага 30 доллар бергенде, мен абдан басынууну баштан кечирген элем. Мен муну ыйлабай жаза албайм. Мен пастор Гэриге жана анын жубайы Дрендага абдан ыраазымын. Бул жыл менин жашоомдогу эң сонун жыл болду. Кудай менин жашоомдо эмне кылганы укмуш. Менин аңгемелерим бүтүндөй бир китепти түзө алмак. Жер бетинде бейиштегидей жашоого болорун үйрөткөнүңүз үчүн ырахмат.*

Төмөнкү кат мен уккан Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү эң таң калыштуу окуялардын бири; Бул тууралуу Мичигандан Шарон билдирди.

*Пастор Гэри, мен муну күйөөмдүн жана өзүмдүн атыман жазып жатам. Мен сизге рахмат айткым келет, анткени сиз жана сиздин жубайыңыз бизге абсолюттук шыктандыруучу булак болдуңуздар. Сиз тууралуу үч-төрт жыл мурун Сид Роттун көрсөтүүсүндө угканбыз. Биз абдан оор күндөрдү баштан кечирдик. Күйөөм 18 жыл иштегенден кийин жумуштан бошотулуп, жаңы эле 280 миң долларга үй курганбыз. Биз кекиртектен карызга батып, катуу стресске кабылдык. Биз сиздин компакт-дисктериңизге буйрутма бердик, алар бизге туруштук берүүгө жардам беришти. Карыздын ден соолукка жана жашоо-турмушка чоң таасирин тийгизиши мүмкүн экендигин билдик. Биз чыгуунун жолун көргөн жокпуз. Жаңы үйүбүздүн акчасын төлөй албасак да, көчүп кеткенге чейин анда эки жыл жашап калдык. Мунун өзү эле бата болчу.*

*Мен таржымалды кыскартайын. Жолдошум мурдагы жумушуна төрт жылдан кийин, кайра кайтып келе алат болчу, анткени ал ишенимде калып, Кудайдын убадаларына ишенген, ал эми сиз жана сиздин аялыңыз бизге дисктериңер аркылуу жардам бердиңер. Эч кандай юридикалык же адвокаттык кийлигишүүсүз эле ага ошол төрт жыл үчүн, бардык эс алуу мөөнөттөрүндөгү акчалырын да кайтарып беришти. Чынында, ал кайра жумушка орношкондо, алардын эң биринчи талап кылгандары - анын өргүүгө чыгуусу эле! Жыйынтыгында, ал алган компенсациянын аркасында, биз жоготкон үйүбүздөн дагы жакшыраак үйдү накталай акчага сатып алдык. Бардык жасап жаткан иштериңиздер үчүн сиздерге ырахмат.*

**Миссуридеги Эндрюдан:**

*Мындан эки жыл мурун, май айында мен кыйын абалда калдым. Мен эски жумушумдан ырахат алган жокмун жана активдүү сатуу боюнча жаңы кызматка кирүүгө макул болдум. Мага олуттуу коллекторлор чалышты, акчабыз бензинге, тамак-ашка араң жетчү, айдын аягы жакындап калды, турак жайдын ижара акысы асмандап кетти. Бирок, менде Гэринин "Жаңылануу 2.0" деген компакт-дисктеринин бир нечеси бар болчу. Бир күнү жыйында отургам, курмандык кылайын дегем, бирок менин жанымда 23 долларым гана бар эле, ал бир жумага араң бензинге жетчү. Жумушумда баары жакшы болбой жатты, Кудайга кайрымдуулук кылгым келгенин, бирок менде акча жок экендигин айттым. Ичимден, Мен (Кудай) бул 23 доллар менен сен жасай ала турган нерседен да көбүрөөктү кыла алам деген үндү уктум. Кудай мага 20 долларды курмандык кылышымды айтты жана Ал аны мага жүз эселеп кайтарарына ишендирди.*

*Ошол бейшембиде мен башка бирөөнүн эсебин жүргүзүүгө жардам берип жаткам. Бир нерсе сатсак да, дээрлик эч нерсе албаганыма карабай, мен жардам бергим келди. Жумуш күн аяктагандан кийин менин менеджерим менин жардамымды жогору баалап, ошол күндөгү бардык сатуулар үчүн сыйлык аларымды айтты (силер түшүнүү үчүн айтып коё турган нерсе, комиссиялык сатууда мындай нерсе болбойт). Эмне болгонун таап көргүлөчү. Мен ала турган жалпы пайда…2000$ болду!!! Бир жумага жетпеген убакытта 100 ЭСЕ КАЙТАРУУ!*

*Кудай чындап эле алдабайт, эгер Кудайдын катышуусу кичине нерседе болсо ,ал чоңго айланат. Ошондон бери мен ондугумду ишенимдүү берип, өсүш үчүн тартууларды кубаныч менен алып келем.*

*Бир нече айдан кийин мен жаңы кызматка орноштум, ал так эле мен кыялдангандай болуп чыкты. Эки жылдын ичинде мен жашоодогу кирешемди төрт эсеге өстүрдүм. Теңирге мактоолор болсун, бардык даңк Ага таандык. Кошумча бонус: менин машинам мындан ары банктын менчигинде эмес жана мен жаңы ТОЛУГУ МЕНЕН АКЫ ТӨЛӨГӨН МАШИНА айдайм!!!*

Кудайдын даңкын күбөлөндүргөн Кореядан келген күбөлүк мына:

*Урматтуу пастор Гэри!*

*Мен максатсыз жашап, өз алдымча эч нерсеге күчүм жетчү эмес. Мен садага акча менен жашачумун, эл мага жардам берүүдөн тажаганда, бир таңгак печенье жана бир бөтөлкө кока-колага гана үмүт болуп калды. Бул мен жана эки балам жей турган тамак-аштын бардыгы болчу.*

*Турак жайга, коммуналдык кызматтарга төлөй турган эч нерсем жок болчу. Биринчи жолу “Ишенимдеги жашоо”*

*кызматын түз ободо көргөнүм дагы деле эсимде. Мен сиздин пасторуңузга онлайн режиминде абалым канчалык начар экенин түшүндүрдүм. Ал мага Петирге салык төлөш керек болгондо көрсөткөндөй, Кудайдан кантип жана кайдан балык кармашымды көрсөтүшүн суранышым керектигин айтты. Кыскасы, эми азыр менин африкалык ресторaным жана чач тарачым бар, мунун баары пастор Гэринин окутууларын укканымдын аркасынан болду. Теңирге мактоолорду берем!*

Кандай сонун окуялар! Бирок, силер: “Бул эң сонун, Гэри. Албетте, башка адамдар ийгиликке жетишти, бирок, мен эмес” дээрсиңер. Ооба, бирок, силердин таржымалыңар али бүтө элек! Силерден мына муну суроого уруксат эткиле. Силер отуруп алып, бул бөлүмдү окуп жатканда, шамал учуруп кетүүсүнөн коркуп, отургучуңарга жабышып жатасыңарбы? Жок, бул андай эмес. Эмнеге? Анткени, силер тартылуу мыйзамын түшүнөсүңөр жана анын бардыгы үчүн бирдей иштээрин билесиңер. Эми, Кудайдын Падышачылыгы да ошондой иштейт. Силер мыйзамдарды окуй аласыңар. Силер жашооңорду Кудайдын кудурети жөнүндөгү окуяга айландыра турган уникалдуу стратегияларды угууну үйрөнө аласыңар. Биз бул окуялардан Ыйык Рухтун алдын ала көрөгөчтүгү жана жардамы аркылуу пайда болгонун буга чейин байкадык. Ошентип, келгиле, сапарыбызды Ыйык Рухтун кээ бир негиздерин карап чыгуу менен баштайлы, анан бизге керектүү стратегияларды угууга кеңири токтололу.

4-БӨЛҮМ

# НЕГИЗГИСИ:
# АНСЫЗ ҮЙДӨН ЧЫКПАГЫЛА

Эгер силер Ыйык Рухтун жетекчилиги астында Ыйык Рухтун стратегияларына жана жеңиштерге толгон жашоодо жашай турган болсоңор, анда силерге биринчиден жогорудан төрөлүү керек, экинчиден, Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүүшүңөр керек· Ооба, булар бир эле Рухтун такыр эки башка иши. Эгер бул силерге таптакыр жат нерсе болсо, эч нерсе эмес. Мен силерди бул аркылуу алып өтөм. Бирок, мага түз эле ишке өтүүгө уруксат бергиле: Ыйса Ыйык Рухка чөмүлүү ушунчалык маанилүү болгондуктан, ансыз үйдөн чыгууга мүмкүн эмес деп айткан! Дагы да айтам, бул менин сөздөрүм эмес; Ыйса муну Элчилер 1:4, 5те айткан.

*Анан Ыйса аларды чогултуп, мындай буйрук берди: «Иерусалимден кетпегиле, Атанын убадасын, Менден эмнени уксаңар, ошону күткүлө. Анткени Жакан сууга чөмүлдүргөн, ал эми силер бир аз күндөн кийин,* ***Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр»***

– Элчилер 1:4, 5

*Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, ...Менин күбөлөрүм болосуңар»*

– Элчилер 1:8

Ыйсанын: «Ансыз үйдөн чыкпагыла, бул абдан маанилүү!» - дегенине көңүл бурсаңар. Чындыгында, Ал: «Кудайдын иштерин аткаруу үчүн, Кудайдын Падышачылыгынын күбөлөрү болуу үчүн, силерге ушул күч керек»,-деп айткан. Ошентсе да, бүгүнкү күндө Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүүнү уга элек жана сезе элек көптөгөн машайакчылар бар же жыйында эле тарбияланган, бирок, Ыйык Рухка чөмүлүүнүн зарылдыгы жөнүндө эч качан укпаган көптөгөн машайакчылар да бар. Же алар жыйында тарбияланышса да, бирок аларга чөмүлүү бүгүнкү күн үчүн эмес, кереметтер өткөн күндөр менен кеткен нерсе деп айтышкан.

Мен ушундай жыйында чоңойгом жана Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндө уккан эмесмин. Мага дүйнөнүн булуң-бурчундагы адамдардан көптөгөн каттар келип жатат, алар дагы бул күчтүү чындыкты уга элек. Мага келген каттардын көбү бүгүнкү күндө бул белектин баалуулугуна шек келтирет, ошондуктан, мен Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндөгү чындыкты кагаз бетине түшүрүүгө убакыт бөлдүм.

Мен Ыйык Китепте бул маселе боюнча абдан ачык түшүндүрүлгөн деп эсептейм жана мен Ыйык Китепке өзү үчүн сүйлөөгө уруксат бергим келет. Ал бардык суроолоруңарга жооп берет. Бирок, биринчиден, мен Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндөгү чындыкты кантип ачканымды айткым келет.

Кичинекей кезимде мен Кудайга суусап (азыр чоңураак болуп калсам да, дагы деле суусап турам) жана өзүмдүн конфессиямдын жыйынына барчумун. Жекшемби күнү эртең менен биз кадимки диний процедурадан өтчүбүз. Балким, силер да ушундай кылгандырсыңар.

Мен унчукпаган медитацияга чейинки бир нече гимндер эсимде. Биз ар дайым «Атабыз биздин» сыйынуусун айтчубуз, андан кийин пастор насаат айтып, акырында гимн жаңырып анан бата кылынчу. Ар бир кызмат бирдей, окшош эле.

Ал жерде сонун адамдар бар эле, ооба, алар Кудайды чындап

сүйүшкөн. Бирок, мен эч качан чыныгы Жакшы Кабардын чындыгын иш жүзүндө көргөн эмесмин.

Мен адамдардын жашоосу кескин өзгөргөнүн же Кудайдын күчү менен айыгып кеткенин көргөн жокмун. Балким, мен Кудайдын Падышачылыгынын демонстрациясын көргөн жокмун деп айта алармын.

Ошентип, Кудайга суусап жүргөм, 18 жашта элем, атамдын пиццериясын башкарчумун. Бир күнү кечинде пиццерияга бир жигит келип, мени ойгонуу  кызматына чакырды. Ал кызмат менин шаарымдагы кичинекей методист жыйынында өтчү жана конок спикер евангелист болчу, ал Ыйсанын Ыйык Китепте кылган иштерин бүгүн да кылып жаткандыгы жөнүндө айтып берди.

Бул менин көңүлүмдү бурду, анткени мен аны көргүм келди. Бул жыйынга менин бир нече досторум барышты жана мен да барууну чечтим. Ошол күнү кечинде Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндө укпасам да, ал жолугушуудагы Кудайдын катышуусу мени абдан таасирлентти. Менин досторум, бул жыйынга келип жүргөндөр мага жекшемби күнү кайтып келүүнү сунушташты, мен анан ошондой кылдым. Мен бул жыйынды сүйүп калдым жана ал менин жаңы рухий үйүм болуп калды.

Ойгонуу болгондон бир нече жума өткөндөн кийин, жыйынга барып, жума сайын Ыйык Китепти изилдеп жүргөн аялдардын тобун жолуктурдум. Алар Ыйык Рухка чөмүлтүлүү деп аталган нерсе, Рухтун белектери жана мен мурда укпаган нерселер жөнүндө сүйлөшүштү. Мен алар айтып жаткан бул күч жөнүндө уккум келгендиктен, ал аялдардын Ыйык Китеп сабагына келсем болобу деп сурадым. Бул сабактар эртең менен өтчү, кечинде пиццерияда иштегендиктен, мен да ал жакка барууну чечтим.

Ал жакка барганда мен топтун жалгыз жигити жана 18 жаштагы жалгыз катышуучусу экенимди билдим, бирок, бул мен үчүн маанилүү эмес эле. Мен Ыйык Китепти изилдөөгө бардым, анткени мен Кудайга суусап турган болчумун. Мен *абдан көп* суроолорду

бердим.

Аялдар мага абдан чыдамкайлык менен мамиле кылышты, алар мени Ыйык Жазуу аркылуу өткөрүштү жана ошондой эле, Ыйык Рухка чөмүлүү бүгүнкү күндө да актуалдуу экенин жана Кудайдын күчү Ыйсанын убагындагыдай деңгээлде эле жердеги жашоодо да бар экендигин менин *өзүмдүн* Ыйык Китебимден көргөзүп беришти. Эң жакшы жери, алар муну бардык ишенгендер үчүн — сурагандардын *баары* үчүн дешти.

Мен Ыйык Китеп боюнча сабактарга катышкандан бир нече жумадан кийин, мага Women›s Aglow аттуу улуттук миссия бүткүл шаардык жолугушуу өткөрүп жатканын айтышты. Women›s Aglow уюму Ыйык Рухка чөмүлүү жөнүндө көп нерселерди үйрөтүүчү уюм болуп келген жана ошондой болуп калууда. Бул аялдар жолугушууга катышууну пландап, мени да алар менен бирге барууга чакырышты. Ошол убакта ар кандай деноминациядагы адамдар бул чөмүлүүнү угуу жана сезүү үчүн чогулушкан эле, ал жөнүндө ушул убакка чейин негизинен Элүүнчү жыйындарда гана айтылып келген. Бул күндөрдү, көптөр айткандай Ыйык Рухтун доктринасы бардык деноминациялык сызыктарды кесип өткөн харизматикалык ойгонуу деп аташкан.

Мен Women›s Aglow жыйынына катышканымда жүздөгөн аялдарды көрдүм. Кайра эле мен эркек катары азчылыкта болчумун, бирок, ошол бөлмөдө Кудайдын бар экени сезилип турду.

Эл айыгып кетти десе таң калып, кимге сыйынылган болсо, алардын жерге кулап түшкөнүн таң кала карап турдум. Мен буга чейин мындайды көргөн эмесмин, бул мага кызыктуу жана бир аз түшүнүксүз болду. Мен муну Рухтагы курмандык деп аталаарын билдим. Табигый көз караштан мага бир аз кызыктай көрүнгөнү менен, аны башынан өткөргөн адамдар жанданып, Кудай тийип кеткендей болгону ачык эле көрүнүп турду. Кийинчерээк мен аялдардан биздин денебиз Кудайдын күчүн көтөрө албастыгын жана кээде алар «майлоо» деп атаган нерсеге туруштук бере албастыгын билдим. Алар мага кайсы жерде Ыйсанын кызматында ушундай

болгонун көрсөтүштү. Жакан 18:4б-6да, аскерлер Ыйсаны кармаганы келгенде, Ыйса мындай деп сурады:

> *«Кимди издеп жүрөсүңөр?» – деп сурады. Алар Ага: Назареттик Ыйсаны!» – деп жооп беришти. Ошондо Ыйса аларга: «Менмин», – деди. Чыккынчы Жүйүт да алар менен турган эле. Ыйса аларга: «Менмин», – дегенде, алар артка кетенчиктеп,* ***жерге жыгылышты****.*

Табынуу учурунда жанымдагы аялдардын баары абдан толкунданып жатышты жана мен айланамдагы көптөгөн адамдардын Кудайды даңктап, башка тилдерде сүйлөгөнүн уктум. Бардык тажрыйба мен үчүн ушунчалык жаңы болгондуктан, жолугушуунун көп бөлүгүндө мен коркуп турдум. Жолугушуунун көптөгөн аспектилери мен үчүн бир аз кызыктай болсо да, мен Кудайдын укмуштуудай жана сезилип турган катышуусун тана алган жокмун. Жакшы Кабардын реалдуу экенин жана Кудайдын күчү Ыйык Китептегидей жер бетинде дагы эле иштеп жатканын билгениме абдан кубандым.

Ошол күнү насаатчы Ыйык Рухтун бул белегин алгысы келгендердин баарын чогулуштун аягында сыйынуу үчүн алдыга чыгуусун суранды. Ошентип, аялдар мени менен бирге сыйынсын деп алдыга кадам таштадым. Алар сыйынып жатышканда, мен таң калдым, анткени Кудайдын бар экени ого бетер күчтүүрөөк сезилди. Анын алдында өзүмдү багындырып, мен өзүмдүн Ыйык Рухка сыйынып, өзүм түшүнбөгөн сөздөрдү айтып жатканыма таң калдым. Ошол күнү кечинде мен көпкө чейин тилдерде сыйындым. Мен башыман өткөн окуяларга абдан таң калдым, ошондуктан жолуккандардын баарына мага эмне болгонун айткым келип жатты! Бирок, мен аны жыйындагы досторум менен бөлүшкөнүмдө, алар ошондой энтузиазмды сезишпеди. Көбүнчө алар тилдер шайтандан деп  же ал актуалдуу эмес деп айтышкан. Алар мага ошол ыйык титирөөчүлөрдөн алыс болууну эскертишти!

Ал убакта жыйындар Рухтун белектерине ачык эмес болчу, ал эми, кереметтер элчилер менен кошо жок болуп кеткен деген доктрина үстөмдүк кылган. Бирок, азыр мен Кудайдын кудурети таптакыр жоголуп кетпегенин түшүндүм!

Аялдардын бул жаркыраган иш-чарасына аз калганда, мени ушул кичинекей методист жыйынынын жаштары үчүн жооптуу кылып коюшту. Менден көп нерсе деле талап кылынган жок, болгону жекшемби күнү кечинде жыйындын жертөлөсүндө жаштардын жолугушууларын өткөрчүмүн. Биз көбүнчө оюндарды ойночубуз, шам-шум этчүбүз жана Ыйык Китепти изилдечүбүз. Мен өзүм дагы жаш болчумун, бирок, мен Кудайдын иштерине ынталуу экенимди көрүп, жардам берүүгө даяр болчумун.

Топто адатта 15ке жакын жигит бар болчу жана ошол күнү **Women's Aglow** жолугушуусунда болгон окуядан кийин, мен аларга Ыйык Рухка чөмүлдүрүүдөгү тажрыйбам тууралуу айтып бергим келди. Мен түшүндүм, алардын көбү мындай нерсе жөнүндө эч качан укпаганын жана бул жыйындагы жекшемби күнү эртең мененки кызмат учурунда бул тууралуу укпай тургандарын билдим.

Андан кийин эмне болгонун силерге айтуудан мурун, ошол кездеги ойлорумду кыскача баяндап беришим керек деп ойлойм. Мен бул тууралуу жаштар менен сүйлөшүү үчүн пастордон уруксат сурап кайрылган жокмун. (Эми мен түшүнүп отурам, кайрылышым керек экен.) Мен ага мени менен эмне болгонун дагы айткан эмес элем.

Мен өзүмдүн жыйыныма каршы чыгууга, пасторумдан айланып өтүүгө аракет кылган жокмун. Мен жөн гана абдан толкундандым. Ошол учурда мен бул теманын кандай талаш-тартыштарды чыгарарын жана пастордун каршы болоорун таптакыр ойлогон эмесмин.

Ыйык Рухка чөмүлдүрүлгөндөн кийин жекшемби күнү кечинде мен жаштарга өзүм менен болгон окуя тууралуу айтып берүүнү жана аларга ал жөнүндө айтылган айрым аяттарды, тактап айтканда, Элчилер китебиндеги жерлерди көрсөтүүнү пландаштырдым. Биз

жыйындын жертөлөсүндө болчубуз, полдо тегерек болуп отурганбыз жана алар менен тажрыйбамды бөлүшүп, ошол тажрыйбаны тастыктаган кээ бир аяттарды карап чыктык.

Ошол күнү кечинде пастор жыйналышка келип, мен сүйлөп жатканда сол жагыма отурду. Мен пастордун катышуусуна көңүл бурбай койдум. Мен ал менин пасторум катары, баары бир бөлүшө турганымдын баарын билет деп ойлогом.

Ошентип, мен аларга өзүм катышкан жолугушуу, көргөндөрүм тууралуу айтып бердим. Мен тилдерде сүйлөө жөнүндө майда-чүйдөсүнө чейин айткан жокмун. Анын ордуна мен Элчилерге (1:9) басым жасадым, анда биз Кудай жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн, Ыйык Рух бизге киргенде, биз *күч* алабыз деп айтылат. Жолугушуунун аягында мен чындыгында сабакты кантип бүтүрүүнү билбей калдым, ошондуктан балдардан Ыйык Рухка чөмүлдүрүүнү каалаcа, колдорун көтөрүүнү сурандым.

Ошол учурда эмне кыларымды билбей калдым. Башкача айтканда, мен Ыйык Рухка чөмүлдүрүүгө кимдир бирөөнүн жардам бергенин **Women's Aglow** жолугушуусунда көргөнүмдөн башка көргөн эмесмин. Мен ал кезде Ыйык Жазууда ал жөнүндө айтылган эки же үч аятты гана билчүмүн деп ойлойм.

Ошондуктан, мен жөн эле: «Эгер бул Ыйык Рухтун белегин алгыңар келсе, жөн гана колуңарды көтөргүлө, башыбызды ийип сыйыналы» дедим. Чындыгында мен айткандардын баары ушул. Мен аларга тийген жокмун же Ыйык Рухту кантип кабыл алуу керектигин үйрөткөн жокмун. Башыбызды ийип сыйындык. Албетте, бардык «жакшы» машайакчыларга үйрөтүлгөндөй, сыйынуу үчүн көзүбүздү да жумдук окшойт.

«Оомийин» дегенден кийин балдардын арасында ызы-чуу болду. Көзүмдү ачсам, кээ бир балдар ыйлап, кээси титиреп, жети бала тилде сүйлөп жатканын көрдүм. Анан алар башка тилдерде сүйлөй баштаганда, мен алардын жүздөрүнөн адаттан тыш нурланууну көрдүм. Алар лампалардай жаркырап турду! Мен таң калдым!

Ушул убакка чейин унчукпай келген пасторум менин ийнимден таптап, менин аны менен дароо азыр сүйлөшө ала аламынбы, ошол жөнүндө сурады. Кошуна бөлмөгө кирдик, ал менин көзүмө карап: "Бул шайтандан. Сен мындан ары бул жерде жаштар лидери боло албайсың. Биз буга чыдабайбыз",- деп айтты.

Мен минтип ойлодум: "Бул шайтандан деп кантип айтасыңар? Дегеним, тиги балдарды кара! Алар жаркырап жатышат!» Майлоо аларда физикалык жактан көрүнүп турат. Албетте, мен ал кезде "майлоо" деген сөздүн маанисин да билчү эмесмин. Мен алардын жаркырап турганын көрүп турдум жана аларга тийген да эмесмин, аларга өзүлөрүн кантип алып жүрүүсүн да айткан эмесмин. Пастордун мындай жемелөөсү мени абдан капа кылды, эмне кыларымды билбей калдым.

Кийинки жекшембиде мен дагы жыйынга бардым, бирок мурда адатта алдыда отурган жеримде отургандын ордуна, арткы орунга отурдум. Жаштар жолугушуусунан улам пасторум менен анча жакшы эмес мамиледе болуп жатканымды билчүмүн жана маселе чечилмейинче, бир аз көрүнбөй турганым жакшы деп ойлодум.

Жекшемби күнү эртең мененки кызмат учурунда, адаттагыдай эле, тынч ой жүгүртүүгө убакыт келди. Менин жыйынымда бул абдан урматтуу жана унчукпай сыйынуу учуру болду. Баары баштарын ийип, эч кандай үн угулбайт. Төөнөгүчтүн кулап кеткенин да угууга болот эле. Дал ошол маалда кимдир бирөө ийнимден таптап жатканын сездим. Мен отургучтун четинде отургандыктан, кыязы, кимдир бирөө өтмөктө туруп, ийнимден таптап жиберди окшойт.

Адегенде сыйынуунун өтө тынч жана өзүн карманган учурунда кимдир-бирөөнүн ордунан туруп, басууга батынганы мени таң калтырды. Башымды көтөрүп карап, өткөн жумадагы жаштардын жолугушуусуна катышкан жигиттердин бирин көрүп таң калдым. Мен анын ошол күнү кечинде Ыйык Рухка чөмүлгөн жети кишинин бири экенин билчүмүн. Ал мени карап: «Кеттик!» деди. Мен ойлодум: «Кеттик? Кайда барабыз?»

Таң калыштуусу, ал Ыйык Рухту кабыл алган түндөгүдөй жаркырап турду жана мен бул жерде Кудай бир нерсе кылып жатканын түшүндүм. Бирок, мен буга чейин эле пастор менен кыйынчылыкка кабылгандыктан, азыр бир нерсе кылуу үчүн ылайыктуу убакыт же жер экенине ишенген жокмун. Ошондой эле, жыйындын жекшемби күнү эртең мененки кызматта каалаганыбызды кыла албасыбызды билчүмүн. Анан ал: «Мен апам үчүн сыйынгым келет», - деди.

Эми эмне болуп жатканын түшүнө баштадым. Мен анын апасын билчүмүн. Ал көптөн бери ооруп жүргөн кичинекей, арык аял эле. Анын белинде беш омурткасы сынган жана дарыгерлердин жалгыз үмүтү аларды кайра бириктирүү болгон. Бул абдан оор операция болчу, менин досум анын жалгыз баласы болчу. Албетте, ал апасы үчүн тынчсызданды.

Ыйык Рухка чөмүлдүрүлгөндөн кийин, ал Ыйсаны энесин айыктырат деп ишенген. Ошентип, ал «кеттик» дегенде, мен келип апасына колдорун коюп, акырын сыйынат деп ойлогом. Бирок, ал башкача иш кылды. Ал апасына жакындап, аны отургучтан көтөрүп, жыйындын кире беришине алып барды.

Ал аны отургузуп, мүмкүн болушунча үнүн чыгарып, ал үчүн тилдерде сыйына баштады. Эсиңерде болсун, мунун баары “тынч” ой жүгүртүү учурунда болгон, ал эми, азыр анчалык тынч эмес эле. Мен таң калдым! Анан ал мага кайрылып, «эмне болуп жатканын түшүндүрүп бер» деди.

Мени эмнеге өзү менен кошо чакырганын эми түшүндүм. Ал мен ага Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүү жөнүндө айткан адам деп, анын апасы үчүн тилде сыйынганын уккандан кийин, жыйналышка бул тууралуу айтып бере алат деп чечкен.

Ошентип, мен анын өкүлү катары жыйындын алдында турдум, ал башка тилдерде апасы үчүн сыйынды. Айрыкча, пасторум мени карап отургандыктан эмне дээримди билбей калдым. Мен жыйналышка анын апасы ооруп жатканын жана ал үчүн Ыйык Китепте жазылган тилдерде сыйынып жатканын айттым. Бирок, билесиңерби? Ал апа

ошол күнү эртең мененки жыйында дароо айыгып кетти!

Бул анын сыйынуусу жөнүндө башкалар эмне деп ойлогонуна таптакыр кайдыгер болгон уулдун ишеними эле. Ал Ыйык Рухтун тирүү жана сак экенине жана энесин айыктыра аларына ишенген.

Ал дароо айыгып кетсе да, жыйын аны кабыл алган эмес. Чындыгында, ошондон кийин алардын көбү мага келип: «Ооба, анын апасы үчүн сыйынганына каршы эмесмин, бирок, бул башка тилдер, биз муну эптей албайбыз» дешти. Мен шайтан да тилдерди жек көрөрүнө кепилдик бере алам жана бул китеп бүтө электе анын эмне үчүн тилдерди жек көрөрүн түшүнүүгө силерге жардам берем деп үмүттөнөм.

Балким, силер тилдер жана Рухтун белектери колдонулбаган жыйында чоңойгондурсуңар. Же, балким, силер башка тилдер бүгүнкү күндө эмес же алардын заманы өтүп кеткен деген окуу менен чоңойгондурсуңар. Бул суроолорго жооп берүү кыйын эмес. Ыйык Китепте бул тууралуу абдан ачык жазылган. Андыктан келгиле, Сөздү кылдаттык менен карап чыгалы жана Ыйык Рухка чөмүлдүрүү жөнүндөгү чындыкты билели. Бул бөлүмдүн башында окуган аяттарга кайрылып көрөлү

> *“Анан Ыйса аларды чогултуп, мындай буйрук берди: «Иерусалимден кетпегиле, Атанын убадасын, Менден эмнени уксаңар, ошону күткүлө. Анткени Жакан сууга чөмүлдүргөн, ал эми силер бир аз күндөн кийин, Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр».*
>
> – Элчилер 1:4, 5

Бул аятта талкууланышы керек болгон бир нече маанилүү жагдайлар бар:

1. Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүү суу менен чөмүлдүрүүдөн айырмаланат.
2. Ыйса бул абдан маанилүү экенин айткан. Чынында, ансыз

силер эч нерсе кыла албайсыңар деп ачык айткан.

Эсиңерде болсун, Ыйса жаңы эле шакирттерине бардык элдерге Жакшы Кабар таратуу керектигин айткан.

> *Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар.*
>
> – Элчилер 1:8

Күч! *Күч деген грек сөзү dunamis. «Динамит» деген сөз ушундан келип чыккан. Ошентип, биз Кудайдын күчү Анын иштерин аткаруу үчүн бизге түшкөнүн көрөбүз. Кызматтын башында Ыйса Ал башкарган күч же майлоо Атасынан келерин айткан.*

> *«Силерге айткан сөздөрдү Мен Өз атымдан айткан жокмун. Менин ичимде жашаган Атам Өз иштерин кылып жатат».*
>
> – Жакан 14:10

> **«***Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт***»** *(Жакан 5:19).*

Көрдүңөрбү? Ыйса Өзү Кудайдын Рухуна муктаж болгон. “Майлоо” деген сөз “колдонуу” дегенди билдирет. Ыйса бул майлоону Иордан дарыясында Ыйык Рух көгүчкөн сыяктуу болуп Ага түшкөндөн кийин, Өз Атасынан алган.

Ыйса бул майлоону алгандан кийин гана Кудайдын Падышачылыгынын иштерин жасай алган. Эгерде *Ыйса* ага муктаж болгон болсо, анда биз да ага муктажбыз! Бул күч Кудай Аны таанымбагандарга Анын реалдуу экенин ачык көрсөтүү аркылуу күбөлөндүрүлөт (же далил катары кызмат кылат).

Ошондой эле, Ыйык Китеп дагы күч-кубатты Ыйык Рух силерге кирип, жогорудан төрөлгөндө эмес, Ал СИЛЕРГЕ ТҮШКӨНДӨ

аласыңар деп айтат.

Көптөгөн адамдар Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүүнү адаштыра беришет , анткени, алар Машаякты кабыл алып жатканда Ыйык Рухту кабыл алдык деп ойлошот. *Чындыгында*, алар Машаякты кабыл алганда Ыйык Рухту алышкан. Ыйык Рух алардын рухун Кудай үчүн тирүү кылып, Кудай менен бир кылды.

Биз жогорудан төрөлгөндө, ичибиздеги Ыйык Рухтун күчү менен Кудай үчүн тирүүбүз. Бирок, Ыйык Жазуунун бул үзүндүсү «Ыйык Рух силерге түшкөндө» деп айтылганына көңүл бурсаңар. Бул биз бул китепте кийинчерээк талкуулай турган маанилүү чындык: жогорудан төрөлүү жана Ыйык Рух менен майлануу же чөмүлдүрүлүү эки башка окуя. Жакан 20:21, 22-аяттарды карап чыгуу менен, бул билдирүүнү жакшыраак түшүнүүгө болот.

> *Ыйса аларга дагы бир жолу: «Силерге тынчтык болсун! – деп айтты да, – Атам Мени жиберген сыяктуу, Мен да силерди жиберем», – деди. Ушуну айткандан кийин, Ал шакирттерине демин үйлөп: «Ыйык Рухту кабыл алгыла!...” деди.*

Биз бул жерде Ыйсанын тирилгенден кийин, шакирттери менен учурашканын, аларга дем берип, аларга Ыйык Рухту кабыл алууну айтканын көрөбүз. Ошол учурда алар кайра төрөлүшөт жана алардын руху Кудай үчүн ичинен жанданат. Бирок, Ыйса аларга кийинчерээк *келе турган* Ыйык Рухтун чөмүлтүлүшүн күтүүнү айтат.

*Эгерде Ыйса аларга демин үйлөгөндө, алар Ыйык Рухту толугу менен кабыл алышкан болсо, анда эмне үчүн Ал аларга убада кылынгандай, Ыйык Рух түшкүчө, аларга Иерусалимде күтүүнү айтты?* Кайра эле, *бул эки башка окуя жана эки башка функциялар*, бирок, *ошол эле Рух. Ошондой эле, мен айткандай*, *Ыйса Өзүнүн кызматына кириши жана натыйжалуу болушу үчүн*, *Ыйык Рухка чөмүлтүлүшү керек экенин белгилей кетүү керек. Ыйсанын Ыйык Рухка чөмүлтүлгөнгө чейин кандайдыр бир керемет жасаганы*

*жөнүндө эч кандай маалымат жок. Ыйса кечки тамактагы нанды чоңойгон кезде көбөйткөнбү*? Ал *ымыркай кезинде кереметтерди жасаганбы*? Ал *балдар үчүн арналган тамагы түгөнүп жатканда*, бирок, *жакшы тойбой калганы үчүн көбөйткөнбү*? Жок! *Көбөйткөн жок. Эмнеге*? *Жөнөкөй жана чынчыл жооп*: Ал кыла алган жок.

Ал Иордан дарыясында Ыйык Рухту *алгандан кийин гана* кереметтерди жасай баштаган. Көрдүңөрбү, Ыйса адам болуп келген. Ал Кудайдын Уулу катары Өзүнүн күчү жана даңкы менен келген эмес. Ар бир адам сыяктуу эле, Ал да адам катары чектелген. Сен экөөбүз өз алдынча керемет жасай албагандай эле, Ал да айыктырып жана керемет жасай алган эмес.

Анткен менен, бизден айырмаланып, Ыйсанын руху, Ал ымыркай болуп төрөлгөндө Кудай үчүн өлүп калган эмес. Анын руху Кудай үчүн дайыма тирүү болгон; Ал биздей болуп кайра төрөлүшүнүн кереги жок болчу. Бирок, Анын Уулу катары Кудай үчүн руху тирүү болсо да, Ал дагы  биз сыяктуу эле, Өзүнүн кызматын баштоо үчүн, Ыйык Рух менен чөмүлдүрүлүшү керек болчу.

> *Чөмүлдүрүлөрү менен Ыйса суудан чыкты. Ошол учурда (Жакан) асмандын ачылганын жана Кудайдын Рухунун көгүчкөн сыяктуу Ага түшүп келе жатканын, Анын үстүнө түшкөнүн көрдү. Ошондо асмандан «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын» деген үн угулду «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын.*
>
> – Матай 3:16, 17

Эсиңерде болсо, биз Ыйсаны падышалардын Падышасы жана теңирлердин Теңири деп ойлойбуз, бирок, ал кызмат кылган позиция эмес. Кереметтер Иордан дарыясынын жанына Ыйык Рух түшкөндөн кийин гана башталган.

Силердин кызматыңар (анткени, *ар бир* ишенген адам Ыйсанын иштерин кылууга чакырылган) силер Ыйык Рухка чөмүлдүрүлмөйүнчө, башталбайт — иштерди аткаруу үчүн, силерге Ыйык Рухтун күчү

керек. Аларды кантип кылууну билүү үчүн, Рухтун жетеги менен сыйынуу жөндөмү керек, бул тууралуу кийинчерээк сүйлөшөбүз.

Албетте, силер башкаларга Ыйык Китепте куткарылуу жөнүндө эмне деп айтылганын айтып, жогорудан төрөлүү тажрыйбасын сунуштай аласыңар. Ыйык Рухка чөмүлбөгөн көптөгөн машайакчылар Жакшы Кабарды натыйжалуу бөлүшүшөт, бирок, Ыйсадай болуп Кудайдын Падышачылыгын көрсөтүүгө күчү жетпейт. Ушундан улам, көп нерседе насаат айтуу талаптагыдай күчтүү таасир эте албайт.

Ыйса фарисейлерге алардын ишенбестигин айтып жатканда Ал Өзү жасаган кереметтерине токтолгон. Ал минтип айткан:

> *«Мага ишенгиле: Мен Атамдын ичиндемин, Атам Менин ичимде. Сөзүмө ишенбесеңер да, кылып жаткан иштеримди көрүп, Мага ишенгиле» (Жакан 14:11).*

Ыйса, негизинен, Кудайдын Падышачылыгынын бул демонстрациясы бардык талаш-тартыштарды токтотту деп айткан; маселе чечилди. Эми, албетте, ар бир ишенген адам Ыйса төлөгөн бардык нерсеге, анын ичинде айыктырууга мыйзамдуу укугу бар. Ар бир ишенген адам Кудайдын убадаларынын каалаганын ишеним аркылуу ала алат (асман менен болгон келишим аркылуу) жана Кудайдан кабыл алуу үчүн, ага Ыйык Рух менен чөмүлдүрүлүү керек эмес.

Бирок, Рухтун белектерин колдонуп, тилдерде сыйынуу аркылуу асман сырларында жүрүүнүн пайдаларынан ырахат алуу үчүн, бул күчтү силерден башкаларга өткөрүп берүү үчүн, майлангандын күчү болушу керек! Мен тилдерде сыйынуу жөнүндө айтканда эмнени айткым келгенин түшүнбөй калышыңар мүмкүн экенин билем. Бул силерди коркутпасын, мен баарын кийинчерээк кеңири түшүндүрүп берем.

Менин кызым Эми Огайо штатындагы Жаңы Олбани шаарындагы Faith Life жыйынында сыйынууну жетектейт. Бир нече жыл бою ал баарыбызды таң калтырган абалда азап тартты: курсагы акырындап

чоңоюп, сыртка чыгып кетти. Көптөгөн дарыгерлерге кайрылсак да, эмне үчүн мындай болуп жатканын эч ким түшүнө алган жок. Алардын баары бул анын конституциясынын гана өзгөчөлүктөрү экенин айтышты.

Бул ал кош бойлуулуктун алтынчы айындагы аялга окшош боло баштаганга чейин уланган. Анан Эми рентгенге тартылды, рентген сүрөтү анын ичинде чоң шишик бар экенин көрсөттү. Сүрөттү көргөндөн кийин Эми кийинки кадам медициналык көз караштан кандай болорун билген. Бул кадам  операция болмок. Эми жаңы эле турмушка чыккандыктан, операциядан кийин балалуу болуу кыйынга турушу мүмкүн экенин же балким, таптакыр балалуу болбой калышы да мүмкүн экендигин жакшы билген. Эми үчүн бул вариант болбойт эле. Ал өмүр бою эне болууну кыялданчу. Рентген нурлары ошондой эле, чоң шишик органдарды жылдырганын жана бул Эмиде тамак сиңирүү көйгөйлөрүн, ошондой эле, бөйрөктүн олуттуу көйгөйлөрүн жаратып жатканын көрсөттү. Ал Кудайдын Сөзүн олуттуу түрдө изилдөөнү чечти жана убактысын Ыйык Китепте айыктыруу жөнүндө эмнени окуткандыгын изилдөөгө арнады. Ошол эле учурда мен “Ишенимдеги жашоо” жыйынында айыктыруу боюнча насаат айттым. Бул катар сабактардын аягында, Эми  кызматчылардан анын үстүнө кол коюп, Жакып 5:14, 15ке ылайык айыгышы үчүн сыйынууну суранды, биз ошондой кылдык.

> *Ким ооруп жатса, ал Жыйын башчыларын чакыртсын. Алар аны Теңирдин атынан зайтун майы менен майлап, ал үчүн сыйынышсын.*
>
> *Ишеним менен сыйынганда, оорулуу айыгат, Теңир аны бутуна тургузат. Эгерде оорулуу күнөө кылган болсо, күнөөлөрү кечирилет.*
>
> – Жакып 5:14, 15

Кудайдын Сөзүнө ынанган Эми, биз ага кол койгонубузда, өзүнүн айыккандыгын айтты. Биз ал үчүн сыйынган учурда анын айыгып

кеткенинин физикалык көрүнүшү болбосо да, ал айыгып кеткенине ишенген.

Ал эки жумадан кийин уктаганы төшөккө жатты, анын айыгып кеткени тууралуу эч кандай физикалык далилдери жок болчу, бирок, эртең менен шок абалда ойгонду. Ал уктап жаткан түнү 13 фунт жана 9 дюйм арыктаган. Анын ийилген жана түйүлгөн бели да кадимкидей ордуна келип калган. Ал бир заматта айыгып кетти!




ЧЕЙИН    КИЙИН

Бул сүрөттөр кереметтүү айыгууну көрсөтүп турат. Сол жактагы сүрөттө Эми уктаганга жаткандагы көрүнгөн абалы.

Оң жакта - ал ойгонгондо кандай болуп көрүнгөндүгү.

Силер анын айыкканга чейин сол жагынан көрүнгөн жана ал айыккандан бир жума өткөндөн кийин оң жагынан тартылган рентгенин көрүп турасыңар. Омурткадагы кескин өзгөрүүлөргө көңүл бургула!




ЧЕЙИН КИЙИН

Ошол учурда Эми “Ишенимдеги жашоо” жыйынындагы кызматчы болгон. Ал кийинки жекшембиде жыйынга келгенде эмне болгонун элестете аласыңарбы? Адамдар аны таң калып эле карап калышты! Алар фойеге токтоп, таң калып: “Сага эмне болду? Жаңы дене алдыңбы?» деп сурап жатышты. Ошол жекшемби күнү Эми сыйынууну жетектегенде бүт жыйын шок болду жана Кудайдын Падышачылыгынын бул демонстрациясы көптөрдү Кудайга алып келди жана көптөрү айыгып кетишти.

Адамдар Кудайдын Падышачылыгын иш жүзүндө көрүшү керектигине макул болоттурсуңар. Элчилер китебинде (1:8) биз майлоонун, башкача айтканда, Ыйык Рухка чөмүлтүлүүнүн абдан зарыл экенин көрөбүз.

> *“Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар.”*
>
> – Элчилер 1:8

Ал эми, Ыйса үчүн Кудайдын Падышачылыгын көрсөтүү зарыл болгон.

> *Мага ишенгендерди бул белгилер коштоп жүрөт: Менин ысымым менен жиндерди кууп чыгарышат, жаңы тилдерде сүйлөшөт. Эгерде колдору менен жыландарды кармап алышса, уулуу нерсе ичип алышса, алардан зыян тартышпайт. Колдорун оорулуулардын үстүнө коюшса, оорулуулар айыгышат.*
>
> – Марк 16:17, 18

Жыланды алып жана өлүмгө алып келүүчү ууну ичүү шайтандын падышачылыгында гана мүмкүн жана бул түздөн-түз коркуу менен байланышкан. Шайтандын падышачылыгы талкаланды. Ыйса коркунучтуу жыланды алып же уу ичүүнү сунуш кылбайт, бирок, Ал бул сөз айкашын бизге душмандын үстүнөн берилген күчтүн мисалы катары колдонот. Биз Кудайдын бул бийлигин жана күчүн шайтандын ээлигине алып келип, элди боштондукка чыгарышыбыз керек!

Көңүл бурсаңар, Ыйса *«бул жышаандардын»* ишенгендерди ээрчип жүрөөрүн айткан. Адамдар Кудайдын Падышачылыгынын бул *белгилерин* (демонстрациясын) көргөндө, бул кандайча болгонун сурашат. Жышаан бир нерсени көрсөтүп турат. Бул өзүнчө турганда кандайдыр бир бир жооп болуп эсептелбейт, бирок,  Бар болуп Турган Ыйсаны көрсөтөт!

Бул белгилер Ыйса Теңирби же жокпу деген талаш-тартыштарга чекит коёт - АЛ ТЕҢИР! Адамдар Анын Теңир экенин көргөндө, тобо кылып, Кудайга келишет. Мына ошондуктан, силер жана мен Ыйык Рухтан чөмүлдүрүлүүгө муктажбыз жана ансыз биз чындап натыйжалуу боло албайбыз! Ошентип, азыр биз Ыйык Рухтун чөмүлдүрүшүнө эмне үчүн муктаж экенибизди бир аз карап чыктык. Келгиле эми, бул майлоо жөнүндө айтылган аяттарды карап көрөлү.

5-БӨЛҮМ

# БИБЛИЯЛЫК КҮБӨЛҮКТӨР

Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүү жөнүндө түшүнүк алуунун эң жакшы жолдорунун бири - Элчилер китебинде жазылгандай, Элүүнчү күн майрамында аны кабыл алгандардын жолун карап көрүү. Биз Ыйык Жазуунун ар бир аятын талкуулаган сайын, бул чөмүлдүрүлүү силер үчүн экенине болгон ишенимиңер жана ынанымыңар өсөт.

> *Элүүнчү күн майрамында алардын бардыгы бир жерге чогулушту. Бир маалда асмандан катуу шамалдын добушундай болгон добуш чыгып, алар отурган үйдүн ичин толтурду. Анан жалындай болгон тилдер бөлүнүп-бөлүнүп, алардын ар биринин үстүнө түштү. Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй башташты.*
>
> *Ошол убакта Иерусалимде бүт дүйнө жүзүнөн келген динчил жүйүттөр бар эле. Бул добушту уккан адамдар чогулуп, дүрбөлөңгө түшүштү. Анткени шакирттер ошол адамдардын ар биринин тилинде сүйлөп жатышкан эле. Бардыгы айран-таң калып, өз ара мындай деп сүйлөшүп жатышты: «Сүйлөп жаткан бул адамдардын бардыгы галилеялыктар эмеспи? Булар кандайча ар бирибиздин эне тилибизде сүйлөп жатышат?*
>
> *Биз, парфтыктар, мадайлыктар, эйламдыктар жана*

> *Месопотамия, Жүйүт, Кападокия, Понт жана Асия тургундары, Фригия, Памфилия, Мисир жана Киренея тараптагы Ливия аймагынын тургундары, Римден келгендер, жүйүттөр жана прозелиттер, криттиктер жана аравиялыктар, өз тилибизде алардын Кудайдын улуу иштери жөнүндө айтып жаткандарын угуп жатабыз».*
>
> *Бардыгы аң-таң болуп, эмне дешерин билбей, бири-биринен: «Бул эмнеси?» – деп сурап жатышты. Ал эми кээ бирөөлөргү: «Алар таттуу шарап ичип, мас болуп алышса керек», – деп шылдыңдап жатышты.*
>
> – Элчилер 2:1—13

Мен силерге биринчиден белгилеп кетким келген нерсе, Ыйык Китепте *алардын баары* Ыйык Рухка толгон деп айтылат! Экинчиден, алардын *баары* башка тилдерде сүйлөшкөн. Балким, силер Элүүнчү күн майрамын сүрөттөп, эмне үчүн алардын баары башка тилдерде сүйлөгөнүн түшүндүрүп жатканын уккандырсыңар. Кээ бирөөлөр бул жыйын үчүн бир жолку тажрыйба болгон деп ырасташат, анткени, ал жерде ар кандай улуттагы адамдар чогулган, демек, ар кандай тилде сүйлөгөн бардык адамдарга Жакшы Кабарды таратуу үчүн, башка тилдер зарыл болгон. Бирок, Ыйык Жазууну карап көрсөк, үстүңкү кабатта турган 120 адам Кудайдын кереметтери жөнүндө айтып жатышканын көрөбүз. Алар Жакшы Кабарды насааттташкан эмес, жөн гана Кудайды даңкташкан.

> *«...өз тилибизде алардын Кудайдын улуу иштери жөнүндө айтып жаткандарын угуп жатабыз». Бардыгы аң-таң болуп, эмне дешерин билбей, бири-биринен: «Бул эмнеси?» – деп сурап жатышты.*
>
> – Элчилер 2:11, 12

> *Айланада туруп, алардын эне тилинде Кудайды даңктап жатканын уккан адамдар таң калышты. Ошондо Петир*

*ордунан туруп, куткарылуу жөнүндөгү кабарды жарыялады жана ошол күнү 3000 киши жыйынга кошулду. Эгерде шакирттер башка тилдерде насаат айтышкан болсо, Петирге ордунан туруп, насаат айтуунун кереги жок болмок. Бирок, Петир кабар айтуу үчүн ордунан турганга чейин, алар эмнени угуп жатканын түшүнүшкөн жок. Ал убакта башка тилдер Жакшы Кабарды таратуу үчүн колдонулган эмес, азыр да Жакшы Кабарды таратуу үчүн колдонулбайт. Момундар үчүн тилдин пайдасын кийинки бөлүмдө карап чыгабыз, бирок, мен азыр эң көп уккан аргумент боюнча гана комментарий берем.*

*Дагы бир нерсеге көңүл бургум келет, Ыйык Китепте алардын бардыгы кабыл алышкан жана баары башка тилдерде сүйлөшкөн. Эгер Ыйык Китепте бул темада кененирээк айтылбаса, тилдерде сүйлөө бүт жыйын үчүн экенине күмөн санашыбыз мүмкүн эле. Бирок, Ыйык Китеп андай кылбайт. Тескерисинче, бул кубулуш Элүүнчү күн майрамынан кийин Ыйык Рухка чөмүлтүлгөн ар бир адам үчүн улангандыгын жана дале уланып жаткандыгын көрөбүз.*

*Мен силерге Элүүнчү күн майрамына катышкандардын бири жөнүндө айтып берейин. Анын аты Филипп болчу.*

*Чачырап кеткендер болсо эл аралап, Кудайдын сөзүн таратып жүрүштү. Филип Самария шаарына келип, анын тургундарына Машайак тууралуу Жакшы Кабар таратты.*

*Филип жасаган кереметтерди уккан-көргөн элдин бардыгы анын сөзүнө чын дилден кулак салышты.*

– Элчилер 8:4—6

Бул жерде Филипптин Кудайдын Падышачылыгын көрсөтүп жатканын жана аны угуп жаткан адамдарды көрөбүз. Бүгүн да ушундай болуш керек! Качан адамдар  жышаандарды, Падышачылыктын

*далилдерин көрүшкөндө*, силердин айтканыңарды абдан кунт коюп угушат.

> *Анткени жин оорулуу көптөгөн адамдардын ичинен жиндер катуу кыйкырык менен чыгып, көптөгөн шал оорулуулар менен аксактар айыгып жатышкан эле. Ошентип, бул шаар чоң кубанычка бөлөндү.*
>
> – Элчилер 8:7, 8

Филипптин Иерусалимде жаңы эле алган күчү менен жүргөнүнө көңүл бурсаңар. Кудайдын кудурети баарына айкын көрүнүп тургандыктан, анын артынан жышаандар келди. Ал бул *dunamis* ти (*күч* дегенди билдирген грек сөзү) алган; Эми ал Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө күбөлөндүрө алган.

> *Иерусалимде калган элчилер самариялыктардын Кудай сөзүн кабыл алганын угушканда, аларга Петир менен Жаканды жиберишти.*
>
> *Экөө келишти да, аларга Ыйык Рух берүүсүн сурап, Кудайга сыйынышты.*
>
> *Анткени алардын эч кимисине Ыйык Рух түшө элек болчу, болгону, алар Теңир Ыйсанын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлүшкөн эле. Эки элчи самариялыктардын үстүнө колдорун коюшканда, алардын үстүнө Ыйык Рух түштү.*
>
> – Элчилер 8:14—17

Иерусалимдеги элчилер Самариянын Кудайдын Сөзүн кабыл алганын угуп, аларга Петир менен Жаканды жөнөтүштү. Ал жерге жеткенде, алар Ыйык Рухту алышын сурап, алар үчүн сыйынышты, анткени Ыйык Рух алардын эч кимисинин үстүнө *түшө элек болчу.* Ошентсе да, Ыйык Китепте жиндер жок болуп, оорулуулар айыгып, Кудайдын улуу иштери болуп, адамдар Ыйсага ишенип, сууга

чөмүлдүрүлгөнүн айткан. Бирок, Ыйык Рух алардын эч бирине дагы ТҮШӨ электиги айтылат!

Көрдүңөрбү, Филипп куткарылуу жөнүндө жар салды, алар аны кабыл алышты, ага жетишти, бирок, Ыйык Рух менен чөмүлдүрүлүүнү алар али ала элек.

Алар жогорудан төрөлүштү, бирок сөздү карагыла: Ыйык Рух али «АЛАРДЫН БИРИНЕ ДА ТҮШКӨН ЖОК». Бул жерде кайра бир айырма, Ыйык Рух *бизде* (жогорудан төрөлүү) жана бул күч менен *бизге* түшкөн Ыйык Рух.

Филипп эмне үчүн аларга Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндө насаат айтпаганы Ыйык Китепте айтылбайт. Ал өзү Ыйык Рухка чөмүлтүлгөндөн кийин дароо эле Иерусалимден чыгып кеткен болушу мүмкүн жана ал учурда бул бардыгы үчүн чындык экенин билген эместир. Кандай гана себептен улам болбосун, адамдар Жакшы Кабарга ишенип, сууга чөмүлдүрүлүп, жогорудан төрөлгөнү айкын болгон. Бирок, Самариядагы адамдардын Ыйык Рухка чөмүлтүлүүнү алар сыяктуу болуп - дароо эле кабыл алышы, элчилер үчүн канчалык маанилүү болгонун байкасаңар.

Алардын эң биринчи оюу кандай кийинүү керектигин айтуу болгон эмес. Алар: «Келгиле, кантип туура кийиниш керек, жыйынга качан барыш керек, аларга айтып берели» дешкен жок. Алар доктрина эрежелерине маани беришкен эмес. Аларды эң биринчи эмне тынчсыздандырган? Ыйык Рух менен чөмүлтүлүү! Ошентип, алар ошол замат ал жакка барып, ал адамдарга Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндө айтууга аракет кылышкан. Андан кийин Петир менен Жакан алардын үстүнө кол коюшту, алар Ыйык Рухту кабыл алышты. Ошол жерде жана ошол учурда алар Ыйык Рухту кабыл алышты. Кандай күбөлүк болду? Менимче, бул башкалардай эле - тилдерде сыйынуу болгон.

*Элчилердин кол коюусу аркылуу Ыйык Рух берилерин көргөндө, Шымон аларга акча алып келип:*

*«Мага да ушул бийликти бергилечи, мен кимдин үстүнө колумду койсом, анын үстүнө Ыйык Рух түшсүн», – деди. Бирок Петир ага мындай деди: «Күмүшүң менен кошо жок бол, анткени сен Кудайдын белегин акчага сатып алууну ойлодуң.*

*Бул иште сенин тиешең да, үлүшүң да жок, анткени сенин жүрөгүң Кудайдын алдында таза эмес.*

*Ошондуктан бул күнөөң үчүн Теңирден кечирим сурап сыйын, балким, Ал жүрөгүңдөгү жаман оюңду кечирер.*

*Анткени мен сенин көрө албастык кылып жатканыңды жана күнөөнүн кишенинде экендигиңди көрүп турам».*

*Ошондо Шымон: «Айткандарыңардын эч бири башыма түшпөш үчүн, мен үчүн Теңирге сыйынгылачы», – деди.*

– Элчилер. 8:18—24

Симон Рухтун кол коюу аркылуу берилгенин көрүп, ага ушундай күч берүү үчүн элчилерге акча сунуштады. Симон алар Ыйык Рухту кабыл алганда бир нерсе болгонун, кандайдыр бир далилдерди көргөн болушу керек. Ал бул бийликке ээ болгусу келген.

Алар ошол жерде тилде сүйлөштү деп айтылбайт, бирок, эл көрүп тургандай бир нерсе болду. Симон күчтүү бир нерсени көрүп, аны элге жеткиргиси келди. Менин оюмча, анын комментарийлери башкалар сыяктуу эле анын чөмүлтүлгөнүн жана башка тилдерде сүйлөй баштаганын көрсөтүп турат. Дагы бир жолу айткым келет, Иерусалимдеги жыйын Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүүнү ушунчалык маанилүү деп эсептеген — бул абдан маанилүү болгон!

Дамаскка бара жаткан жолдо Пабыл Кудайга кайрылгандан кийин, Анания деген киши Пабыл үчүн сыйынууга жиберилген.

*Анания барып, ошол үйгө кирди да, Шабылдын үстүнө колдорун коюп, мындай деди: «Бир тууганым Шабыл! Келе*

*жаткан жолуңда өзүңө көрүнгөн Теңир Ыйса, көздөрүң кайрадан көрүшү үчүн, Ыйык Рухка толушуң үчүн, мени сага жиберди»*

– Элчилер 9:17.

Ыйык Китепте Пабылдын Ыйык Рухка чөмүлтүлгөнүндө башка тилдерде сүйлөгөнү айтылбайт, бирок, биз анын башка тилдерде сүйлөгөнүн билебиз жана мен анын башкалар сыяктуу эле чөмүлтүлгөнүнө ишенем. Мен эмнеге мындай деп ойлоймун деп сурасаңар болот. Бул жөнөкөй эле. Кептин баары Пабылдын Корунттуктарга жазган Биринчи Катында.

*«Кудайга ыраазымын, ар кандай тилдерде мен баарыңардан көбүрөөк сүйлөйм.»*

– 1 Кор. 14:18

Ошентип, Пабыл Ыйык Рухка чөмүлтүлгөндө башка тилдерде сүйлөгөн деген тыянак чыгарууга болот. Элчилер китебинин бөлүмдөрүн окуп жатып, бул чөмүлдүрүлүү бүт жыйын боюнча күндөн-күнгө уланып жатканын көрөсүңөр. Бул Элүүнчү күн майрамында эле болгон жок.

Кийинчерээк Элчилер китебинин 10-бөлүмүндө Петир бутпарастардын үйүнө жөнөтүлүп, аларга Жакшы Кабарды таратууга үндөгөн. Бул жерде Петир жүйүт болгонун жана анын бутпарастардын үйүнө барышы абдан өзгөчө экенин эстен чыгарбоо керек. Петир ал жерге Ыйык Рухтан келген аян аркылуу гана барган.

*Петир ушул сөздөрдү айтып жатканда, сөздү угуп отургандардын бардыгынын үстүнө Ыйык Рух түштү. Ошондо Петир менен келген, Ыйсага ишенген жүйүттөр Ыйык Рухтун бутпарастардын үстүнө да төгүлгөнүнө абдан таң калышты. Анткени алардын ар кандай тилдерде сүйлөп, Кудайды даңктап жатышканын*

*угушту. Ошондо Петир мындай деди: «Биз сыяктуу эле, бул адамдар да Ыйык Рухту алышты. Демек, алардын сууга чөмүлдүрүлүүсүнө ким тыюу сала алат?» Анан Петир аларга Ыйса Машайактын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлүүгө буйрук берди. Ошондон кийин алар Петирден дагы бир нече күн калуусун өтүнүштү.*

– Элчилер 10:44—48.

Петир бул бутпарастык үйдө Машайактын Жакшы Кабарын насааттаганда, кабарды уккандардын баарына Ыйык Рух түшкөн. Кудайдын Рухун көрүүгө мүмкүн эмес, анан алар Ыйык Рухтун аларга түшкөнүн кайдан билишти? Текстте, Петир менен бирге келген сүннөткө отургузулган ишенгендер, Ыйык Рухтун белеги бутпарастардын үстүнө да төгүлгөнүнө таң калышты деп айтылат, анткени *алар башка тилдерде сүйлөп, Кудайды даңктап жатканын угушкан.*

Анда Ыйык Рухтун бар экенине кандай далил болгон? Петир ага айкын болгон нерсени моюнга алышы керек болчу: Кудай бул адамдарды кабыл алды. Ал Ыйык Рухка чөмүлтүлүү жөнүндө эч нерсе айтпай туруп, алардын башка тилдерде сүйлөп жатканын көргөнү, ага керектүү далил болгон. Петир алардын эмнени кабыл алганын *билген*, анткени алар да, ал сыяктуу Ыйык Рухту кабыл алышкан жана алар башка тилдерде сыйынышкан.

Силер азыркы жыйын маанилүү деп эсептеген нерселер менен библиялык убактагы маанилүү деп эсептеген нерселердин ортосундагы чоң айырманы таба аласыңар. Ар бир адам Ыйык Рухка чөмүлтүлүшү керек экенин ачык-айкын көрсөткөн, менин сүйүктүү аяттарымдын бири жана жогорудан төрөлүүдөн тышкары, бул Ыйык Рухтун иши экенин, эч күмөнсүз ырастаган Элчилер китебинде минтип айтылат:

*Аполос Корунтта жүргөн убакта Пабыл бөксө тоолордун үстүндө жайгашкан өлкөлөрдү аралап өтүп, Эфеске*

*келди да, ал жерден бир нече шакиртке жолугуп: «Ыйсага ишенип калганыңарда Ыйык Рухту алдыңар беле?» – деп сурады. Алар болсо ага: «Ыйык Рухтун бар экенин да уккан эмеспиз», – деп жооп беришти.*

– Элчилер 19:1, 2.

Пабыл Эфес шаарына киргенде, бир нече шакирттерин таап, алардан: «Ишенгениңерде Ыйык Рухту кабыл алдыңарбы?» — деп сурады. Бул Пабылдын ишенгендер менен жолуккандагы биринчи тынчсызданган суроосу болгон.

Пабыл жогорудан төрөлүү, ар кандай тилдерде сүйлөө аркылуу тастыкталган, Ыйык Рухка чөмүлтүлүүдөн түп-тамырынан бери айырмаланарын түшүнгөн.

Эмне үчүн бул, Пабылдын аларга айткан биринчи сөзү болгон? Анткени, Элчилер китебинде (1:4) Ыйса да дал ушундай деген! Ал: «Ансыз шаарды таштабагыла!» деген. Самариядагылардын Сөздү укканын билген элчилер Иерусалимде эмне кылышкан? Алар: “Балдар, жүргүлө азыр дароо ошол жакка баралы. Биз бардыгы туура жасалганына ынанышыбыз керек. Ал жакка барып, алар Ыйык Рухка чөмүлдүрүлгөнүнө ынангыла». Пабыл Эфестен өтүп, шакирттердин бир нечесин тапканда, алардан биринчи сураганы: «Ишенгениңерде Ыйык Рухту кабыл алдыңарбы?» — деген суроо болгон.

Алар: «Жок, биз Ыйык Рух жөнүндө уккан да эмеспиз», - деп жооп беришкенде, Пабыл алардан кандай чөмүлтүлүүнү кабыл алышкандыгын сурады. Алар: «Жакандын чөмүлдүрүүсүн», - деп жооп беришти. Пабыл Жакандын чөмүлдүрүүсү өкүнүп, тобо кылуу чөмүлтүлүүсү экендигин түшүндүрүп, элди өзүнөн кийин келе Турганга ишенүүгө чакырганын айтты. Башкача айтканда, бул Ыйсага ишенүү.

Муну укканда алар Теңирибиз Ыйсанын атынан чөмүлдүрүлүштү (сууга чөмүлтүлүү). Ошондон кийин, Пабыл аларга колун койгондо, алардын үстүнө Ыйык Рух түшүп, алар башка тилдерде сүйлөштү.

Пабыл алардан сураганда, алар Ыйсага ишенишет деп, анан болжолдогонуна көңүлүңөрдү бурсаңар. Мына ошондуктан Ал:

«Ишенгениңерде, Ыйык Рухту кабыл алдыңар беле?» — деп сураган. Ал Ыйык Рухка чөмүлтүлүү кайра төрөлүүдөн түп-тамырынан айырмаланарын түшүнгөн.

**МЕНИН ОЮМЧА БУЛ ЖЕРДЕ, БУЛ ТЕМА БИБЛИЯДА ЖОК ЭКЕНДИГИ ҮЧҮН ЭМЕС, ШАЙТАН АНЫ АБДАН ЖЕК КӨРГӨНДҮГҮ ҮЧҮН, КӨПЧҮЛҮК ЖЫЙЫНДАРДА ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР БОЛУП КЕЛЕТ ОКШОЙТ.**

Менин оюмча бул жерде, бул тема Библияда жок экендиги үчүн эмес, шайтан аны абдан жек көгөндүгү үчүн, көпчүлүк жыйындарда талаш-тартыштар болуп келет окшойт.

Анткени, эгерде бул күч болсо, жашоону өзгөртүүгө жана дүйнөгө күбө болууга мүмкүнчүлүктүн эшиги болсо, анда силер бул дүйнөнүн кудайына каршы болосуңар жана биз анын бул тууралуу пикири кандай болорун билебиз. Ыйык Рухка чөмүлтүлүү бизге Теңирдин даңкы үчүн, Ыйсанын иштерин аткарууга күч-кубатты жана Кудайдын күчүн берет!

6-БӨЛҮМ

# БАРДЫК ЭЛЕ АДАМДАР БАШКА ТИЛДЕРДЕ СЫЙЫНЫШАБЫ?

Силер балким, кимдир бирөө башка тилдерде сүйлөбөгөндүгүн жана ар бир адам ал тилде сүйлөй аларына же сүйлөш керектигине ишенбестигин уккандырсыңар. Андан кийин алар ошентип айтып жаткандыктарынын себеби катарында, 1 Корунттуктардагы аяттарды келтиришет. Алар Пабылдын өзүн көрсөтүп, баары эле тилдерде сүйлөй бербейт деп айтышат. Келгиле, текстти карап көрөлү жана чындап эле Пабыл айтып жаткан нерсеби?

> *Силер Машайактын денесисиңер, өз-өзүнчө алганда, ар бириңер бул дененин мүчөлөрүсүңөр. Кудай* ***Жыйынга****, биринчиден, элчилерди; экинчиден, пайгамбарларды; үчүнчүдөн, окутуучуларды дайындады. Калгандарына ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн, айыктыруу жөндөмдүүлүгүн, жардам берүү жөндөмдүүлүгүн, башкаруу жөндөмдүүлүгүн, ар кандай тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн берди. Баары эле элчиби? Баары эле пайгамбарбы? Баары эле окутуучубу? Баарында эле ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгү барбы? Баарында эле айыктыруу жөндөмдүүлүгү барбы?* ***Баары эле ар кандай тилдерде сүйлөй алышабы?*** *Баары эле ал тилдерди которо алышабы?*
>
> – 1 Корунттуктар 12:27–30

Бул катында Пабыл Корунттагы жыйынга, жыйын чогулуштарында бардыгы үчүн кызмат өткөрүш үчүн, кантип туура иш кылуу керектигин айтат. Ошол учурда алардын баары рухий белектери жана сүйүктүү насаатчылары менен бири-биринен ашып түшүүгө аракет кылышкан. Пабыл аларга биримдикте жана сүйүүдө, бир организм катары иш-аракет кылууну үйрөткөн. Эми жогорудагы бул аяттарды тереңирээк карайлы:

*Силер Машайактын денесисиңер, өз-өзүнчө алганда, ар бириңер бул дененин мүчөлөрүсүңөр.*

*Кудай **Жыйынга,** биринчиден, элчилерди; экинчиден, пайгамбарларды; үчүнчүдөн, окутуучуларды дайындады. Калгандарына ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн, айыктыруу жөндөмдүүлүгүн, жардам берүү жөндөмдүүлүгүн, башкаруу жөндөмдүүлүгүн, ар кандай тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн берди.*

Пабыл сөзүн улантат, бирок, мен ушул жерден токтоп калам, анткени «жыйындагы» деген ушул фраза жөнүндө бир аз сүйлөшкүм келет. Ал чыныгы жыйындын чогулушу жөнүндө айтып жатат. Биз муну 1 Корунттуктар 14:18, 19дан көрө алабыз, анда Пабыл ошол эле сөз айкашын колдонгон:

*Кудайга ыраазымын, ар кандай тилдерде мен баарыңардан көбүрөөк сүйлөйм.*

*Бирок **ЖЫЙЫНДА** ар кандай тилдерде көп сөз айткыча, башкалар насаат алышы үчүн, акылым менен беш сөз айтканым жакшы.*

– 1 Корунттуктар 14:18, 19

Пабыл мындай дейт: «Мен Кудайыма ыраазычылык билдирем: ар кандай тилдерде мен баарыңарга караганда көбүрөөк сүйлөйм,

*«бирок жыйында...»* Бул сөздү дагы бир жолу кайталайм, бул жолу Пабыл жалпы Ыйсанын Денеси жөнүндө эмес, чыныгы жыйындагы чогулуш жөнүндө айтып жатканы көрүнүп турат. Биз баарыбыз эле Пабылдын Машаяктын бүткүл Денесинин, «жыйындын» бир бөлүгү экенине кошула алабыз. Анан ал Корунттагы бардык ишенгендерге караганда башка тилдерде көбүрөөк сүйлөгөнүнө сүйүнө тургандыгын айтат. Муну ал жердеги жыйын өзүнүн жаңы тилде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн салтанаттап, тартипти бузуп, баш аламандыкты пайда кылып жаткандыктан айтып жатат.

Ал негизинен мындай дейт: «Эй, балдар, мен баарыңарга караганда тилде көбүрөөк сүйлөйм, бирок, баары туура болуп, башаламандыкка жол бербеш үчүн, муну «жыйында» кылуунун өзүнчө жолу бар». Ал андан ары жыйында (ишенгендердин чогулушунда) башкалар да тарбиялануусу үчүн, түшүнүү менен (алардын жалпы тилинде) сүйлөгөндү артык көрөөрүн айтат.

Жыйын кызматынын өзүндө кээ бир адамдар 1чи Корунттуктар 12де жазылгандай, башка тилдерде сүйлөө жана чечмелөө жөндөмдүүлүгү боюнча иш-аракет кылышат, бирок баары эле бүт Денени бекемдөө үчүн, ошол жөндөмдүүлүктө иш жүргүзө беришпейт же иш жүргүзүшү керек эмес. Пабыл атүгүл тилдерде сүйлөп, сыйынууда чечмелей турган адамдардын санын эң көп болсо, үчкө чейин чектөө жөнүндө айткан.

> *«Кимдер ар кандай тилдерде сүйлөсө, алардын экөөсү, ашып кетсе үчөөсү кезектешип, биринин артынан бири сүйлөсүн, бири аны которуп түшүндүрүп берсин».*
>
> — 1 Кор. 14:27

Ошондуктан, Пабыл ар бир адам башка тилдерде сүйлөбөйт деп айтканда, ал «жыйында» же жыйын жыйналышында дегенди билдирет. Ар бир ишенген адамдын тилдерде сыйынуу жөндөмү бар экенин түшүнүшүңөр керек, бирок, жыйын кызматында тилдерде сүйлөө жана чечмелөө жөндөмүн көрсөтүү үчүн, майлоону баары

эле ала бербейт. Эгерде силерде бул белекти сыйынууда көрсөтүү үчүн ушундай майлануу бар болсо, анда Ыйык Китепке ылайык, силер аны чечмелөө жөндөмү үчүн да сыйынышыңар керек.

> *«Ошондуктан ар кандай тилдерде сыйынган адам которуп берүү жөндөмдүүлүгүн да сурап сыйынсын».*
>
> – 1 Кор. 14:13

Мен, тилдерде сүйлөгөн адам кызматта чечмелөө үчүн да эң ыктымалдуу талапкер деп эсептейм, анткени, кабар ал аркылуу агып жатат.

Эмне үчүн силер башка тилдерде сыйынышыңар керек? Шайтан Рух менен (тилдерде) сыйынууну билген ишенүүчүлөрдү жек көрөт жана мен мунун себебин түшүнгөнүңөргө ынангым келет.

Качан Пабыл башкаларга караганда башка тилдерде көбүрөөк сыйынып жатканына сүйүнгөнүн айтканда, анын мындай деп ойлошунун себеби бар болсо керек. Пабыл 1чи Корунттуктар 14тө айткан, биз аны окушубуз керек.

> *«Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам өзүн бекемдейт, ал эми пайгамбарчылык кылган адам Жыйынды бекемдейт».*
>
> – 1 Кор. 14:4

Келгиле, бир аз тереңирээк казып көрөлү. "Тарбиялоо" деген эмнени билдирет? "Тарбиялоо" деген сөз «насаат кылуу же пайда алып келүү, өзгөчө адеп-ахлактык же руханий жактан; көтөрүү.» [2]

Макул болсоңор, көбүнчө кайда кадам шилтөөнү, кырдаалды түшүнүүнү же туура чечим кабыл алууну билиш үчүн, силерге жетекчилик керек экендигине макул болот чыгарсыңар. Так ушул жерде тилдерде сыйынуу силерге жардам берет: силерди тарбиялоо-бекемдөө же жашооңорго жетекчилик кылууда. Келгиле, Пабыл муну ачык айткан дагы бир жерди карап көрөлү:

*«Анын үстүнө, Рух да* ***алсыз болгон кезибизде*** *бизге күч берип турат. Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз, бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат. Ошондо адамдардын жүрөгүн сынаган Кудай Рухтун оюу кандай экенин билет. Анткени Рух ыйыктар үчүн Кудайга жаккандай арачылык кылат».*

– Рим. 8:26, 27

Пабыл биздин көйгөйүбүз жана алсыздыгыбыз бар экенин айтат: «Биз эмне жөнүндө сыйынышыбызды билбейбиз». Силер: «Эмне үчүн бул алсыздык?» деп сурайттырсыңар. Бул суроонун жообун төмөнкү аяттан тапса болот:

*“Анын алдында кандай кайраттуулукка ээбиз: Анын эрки боюнча эмнени сурасак да, Ал бизди угат. Эмнени сурасак да, Ал бизди угарын билсек, Андан сураганыбызды аларыбызды да билебиз”.*

– 1 Жакан 5:14, 15

Кудайдын эркин билбестен же ишенбестен туруп, биз ишеним менен (Кудай менен макулдашууда болуп) иш кыла албайбыз, ал эми эгер ишеним менен иш кыла албасак, анда биз алсыз абалда болорубуз шексиз, анткени, биз ишеними жок туруп, Кудайдын күчүн же ырайымын колдоно албайбыз. Ошентип, Пабыл сыйынууну билбөө алсыз абал экенин жана мындай учурда тилдерде сыйынуу жардам бererин айтат. Келгиле, биздин текстти дагы бир жолу окуп көрөлү.

*˝Анын үстүнө, Рух да алсыз болгон кезибизде бизге күч берип турат.* ***Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз,*** *бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат”.*

– Римдиктер 8:26

Биздин алсыздыгыбыз кантип сыйынганды билбегендигибизде! Ыйык Китепте ким менен турмуш курушубуз, кайда жашашыбыз жана кандай жумушка орношушубуз айтылбайт. Кудайдын эркин билбей туруп сыйынганыбызда, Кудайдан эмне аларыбызды биле албайбыз жана ишене албайбыз. Дагы бир жолу, бул чоң алсыздык!

Анын эрки эмне экенин билбегенибизде, бизде Кудайга толук ишенүү болбойт, ишенбейбиз. Бирок, жашоодогу ар бир жагдайда Кудайдын эркин биле турган жол бар. Ынаным жана ишеним менен иш-аракет кылуу үчүн, Кудайдын эркин тактап билип ала турган жол бар.

Мына, Пабыл эмне жөнүндө айтып жатат. Ал айтып жаткан бекемдөө билимдин бул түрүнө - Кудайдын Руху аркылуу келген билимге жетүү дегенди билдирет. Анан биз Рух аркылуу же тилдерде сыйынуу аркылуу Рухту угабыз. Эгерде биз Пабылдын Римдиктерге 8:26, 27-аяттардагы кеңешине ылайык иш кылсак, анда төмөнкү сөздөрдү окуйбуз:

> *"...бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат. Ошондо адамдардын жүрөгүн сынаган Кудай Рухтун ою кандай экенин билет. Анткени Рух ыйыктар үчүн Кудайга жаккандай арачылык кылат.*

Демек, Пабыл биз Рух менен сыйынганда онтойбуз деп айткан жок, тескерисинче, ал мурунку аяттарды айтып жатат.

> *Анткени жаратылгандын бардыгы ушул убакка чейин чогуу онтоп, **толгоо тарткан сыяктуу азап тартып** жатканын билебиз.*
>
> *Жаратылгандын бардыгы эле эмес, биз да Рухтун баштапкы жемишине ээ болгонубуз менен, **ичибизден онтоп,** Кудайдын бала кылып алуусун жана күнөөкөр табиятыбыздан куткарылууну күтүп жатабыз. Анткени биз үмүт менен куткарылдык. Бирок үмүттөнгөн нерсебизди көрүп*

> *турсак, үмүтүбүз үмүт болуудан калат. Үмүттөнгөн нерсесин көргөн адам эмнеге үмүттөнмөк эле? Эгерде биз көрүнбөгөн нерсеге үмүттөнүп жатсак, анда чыдамдуулук менен күтөбүз.*
>
> ***Анын үстүнө, Рух да алсыз болгон кезибизде бизге күч берип турат****. Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз, бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат. Ошондо адамдардын жүрөгүн сынаган Кудай Рухтун оюу кандай экенин билет. Анткени Рух ыйыктар үчүн Кудайга жаккандай арачылык кылат.*
>
> – Римдиктер 8:22–27

Пабыл бул жерде «онтоо» деген сөздү биздин ичибизде болуп жаткан окуяларга мисал же аналогия катары колдонот. Биз ичибизден толготуп жаткан аялдай онтойбуз. Башкача айтканда, биз ичибиздеги Кудайдын Рухунан бир нерсени төрөп, жаңы нерсени, мурда бизде болбогон нерсени, же бизден эмес деген нерсени алабыз. Ошентип, биз Рух менен сыйынуу процесси аркылуу өзүбүздүн рухубуздан биз билбеген нерсе жөнүндө, жаңы нерсе жөнүндө билимди «төрөйбүз». Ыйык Китепте Кудайдын Руху биздин рухубуз аркылуу ар кандай кырдаал жөнүндө Кудайдын жеткилең эрки үчүн сыйынып жатканы айтылат. Анда айтылгандай, Кудай Өзү биз үчүн адамдык рухубуз аркылуу, сөз менен жеткире албаган онтоо менен (түшүнүктүү кылып) сыйынып турат.

Демек, бул жерде биз Ыйык Рух онтогондо (төрөттөр) бизге түшүнүксүз сөздөрдү, биз түшүнбөгөн сөздөрдү (же башка тилдерде) колдонуп, биз үчүн арачылык кылаарын көрөбүз. Ал, жүрөгүбүздү Изилдеген Рухтун ниетин билет, анткени, Рух (Кудайдын Руху) Кудайдын жеткилең эркине ылайык, ыйыктар үчүн арачылык кылат. *Силер башка тилдерде сыйынганыңарда, силердин рухуңар аркылуу* Кудайдын Руху ар бир кырдаал үчүн, Кудайдын жеткилең эрки жөнүндө сыйынат.

Ошентип, биз Кудайдын эркин билбегенибизде алсыз абалда болобуз. Биз Кудайдын эркин билмейинче, ишенимибизди бошото албайбыз Пабылдын айтымында, эгер биз Рух менен сыйынсак, Кудайдын Руху ар кандай кырдаалда биздин жашообуз үчүн, Анын жеткилең эрки жөнүндө биз аркылуу сыйынат.

Кудайдын Руху биз аркылуу башка тилдерде сыйынганда, кантип бекемделебиз? Биз эмне жөнүндө сүйлөшүп жатканыбызды билбейбиз да, туурабы? Жоопту Пабылдын башка катынан тапса болот.

> *Ыйык Жазууда жазылгандай, «Кудай Өзүн сүйгөндөргө көз көрбөгөн, кулак укпаган, адамдын оюна да келбеген нерсени даярдап койгон».*
>
> *Бизге муну Кудай Өзүнүн Руху менен ачып берди. Анткени Рух бардыгын, Кудайдын улуу сырларын да билет. Адамдын оюнда эмне бар экенин ким билет? Адамдын ичиндеги рухтан башка эч ким билбейт. Ошол сыяктуу эле Кудайдыкын да Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт. Кудайдын бизге эмне бергенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын Рухун кабыл алдык. Биз аны адамдык акылмандык аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен жарыялап жаткан жокпуз, Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде жарыялап жатабыз.*
>
> – 1 Корунттуктар 2:9-13

Баарынан мурда Пабыл, мен буга чейин силерге сүрөттөп өткөндөй, биз мурда эч качан укпаган, көрбөгөн жана ойлобогон нерселерге жете алабыз дейт. Бирок, ал сөзүн улантып, анын кантип иштээрин айтып берет:

> *Адамдын оюнда эмне бар экенин ким билет? Адамдын ичиндеги рухтан башка эч ким билбейт. Ошол сыяктуу эле*

*Кудайдыкын да Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт.*

– 1 Корунттуктар 2:11

Ыйык Жазуунун бул аспектиси тууралуу айтуудан мурун, биз эмнеден тураарыбыз жөнүндөгү негизги түшүнүктү алышыбыз керек. 1чи Тесалоникалыктар 5:23 кө ылайык, биз үч бөлүктөн: рухтан, жандан жана денеден турабыз.

*Тынчтыктын булагы болгон Кудай Өзү силерди толугу менен ыйык кылсын. Рухуңар, жаныңар жана денеңер Теңирибиз Ыйса Машайак келгенге чейин эч кемчиликсиз, толук сакталсын.*

– 1 Тесалоникалыктар 5:23

Биздин рух - биздин Кудайлык бөлүгүбүз, жаныбыз - акылыбыз, эркибиз жана сезимдерибиз, ал эми, денебиз – бул денебиз. Пабыл биздин жаныбыз (акылыбыз, эркибиз жана сезимдерибиз) жана рухубуз ушунчалык тыгыз байланышта болгондуктан, рухубуз биздин ойлорубузду билет, деп айтат.

Мунун тескериси да туура. Биздин акылыбыз рухубуздун ойлорун кармай алат. Пабыл Кудайдын Руху Кудайдын ойлорун билет деп айтат жана биз Кудай бизге эмне бергенин *билүү үчүн,* Кудайдын Рухун алганбыз.

*Кудайдын бизге эмне бергенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын Рухун кабыл алдык. Биз аны адамдык акылмандык аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен жарыялап жаткан жокпуз, Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде жарыялап жатабыз.*

– 1 Корунттуктар 2:12, 13

Андан ары Пабыл сөзүн улантып, бул белгисиз билимди, бизде

болбогон, бирок, Кудайдын Руху аркылуу ачып берилген билимди биз, Рух үйрөткөн сөздөр менен: биз адатта түшүнө ала турган табигый тилде же өзүбүздүн эне тилибизде сүйлөй турган сөздөр менен эмес, бирок, рухий тилдерде сүйлөрүбүз жөнүндө айтат. Биз рухий сөздөр менен сыйынабыз деп айтканда, Пабыл тилдерде сыйынуу жөнүндө айтып жатканын билебиз, анткени ал ошол эле аныктаманы 1чи Корунттуктар 14:14, 15те тилдерде сүйлөөнү сүрөттөө үчүн колдонгон:

> *Анткени ар кандай тилдерде сыйынып жатканда, рухум сыйынганы менен, акылым жемишсиз калат. Анда эмне кылыш керек? Рухум менен да сыйынам, акылым менен да сыйынам. Рухум менен да ырдайм, акылым менен да ырдайм*

Пабыл тилдерде сүйлөөгө карата «рухта сыйынуу» деген сөз айкашын колдонот. Биз Рух үйрөткөн сөздөр менен сүйлөйбүз деп айтканда, Пабыл ошол эле тилдерде сүйлөгөндү айтып жатат деп ойлосок болот.

> *Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам адамдарга эмес, Кудайга сүйлөп жатат. Анткени аны эч ким түшүнгөн жок,* ***ал сырларды руху менен айтып жатат.***
>
> – 1 Корунттуктар 14:2

Пабыл биздин рухубуз жөнүндө кайрадан эле, биз эч качан көрбөгөн, укпаган, билбеген нерселерди сүйлөй ала турган же Пабыл айткандай, «сырларды» айта алган деп айтат. Ошондой эле, бул аятта Пабыл биз Кудайдын Руху менен эмес, өзүбүздүн сырларыбыз менен *жеке өзүбүздүн рухубуз менен* сыйынаарыбызды айтканына көңүл бурсаңар. Биз билбеген нерсе кантип биздин рухубузга кирип кетет? Бул абдан эле жөнөкөй! Азыр биздин рухубуз менен бир болгон Кудайдын Руху аркылуу.

*Адамдын оюнда эмне бар экенин ким билет? Адамдын ичиндеги рухтан башка эч ким билбейт. Ошол сыяктуу эле Кудайдыкын да Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт.*

– 1 Корунттуктар 2:11

Качан биздин рухубуз Кудайдын ойлорун кармаганда, акылыбыз да ошол ойлорду кармайт. Биздин акылыбыз Кудайдын ойлорун түшүнгөндө, биз аны «аян», «агартуу» же, Пабылдын сөзү менен айтканда, «тарбиялоо» деп атайбыз. Пабылдын бөлөктөргө караганда башка тилдерде сыйынууга көбүрөөк кубанычта экенин, эмне үчүн айтканын эми билесиңер; ал ар кандай кырдаалда Кудайдын эркин билүү артыкчылыгына ээ болгон.

1Корунттуктар 2:15, 16да Пабыл так ушул тууралуу айтып жатат.

*Рухий адам бардыгы жөнүндө ой жүгүртө алат, бирок ал адамга эч ким баа бере албайт. Кудайды үйрөткүдөй, Анын акыл-оюн ким билиптир? Ал эми бизде Машайактын акылы бар.*

Биз жөнөкөй гана адамдык сот менен чектелбейбиз, бирок, Кудайдын жардамы менен биз бардыгын соттой алабыз. Бул сонун жаңылык! Биз Рухта (башка тилдерде) сыйынуу аркылуу мурда билбеген сырларды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээбиз жана бул билимдин аркасында биз туура сот жүргүзө алабыз же бардыгы жөнүндө туура чечим чыгара алабыз.

Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүү - бул Кудайдын жашыруун куралы! Ал эмне болуп жатканын шайтан билбеши үчүн, Өзүнүн эркин жерге тарата алат. Чынында, Рух менен сыйынуу Эфестиктер 6:18де сүрөттөлгөн рухий курал-жарагыбыздын бир бөлүгү:

*Жалынуу жана сурануу менен, бардык учурда Рухтун жетеги менен сыйынгыла.*

**ЫЙЫК РУХ МЕНЕН ЧӨМҮЛДҮРҮЛҮҮ - БУЛ КУДАЙДЫН ЖАШЫРУУН КУРАЛЫ! АЛ ШАЙТАН ЭМНЕ БОЛУП ЖАТКАНЫН БИЛБЕГЕНДЕЙ КЫЛЫП, ӨЗҮНҮН ЭРКИН ЖЕР ҮСТҮНӨ ТАРАТА АЛАТ.**

Рух менен сыйынуу бизге душманды жеңүүгө же уникалдуу жана адаттан тыш тактикалар аркылуу алдыга жылууга мүмкүндүк берүүчү стратегияларды тандап алууга мүмкүндүк берет.

Пайдалуу максатка жетүү деген, биз Машаяктын акылына таянып, жашоодо туура чечим чыгара алабыз дегенди билдирет. Бул өтө маанилүү экенине кошуласыңар деп ойлойм! Мен буга өз тажрыйбамдан улам ынандым!

Мисал катары, мен өзүмдүн бизнесиме байланыштуу кандай маанилүү чечим кабыл алганымды эстей алам. Менин жеткирүүчүлөрүмдүн бири менен иштеген соода өкүлү менин компаниямды сотко берем деп коркутту, анткени мен анын артынан жаңы компанияга баргым келбеди. Мен ар дайым иш алып барып жүргөн жеткирүүчүдөн кеткенден кийин, ал мени менен бизнести уланта берүүнү каалады. Мага сатуучу жакчу, бирок, мен ага эмес, ал иштеген компанияга берилгендигимди сездим. Ошол эле учурда, ал иштеген компания ага чындыгында эле бардык кардарларын жаңы компанияга алып кете берсе болорун билдирген. Ошондуктан, мен аны менен барганда эч кандай жаман иш кылмак эмесмин, бирок ошентсе да, мындай кылууга мени аргасыз кылуу, мен үчүн жагымсыз болду. Ал иштеген мурунку компания мага ар дайым адилеттүү мамиледе болгон.

Ал мени сотко берем деп коркутту, анткени, бир нече ай мурун ал жаңы компанияга өтөм деп айтып, аны менен чогуу кетүүгө макулдугумду сураган. Мен олуттуу ойлонбой туруп эле, кетем деп койгом. Ал компанияларды алмаштыруу чечимине келгенде менин бизнесиме ишенгендигин айтты. Бирок, эми азыр анын кете турган күнү жакындап калгандыктан, менде бир ыңгайсыз сезим, тынчсыздануу пайда болду. Ошентип, мен бир нече күн Рухта

сыйындым. Бирок, дагы деле керектүү жооп ала алган жокмун.

Дренда экөөбүз балдарыбызды бизден бир-эки сааттык алыстыкта жайгашкан **Cedar Point** деген эң сонун оюн-зоогу бар сейил бакка алып бардык. Бул негизинен АКШдагы эң чоң роликтер паркы жана биз ал жакка жылына эки жолу барат элек. Ал жума күндүн кечи болчу, дүйшөмбү күнү эртең менен эмне кылуу керек деген суроого жооп алышым керек болчу. Мен бир аз башка нерсеге алаксып кетсем жакшы болот деп чечтим да, Дренда менен бир кечти оюн-зоок паркында өткөрүүгө бел байладым.

Дүйшөмбү күнү эртең менен кандай чечим чыгарарымды ойлобой эле кезекке туруп, күтүлбөгөн жерден эле эмне кыларымды билип калдым. Бул күндөй ачык-айкын болду. Ыйык Рух мага сүйлөдү жана мен эски чөйрөм менен калдым. Соода өкүлүнүн жаңы компаниясы бир нече айдан кийин банкрот болуп калды.

Демек, бул жерде ийгиликтин негизги ачкычы мына - сыйынгыла! Анан да, жакшы иш кылып, туура чечим чыгарышыңыз үчүн, ошондой эле, жеңишке жетүү үчүн, стратегиянын сырларын түшүнүү үчүн, Рух менен көп сыйынгыла.

*«Тынымсыз сыйынгыла» (1 Тес. 5:17).*

7-БӨЛҮМ

# КАЗЫНАГА ТОЛГОН САНДЫК

Дэн менен биринчи жолуккан күн эсимде. Ал жыйындын артында, эң акыркы катарда, менин аталаш бир тууганым Женнифер менен турган. Кийинчерээк экөө сүйлөшүп жүргөндүгүн билдим. Бирок, мен Дэндин көз карашынан ал өзүн таптакыр башкача сезип жатканын көрдүм. Чынында, ал абдан ыңгайсызданып тургандай эле. Кийинчерээк биздин жыйын ал барып жүргөн жыйындан бир аз башкачараак экенин билдим. Бирок, ал Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө биле баштаганда, тынчтанып, акыры менин аталаш тууганыма үйлөндү.

Ал кезде Дэн Огайо штатынын борбордук бөлүгүндө 1400 акр (560 гектар) жерди айдап жүргөн жана иштери анча жакшы болбой жаткан. Чынында ал эч кандай пайда көргөн эмес жана абдан тынчсызданып жүргөн. Бирок, ал Кудайдын Падышачылыгы жана Ыйык Рухтун кантип жардам берери жөнүндө угуп жүрүп, бир күнү Женниферге келип: «Мен тартууларыбызды эки эселеп салгым келет», - деди. Женнифер таң калды, бирок, сүйүнүп кетти. Алар ошондой кылышты.

Ошол жылы алардын ошол эле 1400 гектар аянттагы түшүмү өткөн жылдагыдан 128 процентке жогору болгон. Түшүм ушунчалык жогору болгондуктан, алар жаңы машина үчүн накталай акча төлөп,

накталай акча менен келерки жылга көбүрөөк аянттарды иштетүү үчүн дагы башка жерди сатып ала алышты. Дэн абдан толкунданган! Ал бул жаңы жерге төлөө үчүн атасына 10 жыл керек болорун айтты. Ал болсо, жөн гана накталай акча менен төлөп койду. Ошентип, мен Дэнден бул кандай болгонун айтып берүүсүн сурандым

Көрсө, Дэн менен Женнифер тартууларын эки эсеге көбөйтө баштагандан кийин, алар сыйынып, эмне кылуу керектигин көрсөтүүнү Кудайдан сурана башташкан. Дэндин айтымында, бир күнү ал күн сайын келип түшкөн почтаны, негизинен фермерлер үчүн жарнактарды иргеп жатып, үч-беш өлчөмүндөгү кичинекей открыткаларды таштандыга ыргытып жиберет, бирок, ошол замат аны кайра алууга түрткү болгон. Бул открыткада өзгөчө эч нерсе деле болгон эмес, айыл чарба техникасынын кандайдыр бир кезектеги жарнагы эле. Бирок, ошол жабдыкты талкуулоо үчүн дыйкандар чогулушка чакырылган экен.

Дэн ал жакка баргысы келгендей кызыктай бир каалоону сезип, жолугушууга келди да, жарнамаланган аспапты сатып алды. Бул уруктарды жайгаштыруу жана топуракты даярдоо менен байланыштуу, отургузууга жардам берген рыноктогу жаңы продукт болгон. Дэн мага бул түшүмдүүлүктү көтөргүчтүн натыйжалуулугунун илимий себептерин түшүндүрүүгө аракет кылды, бирок мен түшүндүрүүнүн жарымынан кийинки жипти жоготуп алдым. Ошого карабастан, ал өзү баарын түшүнгөнү маанилүү эле. Дэн мага ошол учурда ал Огайо штатында мындай шайманды сатып алган экинчи фермер болгонун айтты. Ооба, бул кичинекей курал өз милдетин аткарды, натыйжада түшүмдүүлүк 128 пайызга өстү. Дэн дагы көптөгөн жерлерди сатып алып, бүгүнкү күндө миңдеген гектар жерди айдап жатат. Азыркы күндө Ыйык Рух ага мурда качандыр бир кезде элестете да албай турган, дагы да ынтаалуулук менен өсүү үчүн чечим чыгарууга кандайча жардам бергени жөнүндө көптөгөн таржымалдары бар.

Ошентип, Дэн кантип начар иштеп жаткан чарбасын рентабелдүү чарбага айландырды? Ал өзүнүн кеңешчиси, Ыйык Рухтун кеңешин

аткарган. Өкүнүчтүүсү, машайакчылардын көпчүлүгү бул окуяны угуп жатып деле анын кантип болгонун билишпейт, ошондуктан да, мен бул китепти жазууну абдан маанилүү деп эсептейм. Жок, машайакчылардын көпчүлүгү Кудайдын улуулугун даңктап, мунун Кудайдын иши экенин моюнга алышат, бирок, аны кантип кайталоону кымындай да ойлоп коюшпайт. Натыйжада, биз Кудайдан көңүлү калган жана кыйынчылыктары үчүн Аны күнөөлөгөн машайакчылардын бир тобун көрө алабыз. «Кудай кайда? Кудай мага эмне үчүн жардам бербегенин билбейм” деген сөздөрдү көп угам.

Силер азыр Кудайдын Падышачылыгы ырайым менен эмес, мыйзамдар менен иштээрин түшүндүңөр деп үмүттөнөм. Кудай кимге бата бергиси келгендерди же бата бербей тургандарды тандабайт. Дэн Кудайдын тандалгандарынын бири эмес жана Кудай үчүн силерден өзгөчө деле эмес. Силер да Кудайдын Падышачылыгында Дэн сыяктуу эле мыйзамдуу укуктарга ээсиңер. Ар бир адам үрөн себүүгө жана эгин өстүрүүгө укуктуу болгондой эле, Кудайдын Падышачылыгы Падышачылыктын мыйзамдарын колдонууну билген ар бир адам үчүн иштейт. Силер Кудайдын үйүнүн мүчөсүсүңөр жана Анын улуу Падышачылыгынын жаранысыңар жана Анда болгон бардык нерселерге жете аласыңар.

**Эмне үчүн Кудайдын көптөгөн адамдары жашоодо ийгиликсиз болуп жатканын айтып берүүгө мага уруксат бергиле. Алар Кудайдын Падышачылыгы кандай иштээрин билишпейт жана Ыйык Рухту кантип угууну да билишпейт.**

> *Теңир, сенин Куткаруучуң, Ысрайылдын Ыйыгы мындай дейт: «Сени пайдалуу нерсеге үйрөткөн, сени жүрүшүң керек болгон жол менен алып жүргөн Кудай-Теңириң Менмин.*
>
> – Ышайа 48:17

Дэндин ийгилиги, Дэн өзү ойлоп тапкан нерсе эмес. Бул Ыйык Рухтун уникалдуу стратегиясы болчу, анткени Дэн Падышачылыктын мыйзамын колдонуу үчүн кадамдарды жасап, аялы менен бирге

Ыйык Рухту угуп, алардын планында Анын жардамын кабыл алган. Муну жазып алууңуарды каалайм.

## ЫЙЫК РУХТА ПЛАН БАР!

**Пландан өткөн күчтүү эч нерсе жок. Пландсыз элестетип тартылган сүрөт кыял гана, ал эми план менен кыялды ишке ашырууга болот.**

Үй-бүлө уктоочу көп бөлмөлөрү, кенен конок бөлмөлөрү, чоң заманбап ашканасы жана кооз жасалгалары бар сонун үйдү элестете алат. Бирок, бул этапта бул жөн эле кыял, сүрөт. Бул ойдон чыгарылган сүрөт кагазга өткөрүлүп, анан чиймеге, планга айланышы керек. Куруучунун планы болгондо, үйдү кура алат. Эмнегедир машайакчылардын көбү мен атагандай, почта кутусунун менталитетин сактап калышат.

Алар сыйынып, Кудайдан өздөрүнө керектүү акчаны сурашканда, Дэн сыяктуу эле, алар жөн гана акчанын почта ящигинде пайда болушун күтүшөт, же андан да жаманы, кимдир бирөө аны аларга беришин күтүшөт. Алардын процесс-иштин жүрүшү тууралуу эч кандай түшүнүктөрү жок.

Ооба, адегенде сүрөтүң болушу керек. Бирок, ойлогон нерсени реалдуулукка которуу процесси бар, силер андан чындап ырахат ала аласыңар. Жооп - бул ишке ашыруу үчүн зарыл болгон план же стратегия. Мен бир мисал келтирейин. Эгер мен силерге каржылык көйгөйлөрүңөрдү тез арада чече алам десем, силер калем-кагаз алмаксыңар. Анткени, мен силерге эмне кылуу керектигин айтып жатам, силер кагаз менен калемди алып чыгып, сөздү угууга, жооп алууга даяр болмоксуңар. Андан тышкары, мен бул китепти окуп жаткандардын көбү үчүн айта турган нерсе, балким, силердин каржылык жүгүңөрдү алып салып, жылдын аягына чейин карызыңардан кутулууга жардам берет деп айтаар элем. Эми азыр айтайын деп жатканымды өткөрүп жибербеш үчүн, бекем болуп, даярдыкта тургула.

Жооп чынында абдан жөнөкөй, мен түшүндүрүп берем. Болгону

быйыл 10 миллион доллар таза киреше тапкыла. Балким, сен мени бир саамга тиктеп туруп, анан күлүп баштайсың. Силердин күлкүңөрдөн, мен 10 миллион доллар жетпейт деп ойлоп жатам. Ошондуктан, мен кошумчалайм: «Эгер бул жетишсиз болсо, анда 25 миллион доллар иштеп тапкыла». Бул жерден эми силер күлүп эле койбостон, каткыра баштайсыңар. Эмнеге? Азыр эле **б**олгон окуяны айтып берүүгө уруксат бергиле. Көпчүлүк адамдарды 10 миллион доллар чындап эле карыздан кутултмак, бирок, алар күлүп жатышат. Анткени, алар качандыр бир кезде бир жылда 10 миллион доллар табаарын элестетe да алышпайт. 25 миллион долларлык вариант жөн гана күлкүлүү, анткени, бул алардын эмнеге жөндөмдүү экени жөнүндөгү идеядан абдан эле алыс болгондуктан, бул жөн эле күлкүлүү болуп сезилет.

Бирок, менин экспорттук компаниям бар дейли, мен силерге кутуга салган ар бир шар үчүн 1000 доллар төлөп, андан кийин жөнөтүү үчүн скотч менен чаптап берүүнү сунуштайм. Ошондой эле, силер күнүнө 500дөй кутучаны жасай аласыңар деп ойлойлу, мен дагы ушул темпте 12 айга келишим сунуштайм. Бул көрсөтмө үчүн өтө апыртылган, бирок, мен эмне жөнүндө айтып жатканымды түшүнүүгө жардам берет.

Эми, силерде келишим бар деп ойлосок жана мен мурункудай эле билдирүү жасайм, силердин финансылык жообуңар келерки жылы 10 миллион доллар таза киреше алуу деп айтсам, силердин реакцияңар кандай болот?

Эми эч кандай күлкү болбойт. Тескерисинче, кубанычтын кыйкырыктары жана чоң толкундануулар болмок. Эмнеге? Анткени, бул келишимден 10 миллион доллар табуу оңой болот. Чынында, 25 миллион доллар табуу оңой эле, ал эми, 100 миллион доллар табуу толук мүмкүн болмок. Эмне өзгөрдү? Бир гана нерсе - силердин планыңар бар. Мен жогоруда айткандай, эгерде Ыйса ага кайдан жана кантип балык кармаарын көрсөтсө, ар бир адам балык кармай алат, бул жерде да ошондой. Ишке ашырууга боло турган планыңар

болгондон кийин, аны ишке ашырууга күчүңөр жетет, көйгөйүңөр чечилет.

> *«Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой».*
>
> – Жер. 29:11

Дагы бир жолу айтайын - менимче, аны дагы бир жолу угуш керек - Кудайда СИЛЕРДИН планыңар бар!

Бир нече ай мурун мен семинарларды өткөрүп жүргөн жыйындагы өнөктөштөрүмдүн бирине жолугуу бактысына ээ болдум.

**МАГА МУНУ КАЙРА АЙТУУГА УРУКСАТ БЕРГИЛЕ – МЕНИН ОЮМЧА, МУНУ СИЛЕР КАЙРА УГУШУҢАР КЕРЕК – КУДАЙДА СИЛЕРДИН ПЛАНЫҢАР БАР!**

Кызматтын аягында ал суроо менен келди, же жакшылап айта турган болсом, ал бекемделүү менен келди. «Эч нерсе болгон жок! Мен күйөөм менен макулдашып алып, эркек багышка жана эң сонун атууга үрөн септик. Бирок, ага жете алган жокпуз”.

Ал мага кайсы багышка, жакшы атууга кантип үрөн сепкенин айтып берди. Мен көп суроолорду берип, акыр-аягында ал аңчылыкка чыккан күнү кокусунан букачар багышты көрдүбү деп сурадым. Ал мага минтип жооп берди: «Ооба, мен үрөн сепкен букачар багыш келип, атууга эң сонун аралыкта менин каптал жагымда турду».

Бул жерде мен бир аз шок болдум, анан эмне болгонун сурадым. Ал багышты бутага алганын айтты, бирок, досунан мылтыгын текшерүү үчүн атып көрүүсүн суранган жана анын атканына ишенип, өзү текшербей койгон, ошол себептен жаза аткан. Мага баары абдан түшүнүктүү болду. Анын эмне болуп жатканын түшүнбөй калганы таң калыштуу.

Менимче, көптөгөн ишенгендер бир эле позицияда. Кандайдыр бир себептерден улам, алар түшүм жыйноонун жүрүшүн жана андагы өз ролун түшүнүшпөйт. Мен ага Кудай Өзүнө тиешелүү бөлүгүн аткаргандыгын, ал эми ал болсо жөн гана өз милдетин аткарбай койгонун түшүндүрүшүм керек болчу. Көрдүңөрбү, Кудай силерге план бере алат, бирок, аны ишке ашыруу үчүн пландын өзүңөргө тиешелүү бөлүгүн аткарышыңар керек. Силер жана Кудай биргеликте!

> *Асман Падышачылыгы талаада ЖАШЫРЫЛГАН казынага да окшош: бир адам аны таап алып, кайра жашырып койду. Барып, кубанганынан колунда болгондун баарын сатты да, ал талааны сатып алды.*
>
> – Матай 13:44

Бул аятта Падышачылык жөнүндөгү абдан көп чындык бар! Баарынан мурда, кенчти-казнаны аныктап алалы. Сөздүк боюнча, кенч баалуу же ээлик кылуучу объект кымбат болуп саналат. Ошентип, кенч алтындын гана бир бөлүгү болушу шарт эмес; ал учурда сизге керектүү болгон нерсенин бардыгы болушу мүмкүн. Демек, бул Ыйык Жазууда Асман Падышачылыгы кенч сыяктуу деп айтылат, же жашоодо силерге керектүү нерселердин баары ушул Падышачылыкта деп айтса болот. Ошентип, Падышачылык кайда экен? Ыйык Жазуунун бул үзүндүсүндө Ыйса анын талаада катылганын айтат. Бул талаа кайда экенин билгиңер келбейби? Ыйса бизге бул талаанын кайда экенин жана андагы катылган кенчти кантип табуу керектигин айткандыгында жакшы жаңылык камтылган эле.

Эгерде Марк жазган Жакшы Кабардын 4-бөлүмүндөгү себүүчү жөнүндөгү үлгү-насаат аңгемеге кайрылсак, анда Ыйса адамдын жүрөгүндө ишеним кантип жарала турганын үйрөтөрүн көрөбүз. Ал жерде Ал адамдын рухун жерге, Кудайдын Сөзүн - жерге себилген үрөнгө салыштырып, окшоштуктарды колдонот. Ошол эле окшоштуктарды колдонуп, Матай жазган Жакшы Кабардын

13-бөлүмүндө айтылган жер, ошол эле - адамдын руху деген маанини берет деп, божомолдоого болот. Мен бир азга чегинип, 6-бөлүмдө билгендерибизди эске салгым келет: биз кайра төрөлгөндө, биздин адамдык рухубуз Кудайдын Руху менен бир болуп, Кудайдын ойлоруна кирүүгө бизге мүмкүнчүлүк берет. Демек, талаадагы кенч биз менен эле чектелбестен, Кудай менен болгон нерселердин бардыгын камтыйт, анткени, биз Аны менен Рухта бирбиз.

*Ыйык Жазууда жазылгандай, «Кудай Өзүн сүйгөндөргө көз көрбөгөн, кулак укпаган, адамдын оюна да келбеген нерсени даярдап койгон».*

*Бизге муну Кудай Өзүнүн Руху менен ачып берди. Анткени Рух бардыгын, Кудайдын улуу сырларын да билет. Адамдын оюнда эмне бар экенин ким билет? Адамдын ичиндеги рухтан башка эч ким билбейт. Ошол сыяктуу эле Кудайдыкын да Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт.*

*Кудайдын бизге эмне бергенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын Рухун кабыл алдык.*

– 1 Коринттиктер 2:9—12

Анан 1чи Коринттиктер 2:16да бизде Машайактын акылы бар деп кошумчалайт! Луканын Жакшы Кабарында Ыйса бул кенчтин кайсы жерде экендигинин ордун тастыктайт:

*Кудайдын Падышачылыгы көзгө көрүнбөй келет... Анткени Кудайдын Падышачылыгы **силердин ичиңерде.***

– Лука 17:20, 21

*Же эмне, денеңер силердин ичиңерде жашаган Ыйык Рухтун ийбадатканасы экендигин, Ал Рухту Кудайдан алганыңарды жана өзүңөрдүн өзүңөргө таандык эмес экениңерди билбейсиңерби? Силер кымбат баада сатылып*

*алынгансыңар, ошондуктан Кудайды денеңер менен да, рухуңар менен да даңктагыла, анткени анын баары Теңирдики.*

– 1 Корунттуктар 6:19, 20

Ошентип, мен эмнени айткым келип жатканын кыскача айтып берейин.

## СЕНДЕ КАЗЫНА БАР!

Казына канчалык баалуу? Силердин кыялыңардан ашкан байлык! Чексиз кенч!

*Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да, же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай.*

– Эфестиктер 3:20

Эми бизге башкача даярданууга туура келет. Бул кенч биз ойлогондон да чоң! Адатта, бизге бир нерсе керек болгондо же жардамга муктаж болгонубузда жоопту сырттан издөөгө көнүп калганбыз. Бирок, азыр Ыйык Рух, Кудайдын Өзү бизде жашайт жана Ал биздин жардамыбыз. Биз буга чейин Рухтагы же башка тилдердеги сыйынууну кантип үйрөтүп, сырларды ачып берерин талкууладык. Бирок, ушунча көп адамдар үчүн мындай жардам канчалык баа жеткис экенин түшүнүү кыйынга турат, же чындап эле алар үчүн жашоонун бардык тармагында жооп болгусу келет.

**ЭМИ УШУНУН БААРЫ СЕНИКИ, МЕНИН ДОСУМ, БАРДЫК ПАДЫШАЧЫЛЫК. КУДАЙ ЭЧ НЕРСЕ КОШУМЧАЛАЙ АЛБАЙТ. АНЫН ҮСТҮНӨ АЛ СИЛЕРГЕ БААРЫН БЕРИП КОЙГОН. СИЛЕРДЕ БААРЫ БАР!**

Бирок, жогорудан төрөлгөндө, силер Кудайдын үйүнүн тургуну жана Анын улуу Падышачылыгынын

жараны болуп калдыңар. Ал силерге эчак эле Өзүндө болгон нерселердин баарын берип койгон! Чынында, Лука 12:32 коркконго же коркууга эч кандай негиз жок экени айтылат, анткени Атаңар силерге Падышачылыкты берүүгө макул болгон. Кандай Падышачылык? Анын Падышачылыгы!

> *«Кичинекей үйүр, коркпо! Анткени Атаңар силерге Падышачылыкты бергиси келет».*
>
> – Лука 12:32

Мунун баары сеники, досум, бүт Падышачылык. Кудай сага бергенине эч нерсе кошо албайт. Сенде баары бар! Көптөгөн адамдар Кудайды күнүмдүк жашоосуна кийлигишүүгө мажбурлашса, Аны тынчсыздандыргандай сезишет. Бирок, бул адаттагы эле наадандык. Эгер мен силерге Америка Кошмо Штаттарынын жараны экениңерди айтсам, силер мындай деп жооп берсеңер: “Билбейм. Эгерде мен бул жерде дүкөн ачсам жана өзүмдүн бизнесимди ачканга мүмкүнчүлүк бере турган өлкөнүн мыйзамдарын пайдалангым келсе, кимдир бирөөлөргө ыңгайсыздык алып келем деп корком». Жаран катары, силер бардык мыйзамдарды колдоно аласыңар жана өлкө сунуш кылган бардык артыкчылыктарга ээ боло аласыңар. Алардын баары силердики! Убакытты текке кетирбегиле. Мыйзам боюнча силерге таандык болгон бардык артыкчылыктарды алгыла!

**<u>Эмне үчүн Кудайдын Падышачылыгы кенчке салыштырылат?</u>**

Анткени, асмандагы билимге ээ болсоңор, Кудай берген уникалдуу жана адаттан тыш стратегияларды колдонуу менен кандай кырдаал болбосун эмне кылуу керектигин билесиңер. Бул кандайча иштээри жөнүндө силерге дагы бир мисал келтирейин.

Дренда экөөбүз Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө биле баштаганда, жашообуз кескин өзгөрдү. Карыздан биротоло кутулуу таза абадай болуп, жашоо жаңыча даамга ээ болду. Биз 55 акр (22

гектар) жерибиз үчүн накталай акча төлөгөнүбүз бир керемет, түш сыяктуу эле, таң калыштуу болду. Бирок, бизге ошол жерде үй керек болчу. Бизде үй куруу боюнча такыр түшүнүк жок болчу жана эмнеден баштоону түшүнгөн жокпуз. Бирок, өзүбүздүн жер тилкебизде керектүү үйдү КАНТИП алсак болот деп сыйына баштадык. Биз Ыйык Рухтун бизге жардам беришине ишенмей болдук.

Карызга батууну каалабай, үй куруунун салттуу эмес жолдорун изилдей баштадык. Арзан баада сонун үй алуунун бир жолу модулдук үй куруу болду. Модулдук үй – бул трейлер эмес, ал фабрикада бөлүк-бөлүк боюнча жасалып, анан силердин жер тилкеңерде чогултулган үй. Булар жыгачтан жасалган үйлөрдөй сапаттагы үйлөр, бирок, заводдо курулуштун эффективдүү ыкмаларынан улам баасы төмөн. Ошентип, модулдук курулушка адистешкен эки-үч компанияны карап, алар сунуштаган моделдерди изилдеп көрдүк. Ошентип, модулдук үйлөрдү изилдеп, көрүп чыккандан кийин, биз дал ушул жолду тандап алдык. Биздин оюбузча эң сонун компанияны жана эң сонун үй боло турган моделди да тандап алдык. Вирджиния штатындагы үйдө окуу боюнча конференциясынан, үйгө келгенден кийин биз келишимге кол коюуга даяр болчубуз. Биз пландарды өзүбүз менен алып кетүүнү чечтик жана биз өткөрүп жиберген деталдарды карап чыгып, үйгө келгенде келишимге кол коюудан мурун, туура чечим кабыл алганыбызды текшерип алалы дедик.

Вирджиниядагы конференцияда кантип сөз сүйлөөгө чакырылганыбыз эсимде жок, бирок, биз ошол жерде жүргөндө үйдөн билим алган үй-бүлөлөрдүн бириникинде болууну сунушташты. Алардын түштүк стилиндеги кооз үйүнө келип, жаңы досторубуз менен таанышкандан кийин, биз алардын үйү кандай сонун экени жөнүндө сүйлөшө баштадык. Сүйлөшүү учурунда үйдү алар өздөрү курушканын билдик.

Алгач мен шок болдум.

– Силер эмне куруучуларсыңарбы? - деп сурадым.

- Жок, - деп жооп беришти алар.

Үй -бүлөнүн атасы бизге жергиликтүү ири компаниянын бухгалтери болуп иштээрин айтты.

- Анда үйүңөрдү кантип куруу экендигин кайдан билдиңер? - деп сурадым.

Алар ар кайсы жагын айтып башташты, сүйлөшүүдө биз да үй салабыз, шаарга келер менен келишим түзөбүз деп айттык. Муну укканда алар сүйүнүп, жаңы үйүбүз тууралуу сурай башташты. Биз аларга Кудайдын Падышачылыгы жана жашообуз кандай өзгөргөнүн айта баштадык. Биз 55 акр жер үчүн накталай акчаны кантип төлөгөнүбүздү жана ал фермердик үйдөн чыкканыбызга кандай гана кубанганыбызды айтып бердик.

Бизде реалдуу пландарыбыз бар экенин айттык жана алар аны карап чыкса болобу деп сурашты. Албетте, биз алардын пикирин угуп кубандык. Ошентип, пландарды алып чыгып, ашкана столуна отуруп, кагаздарды жайып койдук. Көп өтпөй үй ээси «Жок, бул жер аздык кылат», же «Силерге чоңураак ашкана керек», же «Балдарыңар чоңойгондо бул үй эмне болот деп ойлодуңар беле?»,- деген сыяктуу сөздөрдү айта баштады. “Пасторлор катары силерге көңүл ачуу үчүн көбүрөөк орун керек». Дегеле, аягында минтип үй курганга болбостугун көрсөтүштү, биз алардын ар бир аргументине макул болууга аргасыз болдук.

- Бирок, биз колубуздагы акчага кантип чоңураак үй сала алабыз?
- Абдан эле оңой, - дешти алар. - Өзүңөр кургула!

Бул сөздөрдү укканда, күлүп жибербөө үчүн, өзүмдү араң зорго кармандым. «Мен өз үйүмдү курушум керекпи?» Мурда айтып кеткендей эле, мен үйлөр жөнүндө эч нерсе билчү эмесмин! Бирок, анчалык деле кыйын эмес деп, бизди кубаттай башташты. Алар бизге Уоррен В. Джейгердин «Өзүңдүн башкы подрядчың болуу аркылуу 50 000 доллар же андан да көп үнөмдө: Субподрядчы болуу жана

кыялыңдагы үйдү кантип пландаштыруу керек?» деген китеби жөнүндө айтып беришти.

Ошондуктан, үйгө кайтып келгенден кийин модулдук үй куруу боюнча келишим түзбөөнү чечтик. Китепке буйрутма берип, ар бир бөлүмүн карап окуп чыктык. Биз ошондой эле, буйрутма үйлөрүнүн пландарын карай баштадык. Акыры, өзүбүзгө жаккан үйдүн планын таап, аны акырындап талдай баштадык. Өзүлөрү үй салган достор, тааныштар менен сүйлөштүк. Акыры, биз муну жасай алабыз деп чечтик! Биз имараттын пландарын карап: «Бул үйдү бюджетибизге туура келтирүү үчүн өзүбүз эмне кылсак болот?» деп, өзүбүзгө суроо бердик. Укмуштуудай, мен өмүрүмдө 12/2 зымын эч качан кармаган да эмесмин, бирок, мен бүт үйгө зымды өткөзө алам деп чечтим. Зымды билген досум мага бул оңой эле экенин билдирип, аны кантип жасоону көрсөтүп берерин айтты.

Мен өз ишим менен алек болгондуктан, Дренда башкы подрядчы болуп, субподрядчылар менен иштешүүнү чечти. Үйдүн каркасын кура турган подрядчик таап, калганын өзүбүз чечтик. Андан кийин жашообуздагы эң курч, бирок, эң кызыктуу күндөр келди. Кыскасы, модулдук үйдөн эки эсе чоң үй курдук. Бизде катуу жыгач эшиктер, паркет полдор, катуу жыгачтан жасалган юбка тактайлар, дат баспас болоттон жасалган жаңы приборлор менен кооз ашкана комплекти бар болчу. Үйдү өзүбүз куруп, 200 000 доллардан ашык акча үнөмдөгөнүбүздү эсептеп билдик!

Азыр мен Ыйык Рухтан бул планга жардам беришин сурангаНыбызга абдан кубанычтамын. Биздин күч-аракетибиздин натыйжалары биз кыялданган нерселерден алда канча ашып кетти. Кудайдын Вирджинияга сапар уюштуруп, үйүн жаңыдан куруп бүткөн жубайлар менен кантип жайгаштырганын мен дагы эле жагымдуу таң калуу менен эстейм. Мен ишенем, эгерде мындай болбогондо, биз модулдук үйдү курмакпыз. Мен модулдук үй кандайдыр бир убакытка чейин чечим болбойт деп айткан жокмун, бирок, бир аздан кийин эле, ал үй биз үчүн кичине болуп калмак. Биз курган үй азыр

да мага Ыйык Рухтун ар кандай кырдаалда кандайча жардам берип, күткөнүңдөн да ашып түшө турган план жана багыт берип жатканын көрсөткөн үлгү болуп саналат! Андыктан, дагы бир жолу айтам...

Кудайда СИЛЕРДИН ПЛАНЫҢАР бар!

Бирок, силер: «Гэри, мунун баары жакшы, бирок, Матай 13:44 план жашыруун деп айтылат!» дээрсиңер. Ооба, ошондой жана бул силердин жыргалчылыгыңар үчүн. Матайдан Жакшы Кабардын башка жеринде Ыйсанын эмне дегенин карагыла:

> *Шакирттери жакын келип, Ыйсадан: «Эмне үчүн Сен аларга үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөп жатасың?» – деп сурашты. Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Силерге Асман Падышачылыгынын сырларын таанып билүү мүмкүнчүлүгү берилди, аларга болсо берилген жок.*
>
> – Матай 13:10, 11

Бул жашыруун билим аны кыянаттык менен колдоно турган же Кудайдын пландарына тоскоол боло турган шайтан же жаман адамдар үчүн эмес, силер үчүн. Ыйык Китепте шайтан Кудайдын эмне кылып жатканын түшүнө алса, тактикасын өзгөртөрү айтылат.

> *Биз Кудайдын жашыруун сыр катары сакталып келген акылмандуулугу жөнүндө сүйлөйбүз. Биздин даңкталышыбыз үчүн, Кудай аны дүйнө жаратыла электен мурун эле белгилеп койгон. Ал акылмандыкты бул дүйнөнүн бийликтегилеринин бири да түшүнгөн жок. Түшүнүшсө, даңктуу Теңирди айкаш жыгачка кадашмак эмес.*
>
> – 1 Корунттуктар 2:7, 8

Мен дайыма айтам, Кудайдын сырлары силерден эмес, силер үчүн жашыруун! Шайтан караңгылыкта жашайт жана Кудайдын пландарын билбейт. Ал Кудай кылган нерсеге гана реакция бере алат. Ошондуктан, кийинки жолу түн жарымга чейин өз

суранууңарга жооп ала албай, бир аз тынчсызданып жатканыңарда билгиле, Кудай эч качан кечикпейт жана силерге кармалып жаткандай сезилген нерселер да, силер үчүн иштейт, аны ачууга убакыт келгенге чейин ал жашыруун бойдон турат.

**МЕН ДАЙЫМА АЙТАМ, КУДАЙДЫН СЫРЛАРЫ СИЛЕРДЕН ЭМЕС, СИЛЕР ҮЧҮН ЖАШЫРУУН! ШАЙТАН КАРАҢГЫЛЫКТА ЖАШАЙТ ЖАНА КУДАЙДЫН ПЛАНДАРЫН БИЛБЕЙТ.**

*Асман Падышачылыгы талаада жашырылган казынага да окшош: бир адам аны таап алып, кайра* ***жашырып койду.*** *Барып, кубанганынан колунда болгондун баарын сатты да, ал талааны сатып алды.*

– Матай 13:44.

Талаа деген эмне жана ал кайда жайгашкан, ошондой эле, кенч эмне үчүн катылганын талкууладык. Ошондой эле, Рухта сыйынуу менен жана Ыйык Рухтун үнүн угуу аркылуу Кудайдын Падышачылыгында жашырылган нерселерди кантип угууга болорун талкууладык. Бирок, бул процессте силер билишиңер керек болгон дагы бир маанилүү Ыйык Китептик принцип бар. Аны көрмөксөнгө салуу көптөгөн жакшы, асыл пландардын кыйроосуна жана адамдардын жашоосундагы талкалануударга алып келген. Эгер байкасаңар, Ыйык Жазууда адам Кудайдан кенч, идея, багыт же план жөнүндө угары менен, ал аны кайра эле жашырат деп айтылат. АЛ ДАРОО ЭЛЕ ИШИН БАШТАБАЙТ! Ал бардык досторуна жана кошуналарына Теңирден уккандары жөнүндө же өзүнүн жаңы жана кызыктуу пландары жөнүндө, жок эле дегенде, ошол замат айта баштабайт. Ыйык Китепте ал кайрадан эле өз билимин жашырып, барып, колунда болгондун баарын сатат, анан гана талаа сатып алат деп айтылат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, ал кенчтин чыныгы ээси болмоюнча, эч кимге анын ордун ачыктагысы келбейт. Ал күтөт, анткени ээлик ага эч ким кенчти уурдай албайт деген ишенимди берет.

Ошондой эле, Ыйык Жазууда адам байлыкты биринчи жолу тапканда, анын акчасын төлөй албай калаары жана ага ээ болуу үчүн, кандайдыр бир даярдыктан өтүшү керектиги айтылат. Бул принцип акча маселесинен жана кадимки бир нерсени сатып алуудан алда канча жогору турат. Ал бизге маанилүү нерселерди жана эгер ийгиликке жетүүнү кааласак, Ыйык Рух көрсөткөн нерселерге ылайык иш кылууну үйрөтөт.

Ыйык Жазууда айтылгандай, силер бир идеяны же багытты укканда, тиешелүү жөндөмгө ээ болмоюнча, эч кандай аракет кылбагыла. Бул акчага келгенде кантип иштээрин баарыбыз оңой эле көрө алабыз деп ойлойм. Эгер жер сатып алууга акчаңар жетпесе, анда силер, албетте, ал жерде кенч бар экенин эч кимге айтпайсыңар. Эгер бул жөнүндө белгилүү болуп кала турган болсо, анда башка бирөө аны биринчи сатып алмак деп ишене берсеңер болот. Анын ордуна катылган кенч жөнүндө унчукпай гана туруп, жерди сатып алууга акча табуу үчүн болгон күчүңөрдү жумшайсыңар.

Ушул эле принцип Кудай силерге бере турган бардык багытка же бардык көрсөтмөлөргө тиешелүү. Ыйсанын жолдоочулары көбүнчө мүмкүн болушунча эртерээк аягына жетүүнү каалашат да, башталышын өткөрүп жиберишет. Биз аны дароо ишке ашыра баштashыбыз үчүн эмес, даяр болуп, мүмкүнчүлүктү чындап пайдалана алышыбыз үчүн, Ыйык Рух көп учурда бизге идеяны ачып берет. Ар кандай иш-чаранын даярдоо этабы - бул процесстин эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Спортто да командалар машыгуу учурунда, эч ким көрбөгөн учурда оюнга канчалык даярдангандыгына жараша, оюнда утулуп калышат же утуп алышат. Бирок, машыгуу ырахат алып келбестигин, алар чарчатарын жана алсыратарын моюнга алышыңар керек. Салыштыруу үчүн, ар бир адам оюндун кумарын сүйөт, элди, жарыктарды жана жеңиш толкунун жакшы көрөт.

Тилекке каршы, эгерде даярдык көрүлбөсө, бул кыялдар кайгыга жана жараатка айланат. Бул принципти билбегендиктен, канчалаган адамдардын өз жашоосун талкалап жатышканын көргөнүмдү санай

албайм. Мен Кудайдан чакырылган адамдарды, майлангандарды, эмоциялык жактан да, каржылык жактан да даяр болбогон учурда эле жыйынды уюштуруп, кыялдын ишке ашышышынын ордуна кырсыкка учурагандарды, кыйрагандарды көрдүм. Мен Кудайдан аларга бизнес идеясын бергенин угуп, ийгиликке ишенип, тийиштүү текшерүүсүз же даярдыксыз туруп эле өзүнүн туруктуу иштеп жаткан ишин дароо эле таштап салып, акыры эч нерседен жок болуп, отуруп калган адамдарды көрдүм. Бул окуялардагы эң бир өкүнүчтүү нерсе – күнөө Кудайга жүктөлүп, адамдар өзүнөн эле эмес, Андан да көңүлү калган. Эмне үчүн көп адамдар ийгилик бир күндө эле келе коёт деп ойлошорун билбейм. Бирок, адамдарга Ыйык Жазуунун бир жөнөкөй үзүндүсүндө сүрөттөлгөндөй, ийгиликке жетүү процессин үйрөтүү керек.

Адамдар мага келип: «Эй пастор, Кудай мага бул менин жыйыным экенин айтты» дешет. Анан аларды андан ары жыйында көрбөйсүң. «Эй пастор, Кудай мага сонун бизнес идея берди» дешет. Анан кийинки уга турган нерсең, алардын үйү мажбурланган сатууга коюлуп, унаасы конфискацияланган болот. Бул сен үчүн Кудай каалаган нерсе ЭМЕС.

Биз Ыйык Рухтан бир идея укканда, бул дароо иш-аракет кылышыбыз керек дегенди билдирбейт. Көбүнчө, Ал бизди бул кыялды жашыра туруп жана аны ишке ашырууга даярданууга үндөйт. Эреже катары, аны ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн, бизде бардык зарыл нерселер жок. Даярдык Кудай силерге эмне кылууну көрсөткөнүнө жараша жумаларды, атүгүл жылдарды талап кылышы мүмкүн. Даярдык жана туура аракеттенген учурлар да маанилүү же идеянын өзүнөн да маанилүүрөөк экенин түшүнүшүңөр керек!

Жакшы Кабарды таратууга мен 19 жашымда чакырылганымды билем. Мен ачык аян алгам, анда мен өзүмдү колумда Ыйык Китеп менен көргөм жана Теңир мага үч жолу: «Мен сени Менин Сөзүмдү насааттоого чакырам» деп айткан. Бул абдан реалдуу жана күчтүү тажрыйба болду. Бирок, Теңир мага дароо кабар айта башта деп айткан жок. Тескерисинче, ал мага колледжге барууну айтты.

Көрдүңөрбү, мен орточо 1,3 балл менен мектептен чыгып кете жаздадым. Анын үстүнө, мен абдан уялчаак элем, адамдар менен баарлашуудан каччумун. Мен абдан ачык айтуума уруксат бергиле. Мен кайтаруучу болуу үчүн, адамдар үчүн кам көрүүгө зарыл болгон жетилгендикке жана камкордукка жакын да эмес болчумун! Ошондуктан, мен колледжге тапшырдым жана бул абдан оор болду, бирок мен чыдап, төрт жылдык курсту аяктадым.

Колледжди аяктагандан кийин насаат айтууга убакыт келдиби деп ойлочумун. Бирок, Теңир мага камсыздандыруу жана баалуу кагаздарды саткан жергиликтүү каржы фирмасына жумушка орношуумду каалай турганын айтты. Бул мага эч кандай мааниси жок болсо да, мен Кудайдын үнүн угуп жатканымды билип, аны аткардым. Бул жумуш колледждеги окуудан да кыйын болчу. Мен күн сайын муздак чалууларды жасап, адамдардан коркуу сезимин жеңгенди үйрөнүшүм керек болчу. Бул жумушумдан тапкан кирешеге жашоо да оңой болгон жок, чынын айтсам, күн сайын бул ишти таштап салгым келчү, бирок, анте албасымды билчүмүн. Акыры, бир нече жылдан кийин мен бизнесимде ийгиликке жеттим. Андан тышкары, Дренда экөөбүз филиалыбызды фирманын бүткүл өлкө боюнча 5000 филиалдарынын ичинен эң мыктысы кыла алдык.

Так ошол маалда Кудай мага жыйынды баштоого убакыт келгенин айтты. Ошол учурда мен 40 жашта элем. 19 жашымда көргөн аянга даярдоо үчүн Кудай менден 21 жыл талап кылды. Эмне үчүн мынчалык көп даярдык керек экенин, качан мен пастор болуп кызмат кыла баштаганда гана түшүндүм. Кайтаруучулук мен ойлогондон да кыйын болду. Бирок, адамдар менен болгон тажрыйбам жана бизнестеги баш тартуулар менен күрөшө билген жөндөмүм аркылуу, мен жашоомдо Кудайдын чакырыгына ишенимдүү боло алдым. Ар бир эле тапшырма 21 жылдык даярдыкты талап кылбайт, бирок, принцип бирдей эле болот.

Бул даярдоо принцибинин аркасында мен Матай жазган Жакшы Кабар 13:44тү төмөндөгүдөй түшүндүргүм келет:

*Силердеги* ***Асман Падышачылыгы,*** *силерге Кудай билген сырларды же жашыруун нерселерди билүүгө билим же мүмкүнчүлүк берет. Бул билимди өзүңөрдүн ичиңерде болгон Кудайдын Рухунан алсаңар болот. Качан адам өзү үчүн байлык болгон бул сырдуу билимди, жоопту тапканда же укканда аны кайра жүрөгүнө жана акылына катып коёт. Анан кылдат даярдангандан кийин, кубаныч жана бардык күчү менен өзүнө ачылган багыт боюнча, көрсөтмөгө ылайык барат, ошентип аны кармап, өзүнүн жообун алат.*

8-БӨЛҮМ

# АЛДЫГА КАРАЙ ЖЫЛУУ ҮЧҮН КЫЙЫН АБАЛ

Жаңы Зеландиядагы чоң жыйындын пасторлору менин досум пастор Питер жана анын жубайы Бев, Америка Кошмо Штаттарына кыска мөөнөттүү иш сапары менен келишкен. Бул Рождество (Ыйсанын туулган күнү) майрамы болчу жана алар Колорадо Спрингстеги Broadmoor мейманканасында эс алып, Рождестволук жасалгалардан ырахат алуу үчүн бир-эки күн болгулары келген. Эгер силер Бродмурда боло элек болсоңор, анда бул аскалуу тоолордун фонунда жайгашкан эң мыкты америкалык курорттордун бири экенин билип койсоңор болот; ал өзүнүн укмуштуудай Рождестволук атмосферасы менен белгилүү. Пастор Петир ошол жерде болушарын айтып, бизди чакырып, аларга кошулгубуз келеби деп сурады. Биз кубануу менен макул болуп, ошол жерде эң сонун үч күндү өткөрдүк.

Пастор Петир менен жолукканыбызда, биз көбүнчө кызмат жөнүндө сүйлөшөбүз, анткени, ал менин кеңешимде. Бул сапарда да ушундай болгон. Экөөбүз тең келерки жылга пландарыбызды айтып, ой бөлүштүк. Акыр-аягында, алар биз үчүн абдан кымбат болгондуктан, ар дайым кейиштүү болгон коштошууга убакыт жетти. Дренда экөөбүз Жаңы Зеландияга адатта жылына бир жолу, жок дегенде эки жылда бир барып турабыз, бирок, быйыл мен абдан бошобогондуктан, мындай сапарды пландаштырган эмесмин.

Ошентип, биз үйгө кайтып келип, жаңы жылды чыдамсыздык менен күтүп жаттык. Бирок, 9-январда мен түш көрдүм, анда мага пастор Петир февраль айында мени өзүнүн жыйынында насаат айтууга чакырганы жатат деп айтышты. Мен муну өтө адаттан тыш нерсе деп ойлогонум да эсимде, анткени, мен аны менен жакында эле үч күн чогуу жүргөн элем, ал бул жөнүндө эч нерсе айткан эмес, ал эми февралга чейин болсо, саналуу гана жумалар калган болчу. Мен Теңирдин айтканын эртең мененки тамакты ичүү үчүн ашканага барганда Дрендага айттым.

Менин компьютерим ашкананын үстөлүндө болчу, анан мен аны иш арасында күйгүзүп калдым. Кофе ичип отурсам, пастор Петирден кат келгенин көрдүм. Мен катты ачканда, пастор Петир мени үч жумадан кийин өзүнүн жылдык финансылык конференциясына келип насаат айтууга чакырып жатканын окуп, таң калдым. Албетте, мен таң калдым, бирок, шок болгон жокмун, анткени түшүмдө көргөм. Бир айга көп сапарларды пландаштыргандыктан, Петир мени Жаңы Зеландияга чакырган маалда бул мүмкүнбү же жокпу деп, тез эле графикти карап чыктым. Оклендде болордон бир нече күн мурун биз Дренда экөөбүз Аргентинага, Буэнос-Айреске учууну пландап койгонбуз. Мен Ал жакка өз убагында жетүүнүн жалгыз гана жолу, Буэнос-Айрестеги конференциядан кийин чыгып, дароо Сиднейге - Австралияга учуп, анан Оклендге чейинки рейске алмашып учуу керек эле. Мен өзүм эч качан мындай сапарды уюштурмак эмесмин, бирок Теңир мени менен сүйлөшкөндүктөн, барышыбыз керек экендигин билдим.

Аргентинага болгон сапарыбыз менин компаниям менен иштеген жеткирүүчүлөрдүн бири тарабынан каржыланган корпоративдик сапар болду. Бул жакшы саякат болду жана адатта жылына бир гана жолу көргөн досторубуз менен сонун убакыт өткөрдүк. Ал кезде Аргентина абдан олуттуу каржылык кыйынчылыктарга дуушар болгон жана шаар баш аламандыкта болчу, бирок, жалпысынан бул эң сонун саякат болду, анткени мен ал жерде мурда эч качан болгон эмесмин. Биздин Сиднейге учуубуз 16 саатка созулду. Бул

мен учкан эң узак рейс болду. Дүйнөнүн бул бөлүгүн абадан көрүүгө үмүттөнгөндүктөн, мен үчүн бул учуу укмуштуудай болуп көрүндү, учуу Түштүк уюлдун үстүнөн болду.

Учуп бараткanда, терезенин астындагы муз жана кардан башка эч нерсе көрүнгөн жок, мен аргентиналык жана ошондой эле, өлкөдөгү сууга чөгүп кетпөө үчүн күрөшүп жаткандай абалдагы, каржылык кыйынчылыкка кабылган авиакомпаниянын самолёту менен учуп бараткanымды түшүндүм. Эгерде бул компания самолётторду техникалык тейлөөгө акча үнөмдөшү керек болсо жана биз дүйнөнүн бул бөлүгүндө кырсыкка учурай турган болсок, анда жагымдуу көрүнүш болбойт деген ой келди. Бирок, мен абдан ишенимдүү колдо экенимди билчүмүн, анткени, мени бул жолго Теңир Өзү багыттаган болчу.

**АНТКЕНИ, КУДАЙДЫН РУХУНУН ЖЕТЕГИ МЕНЕН ЖҮРГӨНДӨРДҮН БААРЫ КУДАЙДЫН БАЛДАРЫ.**

**– РИМДИКТЕРГЕ 8:14.**

Сиднейге келгенден кийин биз пастор Петир менен Бевге телефон чалып, пастор Петир жүрөгү катуу кармап, жаңы эле ооруканада жатып калганын укканда таң калдык.

Өзүнүн чоң каржылык уикенд (каржылык тыныгуу) убагында таптакыр насаат айта алмак эмес, ошондуктан, ал бүткүл иш-чаранын жүрүшүндө менин насааттай аларым мүмкүнбү деп сурады.

Эми мен Теңир мени эмне үчүн Жаңы Зеландияга багыттаганын билдим жана Ыйык Рух биздин кадамдарыбызды кантип жетектеп жатканынан улам толкундандым. Бул Римдиктер 8:14тө айтылган эң сонун аятты эске салат.

> *«Анткени Кудайдын Рухунун жетеги менен жүргөндөрдүн баары – Кудайдын балдары».*
>
> – Рим. 8:14

Биз кайра эле Ыйык Рухтан багыттарды, идеяларды жана түшүнүктөрдү угуу жөндөмү жөнүндө айтып жатабыз. Ыйык Китепте

Ыйык Рухту угуу тууралуу менин кийинки сабагымда далилдене тургандай, силер муктаж болгон суроолорго жооп бере турган, Даниелдин аңгемесиндей жакшы таржымал жок. Келгиле, аны карап көрөлү.

> *Небухаданасар өзүнүн падышачылыгынын экинчи жылында түш көрдү. Ошондо анын тынчы кетти, түшү эсинен чыгып кетти. Ошондо падыша өзүнүн түшүн айттырыш үчүн, жашыруун сырларды билүүчүлөрдү, төлгөчүлөрдү, сыйкырчыларды жана каздимдерди чакырууну буйруду. Алар келип, падыша алдында турушту. Падыша аларга: «Мен түш көрдүм, бул түштүн маанисин билгим келип, тынчым кетип жатат», – деди. Каздимдер падышага арамей тилинде: «Падыша! Түбөлүк жаша! Түшүңдү кулдарыңа айт, ошондо биз анын маанисин түшүндүрүп беребиз», – дешти. Падыша каздимдерге мындай деп жооп кылды: «Мен айткан сөз өзгөрүлбөйт: эгерде силер мага түштү жана анын маанисин айтып бербесеңер, анда силерди бөлө чаап, үйүңөрдү урандыга айландырышат. Эгерде түштү жана* ***анын маанисин айтып берсеңер, анда менден белек жана сыйлык аласыңар, силерге чоң сый көрсөтүлөт.*** *Ошондуктан мага түштү жана анын маанисин айтып бергиле».*
>
> – Даниел 2:1—6

> *Каздимдер падышага мындай деп жооп беришти: «Бул ишти падышага ачып бере ала турган адам жер жүзүндө жок, ошондуктан улуу жана кудуреттүү болгон бир да падыша буга окшогон ишти бир да жашыруун сырларды билүүчүдөн, бир да сыйкырчыдан, бир да төлгөчүдөн жана бир да каздимден талап кылган эмес.*
>
> *Падыша талап кылып жаткан бул иш ушунчалык кыйын*

*болгондуктан, аны падышага адамдар менен жашабаган кудайлардан башка эч ким ачып бере албайт». Буга падыша аябай каарданып, аябай ачууланып, Бабылдын бардык акылмандарын кырып салууну буйрук кылды. Акылмандарды өлтүрүү жөнүндөгү бул буйрук чыкканда, Даниелди жана анын жолдошторун да өлтүрүү үчүн издешти.*

– Даниел 2:10-13.

*Анан Даниел үйүнө келип, өзүнүн жолдоштору Хананияга, Мишаелге жана Азарияга болгон ишти айтып берди. Бабылдын башка акылмандары менен кошо өлүп калбаш үчүн, асмандагы Кудай ырайым кылып, бул сырды ачып берүүсүн өтүнгүлө деп, Даниел жолдошторуна кайрылды. Ошондо бул жашыруун сыр Даниелге түнкү көрүнүштө ачылды, Даниел асмандагы Кудайды даңктады. Даниел мындай деди: «Теңирдин ысымы кылымдан кылымга даңкталсын, анткени акылмандык менен күч Ага таандык. Ал мезгилдер менен жылдарды өзгөртөт, падышаларды кулатат, падышаларды коёт, акылдууларга акылмандык, түшүнө ала тургандарга билим берет.* ***Ал терең жана жашыруун сырларды ачат, караңгылыкта эмне бар экенин билет, жарык Аны менен жашайт.***

– Даниел 2:17—22

Даниел өлүм менен өмүрдүн ортосундагы эң бир коркунучтуу абалда калган. Бирок, бул жерде силердин андан ары алгалашыңар үчүн маанилүү ачкыч жатат. Кудай аны анын кулашы үчүн эмес, алга жылышын камсыздоо үчүн колдонгон. Ыйык Рухтун жашыруун билимине ылайык, Даниел Небуходонасорга түшүн жоруп берет. Кийинки үзүндүдөн биз көрүп тургандай, падыша абдан таң калат.

*Ошондо Небухаданасар падыша жүзтөмөндөп жыгылып, Даниелге таазим кылып, ага белектерди жана жыпар*

> *жыттуу заттарды алып келгиле деп буйрук кылды. Анан падыша Даниелге: «Чыны менен эле, силердин Кудайыңар – кудайлардын Кудайы, сен бул жашыруун сырды ача алгандан кийин, силердин Кудайыңар – жашыруун сырларды ачкан падышалардын Эгедери!» – деди.*
>
> ***Ошондо падыша Даниелди жогорку кызматка койду, ага көптөгөн чоң белектерди берди, аны Бабылдын бардык дубандарына башчы, Бабылдын бардык акылмандарына эң башкы башчы кылып койду.*** *Бирок Даниел падышадан өтүнгөндүктөн, ал Бабыл өлкөсүнүн иштерин башкарууга Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону койду. Даниел болсо падыша сарайында калды.*
>
> – Даниел 2:46–49

Даниелдин Кудайдын үнүн уга алган жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасы кандай болгон? Кызматтан жогорулоо жана байлык!

Ушул эле натыйжаны дагы бир библиялык окуядан, Жусуптун таржымалынан табууга болот. Ушундай эле жагдайга туш болгон Жусуп фараондун түшүн жоруган. Жусуп түштү ийгиликтүү жоругандан кийин фараон түштө эскертилгендей, Мисирди алдыда келе жаткан кургакчылыктан сактап калуу үчүн, иш-аракеттердин планын сунуштаган.

> *Анан фараон Жусупка мындай деди: «Кудай сага ушунун бардыгын ачып бергендиктен, сендей акылдуу, сендей даанышман адам жок.*
>
> *Сен менин үйүмдү башкарасың, сенин сөзүңдү бүт элим угат, бирок мен сенден тактым менен жогору турам».*
>
> – Башталыш 41:39, 40

Бул окуялардын экөөсүндө тең баары башында чындап эле үмүтсүз болуп көрүнгөн, бирок, акырында кызматтагы көтөрүлүү жана байлык менен аяктаган. Жөнөкөй сөз менен айтканда, чоң

маселелерди чечкен адамдарга дүйнө чоң акча төлөйт! Силерде ушундай болгон маалда коркпогула, бирок, Теңирди даңктай баштагыла, анткени Ал Даниел менен Жусупка жардам бергендей эле, силерге да жардам берет! Мен дайыма айтып калгандай, Кудай даңк алат, мен болсо айлык алам. Мага Даниелдин Теңир жөнүндө айтканы жагат: «*Ал терең жана жашыруун нерселерди ачып берет, караңгылыкта эмне бар экенин билет, жарык Аны менен бирге жашайт*». “Жарык Аны менен жашайт” дейт Даниел. Бул караңгы түндө көчөгө чыкканда жарыкты күйгүзсөңөр, кайда барарыңарды көрөсүңөр дегенди билдирет! Жарык коркунучту жеңет жана силер кайда барарыңарды билесиңер. Пабыл бул аятта Кудай сүйлөп, муктаж болгон учурда бизге жардам берет дегенди билдирет.

> *«Өзүңөр билесиңер, бутпарас кезиңерде тилсиз бурkandарга бирөө жетелеп баргансып барчусуңар».*
>
> – 1 Кор. 12:2

Пабыл бурkandар сүйлөбөйт, Кудай сүйлөйт деп айткан!

Мен бул бөлүмдү эмне үчүн «Алга карай жылуу үчүн кыйын абал» деп атадым деп ойлоп жаткандырсыңар. Анткени, так ошол кыйын кырдаалда силердеги Ыйык Рухта жооптор бар. Так ушул оор кырдаалдар силерге чечим чыгарууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. Оор абал - бул силердин мындан аркы ийгиликтериңер үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк! Тилекке каршы, көптөгөн ишенгендер ыңгайсыз жагдайлардан качышат. Чынында, көп адамдар кыйын кырдаалга дуушар болгондо, Кудайды өткөрүп жибердим деп ойлошот.

Эсимде, биз жаңы гана телевидение менен алектене баштаганыбызда эсеп айына 9000 долларды түзчү. Ай Кудай ай, мен муну ай сайын иштеп табуу керек болгон көп акча деп ойлогом. Анан эсеп-кысап айына 20 000 доллардан, анан 50 000 доллардан ашты. Бир күнү баарыбыз сыйынып жатканда кызым Эми пайгамбарчылык жөндөмүн колдонуп сүйлөй баштады:

«Түшүм силер үчүн өтө эле чоң. Мен сени сынаймын. Эмне

болоорун Менин Рухум аркылуу гана түшүнө аласың! Алга кадам таштайсыңбы, Мага сени кыйынга, түшүнүксүзгө, мүмкүн эмеске алып барууга уруксат бересиңби?»

Мен окуяны айтып берерден мурун, азыр билгендериңерге таянып, муну кантип чечмелөө керектигин айтып бере аласыңарбы? АЛГА ЖЫЛУУ! Кудай мага тандоо эркин бергенин жактырам. Ал мени жолду Аны менен бирге басып өтүүгө даярбы деп сурады. Ал менин макулдугумду сурады. Эгер мен жок десем, Ал башка бирөөгө кайрылмак деп ишенем. Бирок, мен өзүм кызматка көтөрүлгөндү каалар элем, силерчи?

Мен минтип жооп бердим:

– Ооба, Теңир, мен макул экенимди билесиң.

Андан бир нече жума өткөндөн кийин, Daystar тармагы бизге күнүмдүк убакытты сунуштады, ал эми буга чейин биз жумасына бир гана жолу эфирге чыкчубуз. Эгер биз макул болсок, биздин телекөрсөтүүлөрүбүз айына 200 миң долларга чейин көтөрүлмөк. Бирок, ошол пайгамбарлык сөзгө жана ичиндеги Ыйык Рухтун батасына таянып, мен макул болдум. Мага баары биринчи эки айда программа популярдуу болгонго чейин, эфирдик эсептерибизде кемүү жагына кетерибиз тууралуу айтып жатышты. Бул так ошондой болду, бирок, балким, биз баарыбыз күткөндөн бир аз олуттуураак. Беш айдын ичинде мен 500 000 доллар телевидениеге карыз болуп калдым. Анысы аз келгенсип, биздин эфирдик убакытты сатып алуучу анын жактоочулары төлөмдөрдү кечиктиргени үчүн бир аз тынчсыздана башташты деп мага кат жөнөттү.

Мен бул жөнүндө чындап Кудай менен күрөшө баштадым, анткени менин шоум “Каржылык маселени чечүү” деп аталат! Көңүлүм чөгүп, Дрендага телеберүүлөрдү кыскартышым керек же таптакыр токтотушум керек деп айттым. Бирок, ал: «Кудай эмне деди? Ал муну төлөп берем деди да, туурабы?” деп айтты.

Бир нече күн бою мен аны менен сүйлөшкөндө ушундай гана жоопту берип жатты. Биз сыйындык, ошол маалда менде эч кандай

жооп жок болсо да, Кудайдын тынчтыгын сездим. Ошол аптада мен түш көрдүм, анда үйүлгөн чектерди көрдүм. Бул түштөгү таң калыштуу нерсе, мен үйүлгөн чектерди гана эмес, бул чектерди жазгандардын суммасын жана аты-жөнүн да көрдүм. Мен ойгонгондо, эфирдик эсептер төлөнгөнүн билип, тынчтык таптым. Ошентип, ошол дем алыш күнү, кадимки эле дем алыш күндөрү, 500 000 доллар түшүмдө көрсөтүлгөндөй болуп келди. Мен көргөн бардык суммалар жана чектерди жазгандардын аты-жөнү так ошондой дал келди.

Көрдүңөрбү, кыйын кырдаал – бул жаман эмес! Бул прогресстин жери, досум. Адамдар ката кетирүүдөн корккондуктан, кыйын кырдаалга түшпөөгө аракет кылышат. Бирок, эгерде биз Аны уксак, Ыйык Рух мүмкүн болуучу каталар жөнүндө эскертүүгө жөндөмдүү.

Эсимде, бир нече жыл мурун мен карыздан кутулуу боюнча компаниямды жетектеп жүргөндө, бир кардар мага жакпаган компанияга инвестиция салуу үчүн үй бюджетинен капиталды алгысы келген. Мен кеңсеге тепкич менен чыгып баратсам, менин өкүлдөрүмдүн бири мени менен бул тууралуу сүйлөшкөнүн эстедим. Күтүлбөгөн жерден мен Ыйык Рухтун бул маселе менен кантип күрөшүү керектигин айтып жатканын сездим. Мен өкүлүмө минтип айттым: «Сиз келишим түзсөңүз болот, бирок, кардар насыя пакетинин бир бөлүгү болушу керек болгон катка кол койсун, биз инвестициялык компанияга кирбейбиз, кардардын талабы боюнча гана насыя беребиз”. Биз андан ары көрсөтүлгөн инвестициянын коопсуздугу же аткарылышы үчүн жооптуу эмеспиз жана кардарды бул компанияга инвестициялоого көндүрбөй турганыбызды айттык.

Болжол менен алты ай өткөндөн кийин, баары жөн эле жок болуп кетти. Инвестициялык компания бул кардардын акчасынын баарын жоготкон. Инвестициялык компанияга жана менин компаниям каршы иш козголгон. Бирок, алардын жактоочусу менин кардарыбызды кол коюуга мажбурлаган катты көрүп, биз жооп берүүдөн четтетилип калдык.

Так ошол Ыйык Рух, ошол күнү мени тепкичтен токтотуп,

келишимди ишке ашыруу үчүн, бул катты документтердин пакетине киргизүүнү өкүлүмө айттырган болчу. Силер Ыйык Рухтун силерге жардам беререрине жана ар кандай кырдаалда жетектөөсүнө ишенсеңер болот. Ыйса айткандай: «Коркпогула».

**СИЛЕР ЫЙЫК РУХТУН СИЛЕРГЕ ЖАРДАМ БЕРЕРИНЕ ЖАНА АР КАНДАЙ КЫРДААЛДА ЖЕТЕКТӨӨСҮНӨ ИШЕНСЕңЕР БОЛОТ.**

Мен бул окуяны буга чейин башка китептеримдин биринде да айтып бергем, бирок, аны бул талкууда да кайталап коюуга арзыйт. Бир жолу биздин үй-бүлө үч күндүк дем алышка кеткен. Элдин баары кичи автобустун ичинде болчу, мен моторду иштеткени жатканда, Ыйык Рух күтүүсүздөн мага машинаны жылдырууну айтты. Кичиавтобустун жанында дагы бир унаа токтоп турган. Ыйык Рух машинаны газонго жылдырууну айтты. Бул абдан кызык болчу. «Эмне үчүн Ыйык Рух мага унаамды жолдон газонго жылдырууну айтып жатат?» деп ойлодум. Менде эч кандай түшүнүк жок болчу. Бирок, мен абдан таасирлендим! Ошондуктан, мен Дрендага эмне кыларымды айттым да, барып, машинаны жолдон газонго жылдырдым. Жекшемби күнү кечинде үйгө келгенге чейин мен ал эпизод жөнүндө ойлогон эмесмин. Менин машинам турган жерде эми чоң клен дарагы жаткан эле, ал жолдун аркы өйүзүнө, мурун унаа турган жерге кулап түшкөн экен. Азыр болсо машина газондо эң сонун абалда турган эле, анткени кулаган дарак ага тийген эмес. Эгер ал мурда турган жеринде турган болсо, анда клен аны жөн эле жок кылып салмак.

Дренда экөөбүз, албетте, акчаны кантип бөлүштүрүү керек экенин көрсөткөн үлгүлөрбүз. Бирок, бизди биздин шарттардан жогору коюу үчүн бир нече жашыруун стратегиялар жана кандайдыр бир жашыруун акылмандыктар керек болчу. Азыр мен жылмайып жатам, анткени бүткүл дүйнө жүзү көрүп жаткан, биздин телеберүү “Финансылык маселени чечүү” деп аталат!

*Досторум*, *силердин бүгүнкү тагдырыңар ушундай.*

> *Алар алсыраганда бекемделишкен, согушта тайманбас болушкан, бөтөн аскерлерди кууп чыгышкан.*
>
> – Эвр. 11:34 б

Качан силер жоопту билгениңерде, кыйын жана үмүтсүз кырдаал токтойт!

9-БӨЛҮМ

# ТЫНЧ, ТОКТОО ЧЫККАН ҮН

Мен Ыйык Рухтун үнү жөнүндө окута баштаганда, көптөгөн адамдар мага Кудайдын үнүн эч качан укпаганын айтышат. Бирок, мен аларга дайыма: "Жок, уктуңар!" деп айтам. Эгер силер да көптөрдөй болуп, Кудайдын үнүн эч качан укпаганыңарды сезсеңер, анда 1 Падышаларга кайрылгыла.

> *Теңир ага мындай деди: «Чык, тоонун үстүнө, Теңирдин алдында тур. Ошондо Теңир өтөт, Теңирдин алдында тоолорду жарган, аскаларды кыйраткан чоң, катуу шамал болот, бирок Теңир шамалда эмес. Шамалдан кийин жер титирөө болот, бирок Теңир жер титирөөдө эмес. Жер титирөөдөн кийин от келет, бирок Теңир отто эмес. Оттон кийин акырын соккон жел болот*
>
> – 1 Падышалар 19:11, 12

Мен Ыйык Рухтун үнүн ар кандай интенсивдүүлүк менен уксам да, Ыйык Рухтун кадимки үнү – бул назик шыбыр. Бул тынч, токтоо үн. Бул китепте мен жогоруда айтып кеткендей, адатта Кудайдын үнү башка маанидеги ой сыяктуу угулат. Көпчүлүктүн арасында өз балаңардын үнүн тааный алганыңардай эле, силер Ал сүйлөп жатканда тааный ала тургандай болуп, Ыйык Рухтун үнүн жетишээрлик эле жакшы тбилесиңер. Бирок, бул бөлүмдө мен силер менен эч ким ойлобогон, бирок, бардыгы уккан Кудайдын үнү жөнүндө сүйлөшкүм келет.

Мен Орал Робертс университетинде колледжде окуп жүргөндө, Байыркы Келишим боюнча адистикти алгандыктан, теология боюнча бир нече курстарды уккам. Ал жерде мен мурда изилдеп көрбөгөн көптөгөн маалыматтар бар эле; чынында, мен анын көбүн мурда эч качан изилдеп көргөн эмесмин. Окууга анчалык ынтызарлыгым жоктугун эске алып, орто мектепте көп ойноп жүргөнүм үчүн, мен абдан тырыштым, өзгөчө финалдык жумада артта калбаганга аракет кылдым. Бул курста мен Байыркы Келишимдин кандайдыр бир темасы боюнча курстук иш жазууга туура келди, кайсынысы экендиги азыр эсимде жок. Бирок, ишти жазуу мени коркутту. Чынында, колледждин биринчи курсунда мен биринчи жумушумду жазууга туура келген, анан аны кайра алганда, титулдук баракта кызыл сыя менен жазылган чоң 2 бар экен, анын астында: “Силер качандыр бир жолу мектепке бардыңар беле?» деп жазылган эле. Менин англис тилим жана грамматикам ушунчалык тири шумдуктай болгондуктан, мугалим менин университетке кантип кирип калганыма таң калды. Биринчи жылы окуудан чыгарылып калбаш үчүн, кошумча англис тилинен сабак алууга туура келди.

Эми экзамен жумасын утурлай дагы бир иш жазууга туура келди. Кудайым ай, бул долбоордон канчалык коркуп жаттым. Мага ишти кантип жазууну эч качан үйрөтүшкөн эмес, ошондуктан, адатта, мен аны жазуу үчүн отурганда, жөн гана маалымат таап, сөздөрдү көчүрүп, эч ким менин ишимдин көбүн ар кайсы булактардан көчүрүп алдым деп айта албашы үчүн, майда-барат түзөтүүлөрдү киргизип койчумун. Менин абийирим таза болчу, анткени, мен муну туура эмес деп эсептебейт элем, окугандарымды өз сөзүм менен кайра жаздым; бирок, мен чындап эле жаза албайт элем.

Бул жолу убактым болгон жок. Менин жатаканадагы бир кошуна досум мендей эле сабакты өткөн, бирок башка убакытта. Класстагылардын баары бир темада эле жазыш керек болчу, ошондуктан, мен досумдан анын ишинин структурасын көрсөтүүсүн сурандым. Ошентип, ал мага эмгегин бергенде, эмнегедир мен андай болуп жакшы жаза албайм деп ойлоп, көчүрүп алууну чечтим. Билем,

билем, силер таң калып жатасыңар. Эсиңердеби, мен ал кезде абдан жетиле элек машайакчы болчумун. Ооба, мен баарын көчүргөн жокмун, бирок, анын жарымына жакынын түз эле өз ишиме көчүрүп алдым. Экзамен жумасынын аягында мен бул ишти профессорума тапшырдым, мындан ары жазууга муктаж эмесмин деп жеңилдеп да калдым. Бирок, андан кийин мага Кудайдын үнүн угууга баалуу сабак болгон бир нерсе болду.

Ошол түнү уктаганга жатсам, такыр уктай албай койдум. Абийирим катуу сүйлөп, уктай албай калдым. Туура эмес кылганымды, уурдап, анан калп айтканымды түшүндүм. Мен досумду да сыйлабай, намысына шек келтирдим. Мен өзүмдү жаман сездим! Түнкү саат үчтө досума барып ойготуп, эмне кылганымды айтып, кечирим сурадым. Ал мени уйкулуу көзү менен карады да: “Төшөгүңө кайт, Гэри” деди. Анан экинчи жагына оодарылып, кайра эле уктап калды.

Эртеси профессорума барып, кылганымды мойнума алдым. Арийне, менин эмгегим үчүн эки койду, бирок, менин жоругумду баалаймын деп жылмайып койду. Анан мен ага келгенимден улам, ал мага жылдык баага “төрт” коёрун айтты. Качан айыптоо үнү басылып, мен эркин жана тынч болуп калганымда, кандай гана эркин болуп жана кандай гана тынчтанып калганымды сездим.

Мен силерге суроо берейин: «Мен ушунчалык эмоционалдык жактан кыйналып турганда, досум кантип ары оодарылып эле уктап калды? Эмне үчүн ал мындай азапты башынан өткөргөн жок? Эмне үчүн мен уйкусуздуктан кыйналдым жана ушунчалык бактысыз болдум?» Уктайын деген сайын эле, үн мага сүйлөп жатты. Ал мени соттоду – бул менин абийирим болчу! Абийирдин аныктамасы мындай: жакшылык менен жамандыктын инстинктивдүү билими. Бул сөз түзмө-түз «жардам аркылуу билүү» же «билимге ээ болуу» дегенди билдирет.

Шам сыяктуу, анын жарыгы караңгылыкты кууп чыгат. Ал силер качандыр бир кезде жасаган ар бир ойду жана иш-аракетти так жазып-белгилеп алат. Сот залындагы күбө катары, ал эң терең

катылган нерсеге күбө. Ал кантип туура иш кылууну жана туура эмес иш кылуудан сактануу керектигин айтып, эскертет. Абийир-ар бир адамдын ичиндеги Кудайдын үнү. Абийир ар бир эркекти же аялды жасаган иштери үчүн жооп берүүгө чакырат. Абийир сот залындагыдай ар бир адамды Кудайга отчет берүүгө чакырат. Күбө күбөлөндүрүү үчүн чакырылгандай эле, абийирибиз же бизди жактайт (коргойт) же бизди айыптайт (күнөөлөйт).

Medical Xpress тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө бул фактыларды тастыктайт:

«Учурда адамдын жашоосу «моралдык жактан бош абалы» менен башталат деген адамдык өнүгүү теориясы басымдуулук кылат, бирок, жаңы изилдөө бул көз карашты жокко чыгарат. Окумуштуулар алты айлык ымыркайлар адеп-ахлактык чечим чыгара баштаарын аныкташкан жана алар биз төрөлгөндө эле мээге «курулган» моралдык кодекс менен төрөлүшүбүз мүмкүн деп эсептешет.

> *Чындыктан экенибизди ушундан билип алабыз, бизди жүрөгүбүз айыптаса да, жүрөгүбүздү Кудай алдында тынчтандырабыз. Анткени Кудай жүрөгүбүздөн чоң, Ал баарын билет.*
>
> *Сүйүктүүлөрүм, эгерде жүрөгүбүз айыптабаса, анда Кудай алдында кайраттуулукка ээбиз.*
>
> *Эмне сурасак да, Андан алабыз, анткени Анын осуяттарын аткарып жатабыз жана Ага жакканды кылып жатабыз.*
>
> – 1 Жакан 3:19–22

Абийир – бул ар бир эркек аялдагы Кудайдын үнү, Жаратkандын мөөрү жана биз эмне үчүн жаралган болсок, ошол жашоодо жашашыбызга карата болгон Анын талаптары. Эч ким өз абийиринен качып кете албайт.

Мурда мага бирөөнү өлтүрүп койгон же банкты каракtап кеткен жана жазасыз калган адамдар капысынан эле өзүлөрү милицияга

барып колго түшүп бергендери таң калыштуу болчу. Эми адамды күнөөкөр катары өзүнүн абийири кыйнагандан ашкан азап жок экендигин билем! Пабыл 2 Корунттуктар 1:12де абийир күбөлөндүрөт, ал сүйлөйт деп айткан.

**АБИЙИР – БУЛ АР БИР ЭРКЕК, АЯЛДАГЫ КУДАЙДЫН ҮНҮ, ЖАРАТКАНДЫН МӨӨРҮ ЖАНА АНЫН БИЗ ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАРАЛГАН БОЛСОК, ОШОЛ ЖАШООДО ЖАШАШЫБЫЗГА КАРАТА БОЛГОН АНЫН ТАЛАПТАРЫ.**

> *Дүйнөдө, айрыкча, силердин араңарда биз адамдык акылмандуулук менен эмес, Кудайдын ырайымы, Кудайдан келген ыйыктык, тазалык менен жашаганыбызга абийирибиз күбө. Бул биздин мактанычыбыз.*
>
> – 2 Корунттуктар 1:12

Силер: “Абийир эмненин негизинде сүйлөйт? Эмне үчүн анын күбөлүгү рухий сотто жарактуу болушу керек?» дешиңер мүмкүн. Анткени, бул Кудайдын үнү. Пабыл Римдиктерге 2:14, 15те абийир биз менен активдүү сүйлөшөрүн да айтат.

> *Анткени мыйзамды билбеген бутпарастар табиятынан эле мыйзам буйруганды аткарып жатышса, анда алар мыйзамды билишпегенине карабастан, өздөрүнө өздөрү мыйзам.*
>
> *Ошентип, алар мыйзам талабынын жүрөктөрүндө жазылганын көрсөтүп жатышат. Бул жөнүндө алардын абийири жана бирде айыптаган, бирде актаган ойлору күбөлөндүрүп жатат.*
>
> – Римдиктер 2:14, 15

Ар бир адамдын абийири бар. Силер макул эмес болушуңар мүмкүн. Силер сезимсиз көрүнгөн адамдарды билесиңер. Бирок, мен

кепилдик берем, алар дайыма эле ушундай болгон эмес. Эгер адам абийиринин үнүнө туруштук бере берсе, бул үн акырындагандан акырындай берет.

> *"Бул окутуулар абийири күйүп кеткен калпычылардын эки жүздүүлүгү менен таратылат"*
>
> – 1 Тим. 4:2

Пабыл бул адамдардын абийирине каршы жүрөгүн катуулантып алгандыктан, өз абийирлерин сезгенге жана укканга жөндөмсүз болуп калганын айтат. Териңер жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Аны күйгүзүп алсаңар, жаңы тери өсүп, эски, карттанган тери түшкүчө, ал сезгичтигин жоготот. Биздин абийирибиз менен да ушундай эле болот.

Абийир силерди эч нерсеге мажбурлай албайт. Ал болгону гана сүйлөйт. Силер ага көңүл бурбай коё аласыңар же ага каршы чыга аласыңар. Бирок, Пабыл минтип эскертет, эгер абийириңерге көңүл бурбай койсоңор, бул силерге чоң кыйынчылык алып келиши мүмкүн же, Пабыл айткандай, жашооңорду бузуп коюшу мүмкүн.

> *Уулум Тиметей, мен сага өзүң жөнүндө айтылган пайгамбарчылыктарга ылайык жакшы аскер сыяктуу согушуп, ишенимиңди жана абийириңди таза сактагын деп кеңеш берем. Кээ бирөөлөр абийирин таза сакташкан жок, ошондуктан алардын ишеними кыйроого учурады.*
>
> – 1 Тиметей 1:18, 19

*Негизинен абийиринин үнүнө карата катууланып калган адамдар, жашоосун башкара албай калышат. Алардын компасы бузулуп жана иштебей калган. Алар кайсы жол менен барарын чече алышпайт. Пабылдын айтымында, биз туура жолдо бара жатканыбызга ынануу үчүн, жакшы абийирге,* таза *абийирге ээ болушубуз керек.*

*Пабыл мыйзамга баш ийип, туура иштерди кылуу маанилүү экенин, антпесе, жүрөгүбүздү катуулантып, жакшы менен жаманды сезүү жөндөмдүүлүгүн жоготуп алышыбыз мүмкүн экенин айтат.*

> *«Ошондуктан жазадан коркконduктан эле эмес, абийириңердин таза болушу үчүн да баш ийишиңеркерек».*
>
> – Рим. 13:5

Эгерде мыйзамга баш ийбесеңер, абийириңер силерди айыптайт. Ошондуктан, Пабыл мыйзамга баш ийүүнү, туура иштерди кылууну, абийир жумшак жана назик болорун, ошондо Кудай каалагандай иш кылып, силерди коркунучтан коргой аларын айтат.

Абийирге тиешелүү, менин жашоомдо ушул принципти чагылдырган дагы бир акылсыз жорук эсимде. Бул окуя мен пастор болгонго чейин болгон. Бул окуяны уккандан кийин, эмне үчүн Кудай ошол убакта мага пастор болууга уруксат бербегенин түшүнөсүңөр. Окуя менин унаамдын бирине байланыштуу. Бул мен абдан жакшы көргөн Peugeot 505 купе болчу. Бир жолу светофордон бир жигит мени артымдан уруп кетти. Кырсыктын кесепетинен жүк салгыч сынып, рамасы ийилген, андан тышкары кузовуна дагы бир нече зыян келтирилген. Мени сүзгөн жигиттин камсыздандыруу агенти машинаны текшерип, сметасын берүү үчүн фермага келген.

Ал келгенден кийин эмне болгонун айтаардан мурун бул окуядан бир нече жума мурун менин глушителим түшүп калганын айта кетейин. Багажда болгон панорамалык дисктин чатыры да камсыздандыруу агенти доо арызды жазуу үчүн келгенге чейин, бир нече жума мурун эле иштебей калган. Машинаны текшерүүгө киришкенде, ал менден машинанын жанында жерде жаткан глушитель да (мен аны атайылап көрүнүктүү жерге койдум) кырсыктын бир бөлүгү болгонбу деп сурады. «Ооба, мырза», деп жооп берип жатып, өзүмдү күнөөлүү сездим. Андан кийин ал менден дисктин чатыры иштебей калганы да кырсыктын бир

бөлүгүбү деп сурады. Кайра эле: “Ооба” деп жооп бердим.

Рухумда мен абийиримдин кыйкырганын уктум: “Гэри, сен эмне кылып жатасың? Сен калп айтып жатасың!» Эми уккулачы мен өзүмдү кантип алдадым. Ал үндү тоготпой эле койсом, унчукпай калат деп кантип ойлогонум дагы деле эсимде. Бүгүн мен ошол кезде ошентип ойлогонума ишене албайм. Анда, эмне, менин жыйындын пастору болбогонума сүйүнөсүңөрбү? Ал үчүн Кудай сүйүнөт деп ишенем!

Эмнеси болсо да, машинаны кузов цехине алып барышты, бир жумадай убакыт өткөндөн кийин мага телефон чалып, алып кете берсең болот дешти. Кузов цехинен машинамды көргөндө мен сүйүнүп кеттим. Ал идеалдуу эле! Баары оңдолгонуна сүйүнүп үйгө кеттим. Бир жумадай өткөндөн кийин үйгө келип, Дренда жана балдар менен түштө чогуу тамактанууну чечтим. Фермердик үй мен каржылык компаниям үчүн ижарага алган кеңседен эки миль гана алыстыкта болчу. Машинамды эшиктин жанына токтотуп, үйгө барып, эң сонун болуп түштөндүм.

Эшиктен чыгайын деп жатсам, машинам ордунда жок экенин байкадым. Мен түшүнбөй калдым. Менин машинам кайда кетти? Мен айланамды карадым, анан гана аны көрдүм. Үйүбүз дөңдүн үстүндө болчу, машинанын тормозун басууну унутуп калыптырмын. Мурда унутпаган болсом да, бул жолу унутуп калсам керек, анткени унаа узун жолдон артка кетип, бакты сүзүп калган. Машинага жеткенде шок болдум. Багажы талкаланып, тарткан зыяным оңдоп-түздөөгө чейинки мурунку артымдан келип ургандагы абалга дал келип турду. Рамка мурункудай эле ийилген, “глушители” түшүп калган, чатырдын “панорамалык диски” да иштебей калган. Баары кырсыктан кийин оңдоочу жайга түшкөнгө чейин унаа кандай абалда болгон болсо, так ошондой ошондой болгон.

Ошол жерде туруп, капысынан баарын түшүнүп, күлүп баштадым. Кудай мага бул жаш насаатчы элди жетектөөдөн мурун, өзү үйрөнүшү керек болгон сабакты берди. Ошондон кийин мен бир дагы жолу унаа оңдогон жокмун. Тескерисинче, мен аны тетиктерге

бөлүп сатып жибердим. Өмүрүмдө абийирим мени токтот деп катуу кыйкырып жиберген дагы бир учур эсимде. Мен муну велосипед окуясы деп атайм.

Бул силерге пайдалуу болот деп ишенем. Билем, силер мени мындай деңгээлге чейин төмөн түшөт деп ойлогон эмессиңер, бирок, жаңылып жатасыңар. Мен куткарылып калганыма кубанычтамын, анткени эгер куткарылбасам, менин жашоом такыр башкача болмок деген сезим бар.

Велосипед окуясы мен айтып өткөн окуядан бир нече жыл өткөндөн кийин болду. Ооба, мен жаңы гана жыйыныбызга пасторлук кыла баштагам. Ишемби күнү түштөн кийин атамдыкына келип, күмүш түстөгү «додж-караван» менен менин атам жашаган негизги эки тилкелүү жолго чыктым. Атамдын үйү эки тарабын автожол жаап салган, жылма дөңсөөнүн түбүндө болчу. Кандайдыр бир себептерден улам, дөңдөн түшүп келе жаткан велосипедченди көргөн жокмун. Мен жай айдап бараттым, артымда эч ким жок эле, бирок, ал ылдыйга ылдамдап баратканда, мен алдыга өтүүчү механизмге өтүп, айдай баштаганда, ал мени кууп жетип калды.

Ушул убакыттын ичинде мен велосипедчинин бар экенин билчү эмесмин, бирок, күтүлбөгөн жерден микроавтобустун капталынан катуу БОМ, БУМ, БОМ деген үндү уктум. Арткы күзгүгө карасам, машинанын артындагы велосипедчен киши эки колу менен уятсыз ишарат кылып, рулду таштап, катуу сөгүп жатканын көрдүм. Жигиттин мындай кылык-жоруктарына таң калып, өзүмдү таптакыр эле кордолгондой сездим. Мен ал тоодон түшүп баратканда тормозду оңой эле басып аларын билдим жана артка берип жатканымды көрдүм. Ал кааласа, жөн гана мени айланып өтүп, толук ылдамдык менен кете аларын да билдим. Бирок, анын ордуна ал мени жакшылап окутуп коюуну чечти.

Мен анын машина менен атаандаша алам деп ойлогонуна аябай таң калдым. Бул акылдуу жигитке кимдир-бирөө сабак болушу керек деп ойлоп, мен ылдамдыкты азайтып, анын фургонго жакын

келишин күтүп, тормозду бастым. Анын унаамдын артына урунуп калбоого аракет кылып, тормоз рычагдарын дароо катуу кармаганын көрүп, мен албетте канааттандым. Бул анын ачуусун келтирип, мен өмүрүмдө эч качан укпаган жаман сөздөр менен урушуп жатты. Ал сөгүнүп, уламдан улам сөгүнө берди.

Мен жол менен акырын жылып, фургонум жолду карап тургудай кылып токтодум. Ал мен тарапка карай тээп келе жаткан велосипедченди мээлей, бурчта токтоп турду. Мен аны күтүп жатканымды көрүп, анан капысынан унчукпай калды. Менимче, акыры ал велосипед тээп жүргөнүн түшүндү деп ойлойм, анткени, машиналар велосипедден алда канча чоң эмеспи. Терезени ылдый жылдырып, анын машинама жакындашын күттүм. Ал жанымдан өтүп баратканда мен ага, дагы ушул жолдон көрө турган болсом, тебелеп өтүп кетем деп кыйкырдым. Анан ошол маалда 15 футтай аралыкта түз эле анын өзүнө карай багытталган микроавтобусту кыймылга келтире баштадым. Мен аны сүзүп кете жаздадым, машинанын велесипедге урунганын сездим. Мен кандайдыр бир деңгээлде адилеттүүлүк салтанат курганын сезгенсидим. “Мен ага белгилүү бир сабакты бердим” деп ойлодум, бирок, көпкө эмес.

Өз рухумдун ичинен мен Ыйык Рухтун резонанстуу, буйрук берүүчү үнү менен: «Гэри, эмне кылып жатасың?!» дегенин уктум. Бул сөздөрдү кагазга басып жатып, ошол учурда мага кандайча угулганын айтып жеткирүү мүмкүн эместигин билип турам. Күтүлбөгөн жерден мен бул кишини өлтүрүп ала жаздаганымды түшүндүм. Мен күзгүдөн артымды карасам, анын башын ылдый кылып алып, абдан жай кыймылдап жатканын көрдүм. Ал жаралангандай же жөн гана тирүү экенине таң калып жаткандай абалда экенине көзүм түштү. Мен ишене албадым. Андан ары жол менен айдап жөнөдүм, бирок, абийирим мага тынчтык бербеди. Жаңыдан дайындалган пастор катары, мен эмне болушу мүмкүн экенин түшүндүм. «Ишенимдеги жашоо” жыйынынын пастору жол кырсыгына кабылып, велосипедченди сүзүп алды» деген гезиттерди көрүшүм мүмкүн болчу. Ыйык Рух мага бул коомдо так ага окшогондор үчүн жыйын

ачууга чакырганын эске салды. Мен өзүмдүн бул кылыгыма чындап таң калып жана Теңирдин алдында ыйлап, тобо кылдым.

Андыктан келгиле, силер Кудайдын үнүн уккансыңар деп макул бололу. Бирок, силер Кудайды дайыма угушуңар үчүн, бул абийирди жумшак кармап, анын катуулануусуна жол бербешиңер керек. Ыйык Китепте Ысрайыл уулдары Кудайга каршы жүрөктөрүн катуулантып, убадаланган жерге кире албай калышканы айтылат. Эврейлерге Кат жазган автор бизге Жаңы Келишимге ишенгендерге, алардан үлгү албашыбызды эскертет.

> *"Ошондуктан Ыйык Рух айткандай: «Бүгүн Анын үнүн укканыңарда, чөлдөгү сыноо күндөрүндөгү козголоң убагындагыдай, жүрөгүңөрдү катуулантпагыла."*
>
> – Эврейлер 3:7, 8

Бул эскертүү үчүнчү жана төртүнчү бөлүмдөрдө үч жолудан кем эмес кайталанат. Эмнеге? Анткени, Кудай сага батасын берүүнү каалайт жана Ыйса төлөп койгондун бардыгына ээ болушуңду каалайт.

Катуу жүрөк бала кезимдеги понини эске салат. Ал мен көргөн эң азоо жаныбар эле жана ошондой эле, акылдуу да болчу. Аны мен гана минип алчумун, же аны мингенге батынган бир гана адаммын деп айтаар элем.

**ОШОНДУКТАН ЫЙЫК РУХ АЙТКАНДАЙ: "БҮГҮН АНЫН ҮНҮН УККАНЫҢАРДА, ЧӨЛДӨГҮ СЫНОО КҮНДӨРҮНДӨГҮ КОЗГОЛОҢ УБАГЫНДАГЫДАЙ, ЖҮРӨГҮҢӨРДҮ КАТУУЛАНТПАГЫЛА"**

**– ЭВРЕЙЛЕРГЕ 3:7, 8**

Эсимде, бир жолу мага жылкыны жакшы көрөм деген досум келди, ал бардык жылкыны башкара аларына ынандырды. Ал Тониге (понинин аты ушундай эле) минүүнү талап кылды, мен болсо минүүгө жардам бердим.

Баланын аты Жеки болчу, ал ээрге отурганда эмне болгонун эч качан унутпайм. Ал Тониге отурар замат, алар учуп кетишти. Тони түз эле үйдөн 50 ярд (45 метр) алыстыкта жайгашкан көлмөгө карай чуркады. Жеки болгон күчү менен тизгинди тартып, пони токтосун деп кыйкырып жатты, бирок, Тони ага көңүл бурган да жок. Тескерисинче, ал болгон ылдамдыгы менен түз эле көлмөгө чуркап жөнөдү, анан капысынан башын ийип, суунун эң четине токтоду. Албетте, Джеки понинин үстүнөн учуп барып, көлмөгө кирип кетти. Тони өзү болсо бурулуп, эч нерсе болбогондой, чөп жей баштады.

Көрдүңөрбү, тизгинди ушунчалык көп тарта беришкендиктен улам, Тониге ал оору сезилбей деле калган. Оозу ага көнүп, көңүл бурбай деле калган. Пони катары Тони менден башка эч кимге пайдасы деле жок болчу. Эмнеге? Анткени, мен айткандай, ал акылдуу болгон. Мен аны тойгузчумун. Ошондо ал агылдан чыгып, таза абага жана өзү жакшы көргөн көк чөпкө чыгуунун бирден-бир жолу менин минишиме макул болуп коюу экенин түшүнчү. Бирок, мен аны карашым керек болчу. Ал коркчу, менин ээрде кантип отурганымды көрүш үчүн, башын бир тарапка кыйшайтып карап калчу. Ал менин качан карама-каршы жакка башымды бурушумду күтчү. Андайда ал дароо эле артка тартылып, бутумду тиштеп калчу. А мен силерге айта кетейин, бул албетте оорутат болчу, ошондуктан мен дайыма ага даяр турчумун. Бирок, пайдасына келсек, андан пайда жок болчу.

Ал эми, жүрөгүбүздүн катуулануусуна жол берсек, биз Тони сыяктуу эле, Кудай үчүн эч нерсеге жарабай калабыз. Бир күнү биз Тонини көчөгө чынжырлап салдык. Атам Тони үчүн чакага суу куюп берди. Ал кетейин деп бурулганда, Тони ага жете келип, артынан тиштеп алды. Эмне дейм, атам куткарылган киши эмес эле, ачуулу болчу. Чакадагы суунун жанында бир таңгак туз бар экен, атам ал тузду алып, бар күчү менен пониге карай шилтеп жиберди. Бирок, Тони аман калган. Мен Тониге ишендимби? Эч качан!

Адамдардын жашоосунда да ушундай болот. Жөн эле баш ийбей, бул жолу абийирине каршы чыгам деп ойлошот. Бирок, ушундай кылган сайын, аларда карт пайда боло берерин алар түшүнүшпөйт.

Бир күнү барып отуруп, алар Тони сыяктуу болуп калышат жана Кудайга баш ийбөөнү же Анын айткандарын аткарбоону чечсе, эч кандай кайгырып же абийирлери ашкерелебей эле калат. Мындан коргонуунун чарасы – өз абийириңерге каршы чыкканыңарды түшүнгөннүңөрдө тездик менен өкүнүп, тобо кылуу.

Дөөт падыша 50-забурду Батшеба менен күнөө кылгандан кийин жазган. Бул тобо кылуунун забуру.

> *Кудайым, мени Өзүңдүн улуу ырайымың боюнча ая, Өзүңдүн улуу кайрымдуулугуң боюнча күнөөлөрүмдү өчүрүп сал. Күнөөлөрүмдү тазаргыча жууп, кылмышымдан тазала. Анткени мен күнөөлөрүмдү мойнума алам, кылмышым көз алдымдан кетпейт. Мен Сага, бир гана Сага каршы күнөө кылдым, Сенин көз алдыңда жаман иш кылдым. Сенин өкүмүң адилет, Сенин сотуң таза. Мен бойго бүткөндөн тартып эле күнөөкөрмүн, энемден күнөөкөр болуп төрөлгөм. Сен жүрөктөгү чындыкты сүйөсүң, ички дүйнөмө акыл бердиң. Мага иссоп менен кан чач, ошондо таза болом. Мени жуу, ошондо кардан ак болом. Мага кубаныч менен шаттыктын үнүн угуз, ошондо Сен талкалаган сөөктөрүм сүйүнөт. Күнөөлөрүмдөн жүзүңдү бур, менин кылмыштарымдын баарын өчүр.*
>
> *Кудайым,* ***таза жүрөк жарат,*** *рухумду жаңыла.*
>
> *Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба. Мага Өзүңдүн куткаруу кубанычыңды кайтарып бер, бийлиги бар Рухуң менен мени бекемде.*
>
> – Забур 50:1—12

> *Анткени Сен курмандыкты каалабайсың, мен аны берер элем. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жактырбайсың. Чын жүрөктөн өкүнүү – Кудай алдында курмандык. Сен өкүнүп, моюн сунган жүрөктү жек көрбөйсүң.*
>
> – Забур 50:16, 17

Дөөт Кудайдан ага таза жүрөк, өкүнгөн рух жана өкүнгөн жүрөк жаратышын сурап жалынат. Негизинен, Дөөт кайра сезе турган жүрөк каалайт деп жатат. Бирок, Дөөт абийирине кулак салса, эч качан кыйынчылыкка дуушар болмок эмес. Андыктан, эгер силер абийириңерге каршы чыксаңар, жүрөгүңөрдү катуулантсаңар жана аны кийинки жолу, кийинкиде, кийинкиде жана кийинкиде кылуу силерге жеңил болуп каларын, мындан ары Кудайды такыр укпай калмайынча, ошенте берериңер эсиңерде болсун.

Абийир – бул Кудайды угуунун бир гана жолу. Албетте, Ыйык Рух биз менен түз сүйлөшүп, жетекчилик клат жана багыт берет. Анан да, мурда айтканымдай, мен Ыйык Рухтун мени катуу, бийликтүү үн менен да, акырын, токтоо үн менен да оңдоп жатканын уктум.

Мен анын түштөр жана аяндар аркылуу сүйлөгөнүн уктум, алар жөнүндө кийинки бөлүмдө айтам. Бул бөлүмдө биз Кудайдан угууну кааласак, абийирибизди айыптоодон тазалап, тездик менен өкүнүп тобо кылышыбыз керек экенин түшүндүк.

10-БӨЛҮМ

# КӨРҮНҮШТӨР ЖАНА ТҮШТӨР

Мен капыстан эле керебетке отуруп, Дрендага:

- Сенин боюңда кыз бар экен! - дедим.

Беш балабыздын ичинен Кудай бир гана жолу баланын жынысын айткан. Бул биздин төртүнчү балабыз, Полли болчу. Дренда алты айлык боюнда бар кезде биздин үй-бүлө жол кырсыгына кабылгандыктан, бул аны сактап калуу үчүн жасалган деп ойлойм. Эки тилкелүү жолдо саатына 90 чакырым ылдамдыкта келе жаткан жигит биздин так алдыбызга келгенде тормозду катуу басты. Токтогонго убакыт болбой, анын машинасын сүзүп алдык. Эч ким катуу жабыркаган жок, бирок, баарыбыз ооруканага бардык. Дренда кош бойлуу болгондуктан, коопсуздук курунун ичин кесип кеткендигинен улам, гематомаларды алган. Ал Полли үчүн тынчсызданды. Бирок, Кудай бизге Полли жөнүндө айткандан кийин, биз өзүбүздү тынчтандырып калдык жана Поллинин баардык жагы жакшы экенин билдик.

Полли жөнүндө айтсам, ал буга чейин турмушка чыгып, биринчи баласына кош бойлуу болгонун эстейм. Дренда экөөбүзгө өлкөдөн командировкага чыгып кетүүгө туура келди. Тилекке каршы, Поллинин мөөнөтү ушул командировканын ортосуна туура келди. Анан, албетте, эгер менин жубайымды билсеңер эле, Дренда кызынын төрөтүн өткөрүп жибергиси келген жок. Ошентип, биз

сапарды жокко чыгарууну ойлодук. Мен бул жөнүндө сыйынуу менен бир аз убакыт өткөрдүм жана Ыйык Рух мага төрөт күнү туура эмес экенин жана бала биз кайтып келген күндүн эртеси төрөлөөрүн айтты. Мен Дрендага Теңирдин мага дата тууралуу айткандарын айтып бердим да, жолго чыктык. Биз үйгө келгенде, Полли Теңир көрсөткөн күнү толготуп баштады. Кийинки небере кызыбыз Айвори, өз убагында төрөлдү.

Бул Ыйык Рухтун бизге жашоо көйгөйлөрү жөнүндө айтып жатканынын мисалдары, анын үстүнө Ыйык Рухтун сөздөрү да биздин рухубуздан чыгат. Бирок, Ыйык Рухтун биз билишибиз керек болгон башка ыкмалары да бар.

> *Ошондон кийин мындай болот: Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, карыяларыңар түш көрүшөт, жаш балдарыңар көрүнүш көрүшөт.*
>
> *Ошол күндөрү Мен кулдардын үстүнө да, күңдөрдүн үстүнө да Өз Рухумду төгөм.*
>
> – Жоел 2:28, 29

Жоел пайгамбар Кудай бүт адамзатка Өз Рухун төккөн күн келерин айткан. Биз азыр ошол күндө жашап жатабыз. Элүүнчү күн майрамында жогоруда күтүп тургандарга Ыйык Рух түшкөн. Эл үстүнкү кабатта тургандардын баары башка тилдерде сүйлөп, Кудайды даңктап жатканын көрүп, аларды мас экен деп ойлоп: «Бул эмне?» - деп сурашты. Петир элге кайрылуу үчүн ордунан турду.

> *Ошондо он бир элчинин жанында турган Петир үнүн көтөрүңкү чыгарып, аларга мындай деди: «Жүйүт эркектери жана Иерусалим тургундары! Бул жөнүндө силерге айтып берейин, сөзүмө кулак салгыла.*
>
> *Алар, силер ойлоп турганыңардай, мас эмес, себеби азыр күндүзгү үчүнчү саат эле болду.*

*Бул жөнүндө Жоел пайгамбар алдын ала мындай деп айткан:*

*"Акыркы күндөрдө мындай болот, – дейт Кудай, – Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт.*

*Ошол күндөрдө Мен кулдарымдын үстүнө да, күңдөрүмдүн үстүнө да Өзүмдүн Рухумду төгөм, ошондо алар пайгамбарчылык кылышат.*

– Элчилер 2:14-18

Түштөр жана көрүнүштөр Ыйык Рухтун биз менен сүйлөшүүсүнүн абдан чоң бөлүгү. Эмне үчүн кээде Ыйык Рух акырын чыккан үн менен, шыбырап, кээде түштөрдө сүйлөп жатканын билбейм. Жооптун бир бөлүгү биздин такыр бошобогон түйшүктөрдө деп ойлойм. Биз унчукпай турганда, Ал биздин көңүлүбүздү бура алат. Же балким, биз ушундай баш аламандыкка кабылгандыктан, же жагдайлар ушундай тынч, акырын үндү угууга кыйын болгондой болуп калгандан уламдыр. Ыйык Рух биздин кабарды түшүнгөнүбүзгө ынангысы келет. Жүз жолу уккандан, бир жолу көргөн жакшы чыгаар. Кандай себептер болгондугуна карабай, мен түштөр жана аяндар үчүн Кудайга ыраазычылык билдирем. Түштөр менен көрүнүштөр окшош. Экөө тең көрүнүштөр, бир гана айырмасы, көрүнүштөр – бул биз ойгоо жүргөндө көргөн көрүнүштөр, ал эми түштөр биз уктап жатканда көргөн көрүнүштөр.

Аяндарга келсек, менде бир нече гана көрүнүш бар, аларды мен ачык көрүнүш деп атай алам, б. а, силер сергек турганда жана ачык эле көргөндөгү көрүнүштөрдү айтса болот. Мен көргөн эң маанилүү көрүнүш 19 жашымда кабар айтууга чакырылганым болгон. Болжол менен ошого бир ай калганда мен Ыйык Рухка чөмүлтүлгөн элем. Албетте, мунун баары мен үчүн жаңы эле, анткени мен катышып жүргөн деноминациялык жыйын Ыйык Рух жөнүндө көп нерсеге үйрөткөн эмес.

Бирок, менин туулган күнүм болгондуктан, достор мени жайлуу кечки тамакка чакырышты. Биз дасторконго отуруп, тамак үчүн ыраазычылык билдирдик жана күтүлбөгөн жерден мен Ыйык Рухтун мага абдан күчтүү түшүп жатканын сездим. Кайра эле мен бул нерселер үчүн жаңы элем, бирок, Ыйык Рухка чөмүлтүлгөндөн кийин, Ыйык Рухтун келиши кандай экенин билчүмүн. Ошол маалда эмне кыларымды билбей, сырткы эшик так артымда болгондуктан, үстөлдөн чыгууга уруксат сурап, таза абага чыгып кеттим.

Көчөгө чыкканда Кудайдын бар экени ого бетер күчөп сезилип, мен ачык көрүнүш көрдүм, б. а, мен чындап эле буларды бүгүн бир нерсени чындап көрүп жаткандай көрдүм. Кичинекей кафедранын артында туруп, залдагы адамдар менен сүйлөшүп жатканымды көрдүм. Бөлмөдө 35-40тай киши бар эле, баары бүктөлүүчү отургучтарда отурушкан. Мен азыр түн экенин түшүндүм, анткени терезелерден сыртта такыр караңгы экени көрүнүп турду. Ошондо үн чыгып, мындай деди: «Мен сени Менин Сөзүмдү жарыялоого чакырам». Бул үч жолу кайталанды, андан кийин көрүнүш жок болуп, майлоо да жоголуп кетти. Үйгө кайтып келгенде, досторум эмне болгонун сурашты, мен: «Мен кабар айтууга жаңы эле чакырылдым окшойт!» - деп жооп бердим.

Ошол күнү кечинде үйгө кайтып келип, болгон окуяны атама айтып бергеним эсимде. Ал насаатчылар жакшы акча таба алышпайт деди. Анын айтканы ушул эле сөз болду. Ал убакта ал машайакчы эмес болчу, бирок, Кудайга шүгүр, ал 80 жашка чыкканда жүрөгүн Ыйсага берген, азыр ал асманда.

Ошол учурда, мен Ыйык Рухтун мага ачык көрүнүштө сүйлөгөнүнө ишенем, анткени, биринчиден, мен жаш болчумун. Ал Ага кызмат кылганым үчүн үй-бүлөмдө куугунтукка кабылаарымды жана алдыдагы сапарым үчүн мага ошол казык керек экенин билген. Чынында эле, бул көрүнүш мага ушул жылдар бою көрүнүп келүүдө.

Мендеги дагы бир ачык көрүнүш биз жашаган эски фермада болду. Биз бул эски, талкаланган үйдө дээрлик тогуз жыл жашадык.

Анын көпчүлүк бөлүгүн коркунучтуу жакырчылыкта өткөрдүк. Бирок, Кудайдын Падышачылыгы кантип иштээрин биле баштаганда, биз гүлдөп өстүк, карыздан да толук кутулдук.

Кудай мени насаат айтууга чакырганда, 19 жашымда көргөн аянымды дал ошол учурда ишке ашырды. Ошол учурда, мен насаат айтууга чакыргандан 21 жыл өткөндөн кийин, Кудай мага жыйынды баштоону айтты. Ага чейин мен колледжде окуп жана 21 жыл каржы тармагында иштедим. Эми, мен 40 жашка келгенимде, Кудай мага аракеттенип, өз жыйыныңды ач деп айтты.

Биз машайакчылык радиостанциясынын жертөлөсүндө жыйынды ачтык. Ал жерден биринчи жолуккан түнүбүздөгү көрүнүштөрдүн баары Кудай мага 21 жыл мурун жиберген аянга дал келди. Ошол биринчи жолугушууда мен баягы адамдар бүктөлүүчү отургучтарда отурганын жана күндүн убактысынан улам караңгылыктагы ошол эле терезелерди көрдүм. Мен баягы кичинекей кафедраны да көрдүм.

Дренда экөөбүз өзүбүздүн жыйыныбызды ачканбыз жана Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө абдан толкундангандыктан, кайда жашаганыбызга маани берчү эмеспиз. Акыры фермердик үйдөн кетишибиз керек экенин билчүбүз, анткени беш балабыз бар жана бизге орун жетишсиз эле. Бирок, биз гүлдөп жаткан бизнесибиз жана жыйыныбыз менен ушунчалык алек болуп, баары бир бактылуу болчубуз.

Бирок, бир күнү жыйындан үйгө келгенден кийин конок бөлмөсүнө кирип диванга отурдум. Отурганымда капыстан менин тегерегимдеги бөлмө көрүнбөй калды, анан мен жаңы эле отурган бөлмөнү көрдүм, бирок, эми бир да эмерек жок эле. Мен жаңы эле кирген эшик ашканага карай ачылып, мен отурган диван ушул эшиктин маңдайында турган экен. Мен конок бөлмөсүндөгү ордумдан ашкананы көрдүм. Ошентип, конок бөлмөсү гана эмес, ашкана дагы таптакыр бош болгон. Бул көрүнүш болгону беш секундага гана созулду, мен аны карап отуруп, бул үйдөн чыгууга убакыт келгенин билдим. Аян бүткөндө, мен дароо Дрендага эмне

болгонун айтып, кетүүгө убакыт келди деп айттым.

Мен бул учурда көрүнүш Кудайдын планын жеткирүү үчүн, аны ачык-айкын кылуу үчүн колдонулган деп дагы бир жолу ишенем. Биз бош эмес болчубуз жана андан ары жылдырып коюу оңой болмок. Бирок, аянда шашылыш муктаждык бар эле: «Кетүүгө убакыт келди!!!» Шашылыштыктын эмнеге экендигин кийин гана түшүндүк. Биз ошол тогуз жыл бою фермердик үйүн ижарага алганбыз жана ал жерде көптөн бери пландаштырылган турак-жай курулушу башталганда көчүшүбүз керек экенин билгенбиз, бирок, бул качан болорун эч ким билген эмес.

Кыскасы, Кудай бизди жаңы үйүбүздү курган кооз жерге багыттады. Бир-эки жыл керек деп эсептеп, акырындык менен курууну пландаганбыз. Бирок, жаңы үйдүн үстүндө жарым жылдай иштеп жатканыбызда, үй ээси телефон чалып, бир айдан кийин фермердик кичинекей үйдөн көчүшүбүз керектигин айтты. Биз ага жаңы үй салып жатканыбызды айтып, эки-үч айга узартууну сурандык, ал макул болду, бирок, андан ары кечиктирбеш керектигин айтты.

Ооба, биз тездик менен аракеттенип, берилген мезгилдин аягында жаңы үйгө көчүп кирүүгө жетиштик. Эгер Кудай бизге көчүп келгиле деген маалда көчпөгөн болсок, анда ошол убакыттын ичинде биз дагы бир нече жолу көчүп убара болушубуз мүмкүн болчу. Эмесе, биз дайыма иштер менен алек болгонубуздан улам, бул абдан көйгөйлүү маселе болмок.

Бул китептин башталышында айтып өткөн, турмуштук окуяга айланган көгүлтүр нурдун окуясы да ачык көрүнүш болгону талашсыз. Ал бир аз башкача мааниде болчу, мен өзүмдүн келечегимдин сүрөттөлүшүн көргөн жокмун деген мааниде бир аз башкачараак болчу, бирок, көгүлтүр жарыкта отуруп, мени элдерге чакырган Ыйык Рухтун сөздөрүн даана уктум.

Мен дагы бир нече ачык көрүнүштөрдү көргөнүмө ишенем, бирок, мага түштөр көбүрөөк болгондой сезилди. Албанияга бара жатканымда, сапарга бир жума калганда, мен алдыдагы сапар

тууралуу түш көрдүм. Ал убакта мен азыркыдай саякатка чыккан эмесмин жана ошол күнү Кудай мени менен сүйлөшкүчө, мен эч качан саякатка кызыккан эмесмин.

Ошентип, кетээриме бир жума калганда түш көрдүм. Түшүмдө мен дарыгердин кабинетинде, кароо столунда жатып, бөлмөгө медайым кирип, кан алуу керектигин айтты. Анализ үчүн ортоңку сөөмөйүмдү тандап, колумду алгандыгы мага кызыктай көрүнгөн. Бирок, түштө кандай болорун билесиңер да; кээде силер жөн эле билген нерселер бар.

Бул түшүм аркылуу мен планетаны таштап кетээрден мурда ар бир манжам кан алуу үчүн тешилип каларын билдим. Бул мага резонанс жаратты, анткени, мени Библиялык мектепте колду жыйындын беш кызматын эстеп калуу үчүн колдонсо болорун үйрөтүшкөн: баш бармак – элчи, сөөмөй – пайгамбар, ортоңку манжа – евангелист, аты жок манжа – пастор, ал эми кичинекей чыпалак болсо - пастор менен иштеген мугалим.

Ошондуктан, медайымдын айтканын түшүндүм. Өмүрүмдө, жок дегенде жашоомдун кандайдыр бир учурунда ар бир кызматта иштейм деп билчүмүн. Албетте, мен пастормун жана мугаликмин, бирок, мен Кудайдын Падышачылыгы жана каржы маселеси боюнча жыйын үчүн пайгамбарчылык сөз айтарымды билем. Албанияда жүргөндө Ыйса мени так ушундай кылууга чакырган. Түшүмдө медайым ортоңку сөөмөйүмдү тешип, мен Инжилдин Жакшы Кабары менен Албания элине евангелист катары жөнөтүлүп жатканымды түшүндүм. Мен азыр эле аракет кылып, жашоомдун апостолдук бөлүгүнө кире баштадым.

Эмнеси болсо да, түшүмдө ортоңку манжам тешилгенден кийин медайым сыйынган баладай эки колун бириктирип, мени карап, «сыйын» деген сөздү айтты. Ал муну үн чыгарбай, оозу менен айткан, сүйлөй албаган жерде тургандай айткан. Бул түштөн мен Албанияга евангелист катары жөнөтүлүп жатканымды түшүндүм жана бул сапар үчүн сыйынышым керек эле.

Мен көптөгөн түштөрдү көрдүм, бул жерде санап же сүрөттөп берүүгө болбойт, бирок, түштөр - Ыйык Рухтун үнү. Мен дээрлик күн сайын түш көргөн адамдарды жолуктурдум, баары тең ушунчалык “рухий” болчу. Мен түштөр ар кандай экенине ишенем жана рухий көрүнгүсү келген кээ бир адамдар рухий текебердикке батып, Кудайдан эмес нерсени көрүүгө мүмкүнчүлүк беришет. Ошентсе да, мен көп түш көрө бербейм.

Мен жылына төрттөн экиге чейин түш көрүшүм мүмкүн, алар Кудайдан экенин билем жана мага маанилүү бир нерсени айтып беришет. Албетте, бул сан өйдө же ылдый өзгөрүшү мүмкүн. Мен алардын саны маанилүү эмес деп ойлойм. Алардан эмнени үйрөнөсүңөр, мына ошол абдан маанилүү.

Менин жашоомду өзгөрткөн түшүм, Кудай мага сегиз жыл иштеген каржы компаниясын таштап, адамдарга карыздан кутулууга жардам берүү үчүн өзүмдүн жеке компаниямды ачуумду айтканда болгон. Бул түш, албетте абдан маанилүү болгон.

Ошондой эле, эскертүүчү түштөр бар. Эскертүүчү катары болгон бир кызык түш эсимде. Кызматта акча маселеси абдан начар болуп, каржылык жактан кыйналып турган кезде мен аны көргөм. Түшүмдө төшөгүмдө жатып, уктаганы жаткам. Уктоочу бөлмөнүн эшиги ачык экен, коридордо бир аз шоокум-үн уктум (түшүмдө) да, эшик жакты карадым. Ал жерден мен бою үч жарым футтай кичинекей жинди көрдүм, ал артында акча толтурулган кездеме баштыкты сүйрөп баратты. Ал аяз атанын баштыгын эске салат. Сумка жиндин артындагы жердин үстүндө сүйрөлүп баратты, анын ичи жык-жыйма толтурулган эле. Жин үйдөн чыга турган тарапты көздөй баскан жок. Мен анын бурчтан бурулуп, биздин үчүнчү кабатка көтөрүлүп кеткенин уктум. Мен ойгонуп, бул түш жөнүндө ойлоно баштаганда, Теңир мага акчанын уурдалганын же жоголгонун көрсөтүп жатканын түшүндүм.

Кызыгы, түшүмдө бул баштыктагы акчанын суммасы жөнүндө түшүнүк бар экен. Эсимде, мен 25 миң доллардай деп ойлогом.

Мен ошондой эле, жин үйдөн чыкпай, жөн эле акчаны өйдө алып кеткендиктен, акчаны уурдалышына же максатсыз пайдаланылышына жол берген адам же адамдар үйдүн бир бөлүгү экенин сездим жана үй дегенде, мен кызматты түшүндүм. Эртеси биринчи кылган ишим улук кызматчыны чакырып, каржы бөлүмүнөн биздин бухгалтердик китептерди текшерүүсүн өтүндүм. Текшерүүнүн жүрүшүндө биз эсепке алынбаган көптөгөн ашыкча чыгымдарды таптык.

Бул айлык ашыкча чыгымдарды кошкондо, алар айына дээрлик 25 000 долларды түздү. Чындыгында эч ким уурдабаганын аныктадык, бирок, шалаакылыктын айынан, акча ысырап болуп кеткен, же акчаны бошотуш үчүн бир жерде үнөмдөө керек болчу. Ошол мезгилде бизге бул акча керек болчу, анткени кырдаал өтө курч болчу.

Кудай силерге стратегия берүү үчүн да түштөрдү колдоно алат. Былтыр, 2018-жылы мен абдан жөнөкөй түш көрдүм, анда мен: «Кемелерди чакыргыла» деген сөздөрдү гана уктум. Мен аны жаздым, бирок, эмне экенин такыр эле түшүнө албадым. Мен бул тууралуу Теңирден сурай бердим жана бул тууралуу Дрендадан башка эч кимге айткан жокмун. Январь айындагы биздин эркектердин чогулушунда мен өзүмдүн жылдык милдеттеримди билдирдим. Алардын бири улуттук республикалык чакан топторду уюштуруу планы болчу. Мен бир нече жылдан бери иштеп келе жатам, бирок, так ушу быйыл аны ишке ашыруу зарыл деп сездим. Жолугушуудан кийин, балдардын бири келип, мага эмнени айткысы келгенин айтып, өзүн келесоодой сезип жатканын айтты, бирок, акырында ал жөн гана: «Кудай сени Троялык Еленадай деп айтты» деди.

Мен анын эмне жөнүндө айтып жатканын түшүнгөн жокмун, ошондуктан ал мага эмнени айткысы келгенин түшүндүрө баштады. Мен андан жеке мага айткан сөздөрүн кайталаган кат жөнөтүүнү сурандым. Мына анын каты.

Спарта падышасы Менелай троялыктардан аялы Еленаны куткарып алуу үчүн 1000 кеме жөнөтүүнү буйруган. «Миң кемени

суугa түшүргөн адам» - Троялык Елена жөнүндө сөз кылган, жакшы белгилүү инсан эле.

*2019-жылдын 30-январында, шаршемби күнү, пастор Апекстеги эркектердин чогулушунда сүйлөп жатканда, Теңир ал троялык Еленадай экенин, жоголгондорду, падыша ишенимдерин жоготкондорду, үй-бүлөлөрүн жоготкондорду жана каржысын жоготкондорду куткаруу үчүн, 1000 кемени сууга чыгарганда айткан.*

*Ага кызмат кылуу менен,*
*Аарон.*

Бир күндөн кийин ал мага дагы кат жөнөттү.

*Пастор.*

*Мен Троялык Елена боюнча аскердик көз карашты айткым келет. Көпчүлүк адамдар үчүн бул жоголгон аялын трояндыктардан куткаруу үчүн 1000 кеме жөнөткөн падышанын окуясы. Бирок, аскер менталитети бар адам үчүн бул «Троялык Елена операциясы» деп аталган, согуштук жайгаштыруу болгон. Ар бир согуштук жайгаштырууга оперативдүү ат ыйгарылат. Мисалы, Усама бен Ладендин лагерин басып алуу операциясын “Деңиз мышыктары-6” командасын “Нептундун найзасы” деп аташкан. Мен “Алга Майк”, “Элвис Маршалл” жана “Санта-Клаус” сыяктуу кооз ысымдары бар операцияларда катышкам.*

*Күжүрмөн операцияларды аныктоону жеңилдетүү же аны уюштурууга же өткөрүүгө жооптуу операциянын түрүн тактоо үчүн, аскердик оперативдүү аталыштар ыйгарылат. Теңир силердин Троялык Еленага окшош экениңерди айтканда, менин аскердик акылым муну: Пастор Гэри “Троялык Елена” операциясын жайылтуу*

*менен, жоголгондорду, ишенимден, үй-бүлөсүнөн жана каржыдан адашкандарды куткаруу үчүн, 1000 кемени жиберүү миссиясын жүргүзүп жатат деп чечмелеп берди.*

*Мындан тышкары, 1000 кемени жайгаштыруу жөнүндө укканда, мен ар бир кемени жайгаштыруу үчүн зарыл болгон жоокерлердин саны, колдоочу персонал, окутуу, логистика жана административдик процесстер жөнүндө ойлоном. Бул күчтөрдү башкарууга жана бул аскерди Кудайдын Падышачылыгы үчүн жөнөтүүгө сизден өткөн жөндөмдүү эч ким жок. Сиз бизди ушул учурга даярдоо үчүн көп жылдарды сарптадыңыз. Менин үй-бүлөм жана мен дененин калган бөлүгү да жайгаштырууну чыдамсыздык менен күтүп жатканына ишенебиз.*

*Ага кызмат кылуу менен,*

*Аарон.*

Аарон «Деңиз мышыктарынан» болгон жана армиядагы 21 жылдык кызматында 9 согуштук операцияга катышкан. Анда Айкаштын күчү аркылуу түп-тамырынан бери өзгөрүүнүн сонун окуясы бар. Түшүмдө Теңир мага кемелерди чакыруу жөнүндө эмне дегенин ал билген эмес. Бирок, анын «билим сөзүнүн» аркасында мен туура уккан пикириме бекемделдим жана бул мага Кудай буйруган жолго түшүүгө жардам берди. Биздин максат – Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратуу үчүн, өлкө боюнча чакан 1000 топту түзүү. Эгер силер да бул армиянын бир бөлүгү болгуңар келсе, менин Garykeesee.com веб-сайтым аркылуу мага кайрылгыла.

Мен силерди кеп эмне жөнүндө болуп жаткандыгын түшүндү деп ойлойм. Түштөр – бул Кудайдын Өз элине багыт берүү, стратегия, эскертүү жана сооронуч берүү менен сүйлөшүүсүнүн күчтүү жолу.

Бул бөлүмдү жабуудан мурун, мен стратегиянын багытын

аныктоого жардам берүү үчүн, Кудай колдонгон дагы бир ыкманы кошкум келет, бул пайгамбарчылыктын белеги. Аарон менин жаңы демилгени ишке ашыруу пландарыма байланыштуу билим сөзү деп аталган сөздү алган. Билим деген сөз так ошондой угулат - билим сөзү деп. Бул Кудайдын Руху берген билим, аны силер өзүңөр биле албайсыңар. Билим сөзү 1 Корунттуктар 12де Ыйык Рухтун тогуз белегинин бири катары айтылган. Бул китепте мен рухий белектер жөнүндө окутпайм, бирок, алардын бири – пайгамбарчылык сөз жөнүндө айткым келет.

Ушунчалык көп адамдар бул белекти туура эмес түшүнгөндүктөн, өз жашоосун талкалап салышты. Ошондуктан, мен бул тууралуу сөз кылууну туура көрдүм. Адамдар пайгамбарчылык жөнүндө ойлогондо, аларды чакырып, бетине сөөмөйүн кезеп, «Сен Африкага барышың керек» же «Сен пастор болууга чакырылгансың» деген сыяктуу сөздөрдү айткан пайгамбарды элестетишет. Бул эки билдирүү тең чыныгы пайгамбарчылыктын так туюнтмасы болушу мүмкүн, бирок, алар такыр туура эмес болуп калышы да мүмкүн. Мунун баары сиз аларды кантип окуганыңыздан көз каранды. Эгер бул сөздөр ачык-айкын багытталган деп чечмеленсе, экөө тең туура эмес болот, бирок, билдирүү катары чечмеленсе, анда алар туура болушу мүмкүн. Пабыл пайгамбарчылыктын максатын түшүндүрөт.

**“АЛ ЭМИ ПАЙГАМБАРЧЫЛЫК КЫЛГАН АДАМ БЕКЕМДЕЙТ, АКЫЛ_ НАСААТ АЙТАТ, СООРОТОТ”.**

**– 1 КОРУНТТУКТАР 14:3**

*«Ал эми пайгамбарчылык кылган адам бекемдейт, акыл-насаат айтат, сооротот» (1 Кор. 14:3).*

Мына баары болду. Пайгамбарчылык аркылуу багыт табуу керектиги жөнүндө бир да сөз жок, ошентсе да, көпчүлүк адамдар пайгамбарчылыкты так ушундай кабыл алышат.

Бирок, Пабылдын айтканына ылайык, пайгамбарчылык деген багыт бербейт, болгону багытты

аныктайт. Жогорудан төрөлөөрүңөр менен Ыйык Рух силердин ичиңерде болуп, силерге эмне кылууну үйрөтүп турат.

Ыйса үчүн эмне кылууга чакырылганыңарды айтуу үчүн, силерге кандайдыр бир эркектин же аялдын кереги жок. Бирок, пайгамбарчылык сөз сиз билген нерсени ырастай алат.

Ошентип, мисалы: «Сен Африкага барышың керек» деген мен айткан билдирүүнү алалы. Эгерде Ыйык Рух ал жөнүндө силерге айтып койгон болсо жана Ал аны ушундай сөз аркылуу тастыктаса, мен бул пайгамбарчылык сөздүн чыныгы мисалы болушу мүмкүн деп айттым. Бирок, силер Африкага баруу жөнүндө ойлонбогон болсоңор жана аны биринчи жолу уккан болсоңор, анда бул Жаңы Келишим жыйынындагы пайгамбарчылык сөздүн чыныгы үлгүсү болбойт.

Элдин айтканын угуу - бул жөн гана акылсыздык. Ыйсанын жолдоочулары мага келип: «Кудай жыйналышта мага гүлдөшүм керек экендигин айтты», - дешет. Чынында, сен гүлдөп кетесиң деп эч кимдин айтуусунун кереги жок болчу; Бул тууралуу Ыйык Китепте айтылат. Мен машайакчылардын айланып жүрүп, адамдардан кимдир бирөөдө алар үчүн болгон сөз барбы деп сурап жатканын көрүп калам. Силерге кимдир бирөөнүн сөз айтышынын кереги жок! Силердеги Ыйык Рух силер менен сүйлөшөт, ооба, Кудай силерди бекемдөө үчүн пайгамбарчылык ырастоочу сөздү жөнөтө алат, бирок, ал силерди жетектөө үчүн эмес.

Менин жашоомдогу эң бир драмалык көрүнүш, мен Дренда менен жолуккан кезимде болгон. Мен Джорджиге, анын үй-бүлөсүнө анын колун суроо үчүн барайын деп аткам. Ал жерде аны менен бирге анын туулуп-өскөн жыйынына барууну пландадым. Ошол учурда мага жаңы эле каржы тармагында иштөө сунушталды, бирок, мен көпкө каршы болдум.

Мен 19 жашымда насаат айтууга чакырылгам жана Байыркы Келишим боюнча колледжди жаңы эле бүтүргөн элем. Бирок, мен каржы тармагындагы бул жумушка макулдук берүүгө өзүмдү

милдеттүү катары сездим. Эмне кылаарымды билбей, башым катып калды.

Жекшемби күнү эртең мененки, Дренданын жыйынындагы сыйынуудан кийин мага белгисиз, бирок, Дрендага жакшы тааныш бир аял келип, мен үчүн сөзү бар экенин айтты. Ал: «Силер жумуш жөнүндөгү сунушту карап жатасыңар. Бул жумуштун төмөнкү 10 аспектиси бар...” деди жана ал мен бул жаңы жумушта жасай турган нерселердин бардыгын так санап берди. Анан ал: «Бул сунушту кабыл алышыңар керек, анын ичинде Теңир», - деди. Бул учурда мен буга чейин эле ага ыктап жүргөм, бирок, эмне үчүн мындай сезимде болгонумду өзүм түшүнгөн жокмун. Анын пайгамбарчылык сөзү мага сооронуч жана дем-күч берип, кайсы тарапка жылышым керектигин ырастады. Дагы бир жолу кайталайм, силердин ичиңердеги Ыйык Рух силерди жетектеп, кеңешчиңер болот.

11-БӨЛҮМ

# ЫЙЫК РУХ МЕНИН ЖЕТЕКЧИМДЕЙ УГУЛАТ

Менин жыйыным кичинекей болгондо, бизде жумушка муктаж болгон үй-бүлө бар болчу. Алар сонун үй-бүлө болгон жана ар дайым жыйынга жардам берүүнү каалашкан. Бирок, кээде аларда акча маселеси боюнча көйгөй барга окшойт эле. Бир күнү үй-бүлөнүн атасы кезектеги жолу жумушсуз калып, мен аларга жардам берүүнү чечтим. Ал убакта үйүмдү куруп, электр иштеринин баарын өзүм жасагам. Ал электрик экенин билип, үй-бүлөсүнүн тамак-ашы түгөнүп калгандыктан, кошумча акча таап алышын сунуштадым. Ал келип, мен ишенип тапшырган электр монтаждоо иштерин абийирдүүлүк менен аткарып берди.

Мен ал тууралуу ойлобой деле калгам, бирок, бир айга жакын убакыт өткөндөн кийин ошол жигит мага чалды. Ал мага сыйынуу үчүн бир нече адам чогулганын айтты. Мен: «Эмне жөнүндө?» деп сурадым. Ал жыйында бир нерсени өзгөртүү керек экенин жана алар талкуулаган 10 пункттан турган тизме бар экенин айтты. Тизмедеги биринчи эле нерсе, менин үйүм өтө чоң экен. Ал менден өзүмө ушундай үй курууга жол беришим үчүн, жыйын мага канча төлөп жатканын ачык эле сурады. Мен тез эле жыйын мага бир цент да төлөбөйт, жыйындан айлык алган эмесмин деп жооп бердим. Бул сөздөрдөн кийин бир азга жымжырттык өкүм сүрдү. Анан ал:

«Жыйын сизге айлык бербейби?» - деди. «Так ошондой»,- деп жооп бердим. Акыры: «Макул, балким, төлөш керектир эле»,- дегенге чейин дагы бир топ жымжырттык өкүм сүрдү. Мына ушуну менен сүйлөшүү бүттү.

Болжол менен бир жумадан кийин, мен анын кызыкканындай болушу мүмкүн деп ойлогон компанияда жумуш ачылып жатканын угуп, ага бул тууралуу айттым. Ал барып, арыз берип, жумушка орношту. Бул учурда анын үй-бүлөсүн үйүнөн кууп чыгуу алдында турганын унутпагыла. Ошондуктан, жумуштун биринчи жумасынан кийин эле ал жыйынга келип, бошонуп жатканын айтканда, мен шок болдум. «Сен бошонуп жатасыңбы? Эмнеге?» Анын айтымында, жума күнү түштөн кийинки жумалык жыйындан кийин андан полду шыпырууну суранышкан. Ал ошол учурда пол шыпырып иштегенге жалданбаганын айтып, жумуштан бошоп кеткенин айтты. Мен укканыма ишене албай турдум. Жашоодо ийгиликке жетүүнү каалаocca, бул жигитти оор кыйынчылыктар күтүп турганын билчүмүн. Мен бул жигиттин аялына дайыма боорум ооручу. Көп өтпөй алар жыйынды таштап кетишти, мен аларга эмне болгонун билбейм. Мен алдын ала айтууда такыр жаман эмесмин. Анын текебер мамилесине жана иштөөнү каалабагандыгына негизденип, мен анын резюмесинде жумуш жөнүндөгү бир нече жазуулары болот, алардын көбү кыска мөөнөттүү болот деп элестете алам. Анын жыргалчылыгы негизинен аман калуу деңгээлинде эле болот. Мени туура эмес түшүнүп калбагыла. Адамдар өзгөрөт жана мен чындап эле ал өзүнүн жакшылыгы үчүн өзгөрдү деп үмүттөнөм. Бирок, мен аны билген учурда ал туура эмес багытта баратканын таптак эле билгем. Көрдүңөрбү, ал Кудайдын үнүн укпай койду.

«Кудайдын кайсы үнү жөнүндө айтып жатасың?» – деп сурайттырсыңар. Мен ишенем, эгер силер андан сурасаңар, ал да ушундай жооп берет эле, анткени ал кезде анын эч кандай түшүнүгү жок болчу. Бирок, ал адамдарды тагдырга даярдоо боюнча Кудайдын негизги ыкмаларынын бирин: баш ийүүнү үйрөнүүнү этибарга албай койгон. Мен билем, бул бөлүмдүн аталышы силерди чаташтырышы

мүмкүн. Менин башчымдын Ыйык Рухка кандай тиешеси бар? Бул бөлүмдө силер башчыңардын Ыйык Рухту угуу жөндөмүңөргө көп тиешеси бар экенин билесиңер!

Мен бул маанилүү теманы изилдөөнү Матай Инжилинен баштагым келет.

> *Ыйса Капернаум шаарына келгенде, бир жүз башы Ага жакын келип:*
>
> *«Теңир! Үйдө менин кулум катуу ооруп, кыйналып жатат», – деп, Андан жардам сурады.*
>
> *Ошондо Ыйса ага: «Мен барып, аны айыктырамын», – деди.*
>
> *Бирок жүз башы мындай деди: «Теңир! Үйүмө киргүүңө мен татыксызмын. Сен бир ооз сөз айтсаң эле, менин кулум айыгат.*
>
> *Анткени мен да бийлик астындагы адаммын, бирок менин кол астымда да аскерлер бар. Алардын бирине: “кет”, – десем, кетет; дагы бирине: “кел”, – десем, келет; кулума: “муну кыл”, – десем, кылат».*
>
> *Муну угуп таң калган Ыйса Өзүнүн артында келе жаткандарга мындай деди: «Мен силерге чындыкты айтып коёюн, Ысрайыл жеринен да мындай ишенимди таппадым.*
>
> – Матай 8:5–10

Эмне үчүн бул киши Ыйсанын кулун айыктыра аларына оңой эле ишенген? Бул суроого ал өзү жооп берет. **“**Анткени мен да бийлик астындагы адаммын, кол алдымдагылардын бирөөнө “кел” десем, ал келет; жана башкасына: “бар” десем, ал барат; менин кызматчыма: “муну кылып кой” десем, ал кылып коёт. Себеби, ал бийлик кандай иштээрин билген. Ал кандай баш ийсе, анын адамдары да ага ошондой баш ийген. Ал анын жетекчисинин сөзү Цезардын үнүндөй эле угулаарын түшүнгөн. Чынын айтканда, анын башчысынын үнү Цезардын эле үнү болчу. Ал ошондой эле, анын үнү

анын кызматчылары үчүн Цезардын үнүндөй эле болуп угуларын түшүнгөн. Бийлик ушундай иштейт. Ошондуктан, ал баш ийүү деген эмнени билдирерин түшүнгөндүктөн, Ыйса бул жагдайды жөн эле айтып коюу менен гана кантип көзөмөлдөй аларын оңой эле түшүнгөн. Ал эмне кылышы керек болгон болсо, бул ошонун баары болчу. Эгер ал кызматчысына (кол астындагыга) бир нерсе жаса деп айтса, ал аны аткарды. Мына ушундай жөнөкөй эле. Силер үйрөнүшүңөр керек болгон чындык ушул:

## СИЛЕР КАЧАН БИЙЛИККЕ БАШ ИЙГЕНИҢЕРДЕ ГАНА, БИЙЛИКТЕ БОЛОСУҢАР!

Шайтан бийликке болгон бардык урмат-сыйдан арылта алса жана ар ким өз каалаганын, качан каалаган убакта кыла аларына баарын ынандыра алса, анда дүйнө башаламандыкка жана кыйроого толуп калмак. Эйден багында Обо энени ал так ошентип азгырган: «Кудай чын эле айтты беле?» Уксаңар, бул планетадагы ар бир адам кимдир бирөөгө же бир нече адамдарга баш ийет. Кимдин бийлиги астында экениңерди билүү, кимди угушуңар керек экенин жана кимди укпашыңарды түшүнүүгө жардам берет. Бирок, бүгүнкү күндө адамдар эч кимге баш ийбей эле, бийликке ээ болгусу келет, бул мүмкүн эмес.

Жакында эле мен бир подрядчик менен сүйлөштүм. Ал мага камсыздоочу взносту жана салыкты төлөбөө үчүн, кантип адамдарга колмо кол, нак төлөп бергендиги тууралуу айтып берди.

**КИМДИН БИЙЛИГИ АСТЫНДА ЭКЕНИҢЕРДИ БИЛҮҮ, КИМДИ УГУШУҢАР КЕРЕК ЭКЕНДИГИН ЖАНА КИМДИ УКПАШЫҢАРДЫ ТҮШҮНҮҮГӨ СИЛЕРГЕ ЖАРДАМ БЕРЕТ.**

Бирок, бул эмнеге айланаарын мен билем. Бир жолу бир жумушчу травма алып, жумушка жөндөмсүз болгондугу жөнүндө жөлөк пул алууга арыз жазат. Анан жетекчи ага милдеттүү түрдөгү камсыздоо үчүн компенцасияга акча төлөбөй

жүргөндүгүн билет да, подрядчикти сотко берет. Анткени, мыйзам боюнча ага жумушка жөндөмсүздүгү үчүн жөлөк пул бөлүнмөк. Менин жыйынымда да бир нече подрядчиктерде ушундай таржымал болгон.

Өткөн аптада мен бир аял менен сүйлөшүп жаткам, ал ага пастордун кереги жок деп айтты; аны менен Ыйык Рухтун ортосундагы мамиле эле ага жетиштүү экендигин айтты. Олуттуубу? Кантебиз, ал аял барып, Ыйса менен сүйлөшсө жакшы болмок. Анткени, Эфестиктерге 4-аятта ал пасторлорду дайындаганы жана жергиликтүү жыйындарды Ал уюштурганы жөнүндө айтылат. Эгерде ал Ыйсага баш ийсе, анда Ал орноткон бийликке да баш ийет. Чынында, ал Ыйсага баш ийбейт жана өз билгениндей кылгысы келет. Кыязы, ушундан улам ал алдамчылыктын курмандыгы болуп, кыйынчылыктарга дуушар болот.

Жакында эле, мен бир сатуучу менен сүйлөшүп калдым, ал өзүнүн жеке сатуу компаниясын ачып, бардык кардарларын эски компаниядан чыгарып алат, бирок, алар мындай кылбайбыз деп, атаандаштыкка каршы келишимге кол коюшкан. Анан алар ушундай кылуу менен, ийгиликтүү болобуз деп ойлошот? Бул, жөн эле уурулук!

Ыйык Рухтун табияттан тышкаркы, сонун нерселерди кылып жаткандыгын сүрөттөп берген бул бөлүм башкаларга салыштырмалуу силерге жакпашы мүмкүн экенин билем, бирок, бул бөлүмдү туура түшүнбөсөңөр, калганынын баарын унутуп коюшуңар мүмкүн, анткени, Кудай ушуга үндөйт.

Сыйынууга бир аял келип, эмне үчүн ага сыйынууга сөз бербей койгонумду сурап, ыйлаган учур эсимде. Мен таң калдым! Сыйынууну алып барууга чакырылышы эмне деген сонун нерсе, бирок, анын өздүгү ар бир адамдын көңүлүн буруууга себепчи болбогон учурда гана?

Анан, албетте, мен ага эмне үчүн сөз бербегенимди бир мүнөттө айта алмакмын, эгер ал дегеле бирөөнү угууну билген болсо. Бул аял күйөөсүн да сыйлаган эмес жана сансыз отуруштарда анын руханий

жактан жетишсиздигин дайыма баса белгилечү. Ошон үчүн, мен аны чакырган жокмун. Анын көзүнө жаш алып, Аны руханий аялдай (ал өзүн өзү бүт группага салыштырып караганда ошентип эсептегендей) кабыл алышпагандыгынын себебинен улам көзүнө жаш ала келгендиги жөнүндөгү факт, анын бийликти сыйлабаганын көрсөттү жана ошонусу менен кооптонууну туудурат.

Мага силерге суроо берүүгө уруксат эткиле. Силер каалаган жакка, кыялыңарда эңсеген жакка бара алганга зарыл болгон квалификацияга ээсиңерби? Эгер мен силердин пасторуңардан же жетекчиңерден анын силер жөнүндө чынчыл пикири кандай болоорун сурасам, ал эмне деп жооп бермек? Көрдүңөрбү, баш ийүү сынагынан өтмөйүнчө, бийликке ээ болуу мүмкүн эмес. Муну мен айткан жокмун, Ыйса айтты.

> *Аз нерседе ишенимдүү адам көп нерседе да ишенимдүү. Аз нерседе ишенимсиз адам көп нерседе да ишенимсиз. Эгерде силерге өтүп кете турган байлыкты ишенип тапшырууга болбосо, чыныгы байлыкты ким ишенип тапшырат? Эгерде силерге башкалардыкын ишенип тапшырууга болбосо, анда өзүңөрдүкүн ким берет?*
>
> – Лука 16:10—12

**Силерге бийликти ишенип берсе болобу? Жооп – силердин баш ийүүңөрдө.**

Келгиле, силердин жашооңордогу ийгиликке олуттуу таасирин тийгизе турган Ыйык Китептеги бир окуяны карап көрөлү.

> *Пелиштиликтер Ысрайыл менен согушуу үчүн чогулушту: отуз миң майдан араба, алты миң атчан, деңиз жээгиндеги кумдай жайнаган эл. Пелиштиликтердин кошууну Бейт-Абендин чыгышындагы Мукмаска жайланышты.*
>
> *Ысрайылдыктар өздөрүнүн коркунучтуу абалда экенин, элдин кысымга алынганын көрүшкөндө, үңкүрлөргө,*

*капчыгайларга, аска-зоолордун арасына, казылган орлорго жана аңгектерге жашынышты.*

*Эврейлердин кээ бирлери Иордандан ары, Гат жана Гилат өлкөсүнө өтүштү. Шабул Гилгалда болчу жана анын жанындагы бардык элдин үрөйү учуп турган эле.*

*Шабул жети күн, Шемуел белгилеген мөөнөткө чейин күттү, Шемуел болсо Гилгалга келбей жатты. Эл Шабулду таштап, туш-тушка тарай баштады.*

*Ошондо Шабул: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгы менен тынчтык курмандыктарына даярдалганды мага алып келгиле», – деди. Анан ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөдү.*

– 1 Шемуэл 13:5-9

*Шемуел Шабулга: «Кудай-Теңириңдин сага берген буйругун аткарбай, жаман иш кылдың, анткени Теңир ушул күндө сенин Ысрайылдын үстүнөн болгон падышачылыгыңды түбөлүккө бекемдемек.*

*Эми сенин падышачылыгың туруштук бере албайт. **Теңир Өз жүрөгүнө жаккан кишини таап, аны Өз элине жол башчы кылып дайындады**, анткени сен Теңирдин буйругун аткарган жоксуң», – деди.*

– 1 Шемуел 13:13, 14

Шабул бийликке баш ийбегендиктен, жарамсыз болгон. Демек, бийликке баш ийе албасаңар, анда ага ээ боло албайсыңар дегенди дагы бир жолу көрүп жатабыз. Мен абдан маанилүү бир жагдайга көңүл бургум келет. Теңир Өз жүрөгүнө ылайыктуу адамды тапкысы келди. «Өз жүрөгүңө жараша» деген эмнени билдирет?

*Кудай аны четке кагып, аларга Дөөттү падыша кылып койду. Ал жөнүндө Кудай Өзү мындай деп айткан: “Мен*

*Өзүмдүн жүрөгүмө жаккан адамды таптым, ал – Жышай уулу Дөөт. Ал Менин бүт каалоомду аткарат.*

– Элчилер 13:22

Кудай кимдин «Өз жүрөгүнө ылайык» экенин кантип аныктайт? Негизи, бул Кудай жек көргөндү жек көргөн жана Кудай сүйгөндү сүйгөн, эгер Ал ошол жерде болсо, Кудай кыла алганды гана кылган адам. Башкача айтканда, эгер Кудай күнөөлөрдү жек көрсө, ал да күнөөлөрдү жек көрөт. Кудай бир нерсенин аткарылышын кааласа, ал да анын аткарылышын каалайт. Биздин дүйнөдө, биз Кудайдын жүрөгүнө жаккан адам – көбүрөөк жөндөмдүү адам деп ойлойбуз. Биз руханийлик – бул табынуунун акырын чыккан музыкасы деп эсептейбиз. Бирок, Кудай руханий табынуу - баш ийүүдө экенин ачык айтат.

*Шемуел мындай деди: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар, башка курмандыктар кантип эле Теңирге тил алуудан артык болсун? Тил алуу курмандыктан артык,* ***баш ийүү кочкорлордун майынан артык.***

*Анткени моюн сунбастык сыйкырчылыктай эле, каршы болуу бутка табынуучулуктай эле күнөө. Сен Теңирдин сөзүн четке каккандыгың үчүн, падыша болбошуң үчүн, Ал да сени четке какты».*

– 1 Шемуел 15:22, 23

**ОШЕНТИП, МАГА КУДАЙДЫН ҮНҮ СИЛЕРДИН НАЧАЛЬНИГИҢЕРД ИН ҮНҮНДӨЙ УГУЛАРЫН ДАГЫ БИР ЖОЛУ АЙТА КЕТҮҮГӨ УРУКСАТ ЭТКИЛЕ!**

Ошентип, мага Кудайдын үнү силердин начальнигиңердин үнүндөй угуларын дагы бир жолу айта кетүүгө уруксат эткиле! Кудай силердин атыңарды эч ким биле элек кезде, бийликке болгон мамилеңерди текшерүүгө мүмкүндүк берет. Көптөгөн адамдар мунун баары кантип иштээрин түшүнүшпөйт.

Алар өздөрүнүн жупуну, толук эмес жумуш убактысын маңыздуу деп эсептешпейт; анда маанилүү эч нерсе жок. Бирок, алар эмнени билишпейт, алар өздөрүнүн каалоолорунун жана максаттарына ылайык субъективдүү баш ийүүгө, бир нерсе алардын баш ийүүсүнө татыктуу же татыксыз экендигин өз стандарттары менен баалоого өзүлөрүн үйрөтүп жатышканын билишпейт. Адамдарга ишеничти актайм деп, толук эмес жумушка орношкон учурда эле, эгерде бул бизнес өзүнүкү болгондо кандай иштемек болсо, ошондой иштөөгө макул болууну үйрөтүшпөйт. Көпчүлүк адамдар башкача көз караштa. Алар өздөрүнүн алдына бир топ кенен максаттарды коюшат. Акыр-аягында бул жөн гана кошумча акча алуу үчүн толук эмес жумуш, өзгөчө эч нерсе деле эмес деп кабыл алышат. Туура эмес!

Маанисиз жумуш деген түшүнүк жок. Кичинекей тапшырма деген болбойт. Дөөттүн анча деле маанилүү эмес, кичинекей - кой кайтаруучу жумушу бар болчу. Бирок, ал үчүн бул маанисиз жумуш болгон эмес; ал койлорду коргоо үчүн жок эле дегенде эки жолу өмүрүн тобокелге салган. Башкача айтканда, ал өзүнө жүктөлгөн ишенимге карата өтө олуттуу караган. Анын ким экенин эч ким билбесе да, Кудай билди! Анан да, Кудай анын ар убакта кайсыл жерде экенин так билген.

Кудай силердин кайда экениңерди билет жана бийликке кандай мамиледе экениңерди да билет. Жыйынтык: көргөн адамга баш ийе албасаңар, көрө албаган Кудайга баш ие албайсыңар. Мен көргөн көптөгөн адамдардын көз карандылык психологиясы, жабырлануучу психологиясы бар: бул ар дайым башка бирөөнүн күнөөлүү болуусу. Алар дайыма баарына башчы, өкмөт күнөлүү деп айтышат, эптеп-септеп эле бир учун бир учуна жалгаштырышат, аргасыз болгондо гана иштешет. Алар аткаруучулук менталитетке ээ болушат да, алар өздөрү ойлонуунун ордуна, эмне кылуу керектигин аларга кимдир бирөө айтышы керек деп күтүшөт. Көп жылдык кулчулуктун кишендерин ыргытып, эркиндикке чыкканына карабай, кулдардай ой жүгүрткөн Израил уулдары да ушундай болгон. Убада кылынган жердин алптары менен бетме-бет келгенде алардын кулдук ой

жүгүртүүлөрү уятка калтырмак. Кудай аларды алар ошол жерге жеткенге чейин ийгиликке даярдашы керек болчу. Ага силерди да ошондой жерге жеткенге чейин даярдоого туура келет. Мен айтып жаткан жер - сенин тагдырың. Ал аларды ошентип, үйрөттү беле?

> *Ал сага адам нан менен гана эмес, Теңирдин оозунан чыккан сөз менен жашарын көрсөтүш үчүн, сени жоошутту, ачкачылык менен алсыратты жана сен билбеген, сенин ата-бабаларың билбеген манна менен азыктантты*
>
> – Мыйзам 8:3

> *Акырында сага жакшылык кылыш үчүн, сени жоошутуш үчүн, сыноодон өткөрүш үчүн, сени ошол чөлдө ата-бабаң билбеген манна менен азыктанткан.*
>
> – Мыйзам 8:16

Кудай аларды басынтты, б. а. аларды төмөн, жардамга муктаж кылып койду. Алар өздөрүнө эмес, Кудайга таянууну үйрөнүшү керек болчу. Алдыда аларды тамак издөөдөн да олуттуу окуялар күтүп турган. Алдыда алптар жана дубал менен курчалган шаарлар турган, эгер алар Кудай алардын көйгөйлөрүнөн чоңураак экенин көрүшпөсө, булар аларды оңой эле коркутуп салмак.

Мындан тышкары, алар мажбурлоосуз, өз алдынча, туура тандоону үйрөнүшү керек болчу. Бүгүн мен ата-энелердин баласынын жүрөгүнө эмес, анын жүрүм-турумуна тартип орнотууга аракет кылып, ката кетирип жатышканын көрүп турам. Балага бөлмөнү тазала деп буюрушса, эшикти ачууланып жаап, козголоңчу жүрөк менен ал ишти аткарат, бирок тил алчаак, момун жүрөк менен эмес. Балдары менен дос болгусу келген ата-энелер кирип, таза бөлмөнү көрүп, балага анын ишин кандай сонун аткарганын айтышат. Туура эмес. Бала сыртынан гана баш ийди, бирок, ичинен эмес. Баш ийүү – бул жүрөктүн функциясы. Туура тандоону таңуулап туруу үчүн, ата-энелер бир кезде жанында болбой калган күндөр да келет. Ата-эне камкордугун

токтотKондо, бала өзү каалагандай кыла алат. Жүрөктө эмне бар болсо, эми ачыкка чыга баштайт. Дал ушул учурда көптөгөн ата-энелер баланын кыйынчылыкка кабылып жатканын байкап, кичинекей Жонни дайыма жакшы бала болгонун, ал колледжге киргенде же өз алдынча жашай баштаганда анын жүрүм-турумуна таң калганын айтышат.

Акыры аларда баары жакшы болушу үчүн, Ыйык Китепте Кудайдын ысрайылдыктарды сынап көрүүнү пландаганы, жөнүндө айтылат. Биз дал ушул жөнүндө айтып жатабыз. Баласынын ыраазы болушуна көбүрөөк кам көргөн ата-энеден айырмаланып, Кудай баланын узак мөөнөттүү жыргалчылыгына кам көрөт. Алар өнөкөт жүрүм-турумга айланганга чейин Кудай жүрөктөгү кичинекей орнотууларды оңдойт. Кудай аларды сынай турган болду дегенде, так мына ушунун өзү жөнүндө айтылган. Баш ийүүгө карата жүрөктүн мамилеси канчалык көрүнгөнүнө жараша гана Кудай аларды аларды оңдой алат.

Ар бир адам баш ийүү сынагынан өтүшү керек! Андай болсо, бүгүн кесип өтө турган чөл жок кезде, Кудай бизди кайдан үйрөтүп жатат? Момун болууга үйрөнүшүбүз үчүн жана кезектеги жогорулоо үчүн, Анын үнүн кайдан уга алабыз? Кудайдын Шабул жөнүндө эмне дегенин эстейсиңерби? Баш ийүү курмандык кылуудан жакшыраак. Жыйындагы сырткы ыйбадатыңыз алдыга жылуу үчүн негиз болуп саналбайт. Кудай силерге бийликти тапшыра алабы? Бул кайдан башталат? Үйдөн.

> *Балдар, ата-энеңерге баш ийгиле, бул Теңирге жагат, анткени ушундай кылганыңар туура. «Ата-энеңди сыйла» деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси: «Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла».*
>
> – Эфес. 6:1–3

Эмне үчүн ата-энеге баш ийүү узак өмүргө жана жашоодогу ийгиликке алып келет? Кудай силерге баш ийүү үчүн упайларды береби? Жок, эгер силер жашооңордо бийликке ээ болгон ата-

энеңерди сыйлап, урматтаганды үйрөнсөңөр, анда Кудайды сыйлап, урматтайсыңар. Жашооңордо Кудайдын бийлигин урматтасаңар, Ага баш ийесиңер жана сизде баары жакшы болот. Ошондуктан, жаш кезиңерде, алардын камкордугунда экениңерде Кудай ата-энеңердей болуп угулат деп айта алам.

Кудай силерди бийликке баш ийүүнү үйрөтө турган экинчи жай – бул коомдогу бийликке баш ийүү. Башчыңыз, пасторуңуз, полиция жана өкмөт – бул Кудай бизге баш ийүүнү буйруган бийликтин үлгүлөрү.

Тынымсыз арызданып, көйгөйлөрү жөнүндө эле айтып жүргөн биздин жыйындагы бир үй-бүлө эсимде. Алар үйүн алдырып коюунун алдында турушкан жана ал маселени чечүү үчүн жана күрөөгө коюудан качуу үчүн, аларга 10 000 доллар керек болчу. Алар өз таржымалдарын жыйындагы ондогон адамдарга айтып беришти. Акырында, бир үй-бүлө аларга жардам берүүнү чечип, 10 000 доллар берген. Бирок, бир нече айдан кийин алар мурунку абалына кайтып келишип, үйлөрүнөн ажырап калышкан. Мен бул жубайлардын абалын айттым, алардын экөө тең жумушсуз эле. Тийиштүү жумушту күтүп жатышкан кезде, жок дегенде бир нерсе менен алектенип туруусун мен аларга сунуштадым. Шаардын кайсы бир жеринде ресторанда иштешсе болмок, бирок, мындай жумуш аларга туура келбейт дешти. Менимче, алардын көйгөйү каржыда эмес, бийликти, жоопкерчиликти түшүнүүдө болгондугу ачык эле көрүнүп турат. Эмнегедир алар өз өмүрү үчүн жеке жоопкерчиликтүү экенин жана бул маселени чечүү үчүн, бардык күч-аракетин жумшоо керектигин түшүнүшкөн жок.

Рик Реннер, досум, бирөөнү жумушка алардан мурун унаасын көрүүнү суранып, же кээде кабарлабай туруп эле алардын үйүнө бараарын айтат. Кимдир бирөө унаасын жакшы карабаса, анда ал эч качан буюмдарын иретке келтирбей тургандыгын түшүнөт. Ошондуктан, анын кеңсеси да анын машинесиндей көрүнүп калышы убакыттын иши.

Мен түнт жерлерде сыноо мезгилин баштан өткөрдүм. Кудай мага бийликке болгон кайдыгер мамилеге жол бербегенине сүйүнөм.

Менин тапшырмаларымды аткарышым үчүн, Ал мени баш ийдирип жана сынап көрдү.

Мен фермердик үйдө жашап жүргөн күндөрүмдө каражат боюнча абдан уялып жүргөн учурларды эстейм. Бактыга жараша, мен ар дайым кечигип төлөгөн төлөмдөрүмдү төлөй ала турган чоң инвестициялык келишим түздүм. Бирок, чек өз убагында келген жок жана менде менин негизги банкым болбогон банктан чек ачуу жана андан негизги эсебимди жаппай турган чекти жазуу жөнүндө эң сонун идея келди. Мындай кылуу менен мен кийинки күнү чек алып, аны жаңы банктын камсыздалбаган чегин жабуу үчүн депозитке салам деп үмүттөнгөм. Бирок, чек бүтүндөй эки жума бою келген жок! Күн сайын кезектеги камсыздалбаган чек келгичекти, мен банктарымдын бирине жабылбаган чекти жаздым. Бул эки жума иштеди жана жабылбаган чектин суммасы 2000 доллардан ашты, анткени, мен азык-түлүк сатып алышым керек болчу. Бул убакыттын ичинде бул сумма өсө берген.

Бирок, баары бүттү, банк менеджери таң эрте мага телефон чалганда, анын биринчи эле сөзү бул болду: «Киси мырза, мен сиздин эмне кылып жатканыңызды билем жана эсебиңизди жаап жатам. Бул эсепти жабуу үчүн, сиз акча алып келишиңиз керек жана мындан ары биздин банктан эч качан эсеп ача албайсыз» деди. Мен кармалдым! Бул жагдайдын эң коркунучтуусу, мен аяттары бар чектерди колдонуп, банктын жетекчисине Кудайдын кандай улуу экенин күбөлөндүргөнүм болду. Кудайга шүгүр, ошол күнү эле чек келип, карызды жабуу үчүн банкка алып бардым. Бирок, мен банктын менеджеринин кабинетине кирип, күнөөнү Кудайга жүктөбөсүн үчүн, анын алдында күнөөмдү мойнума алып, мунун баары менин иштерим деп, тобо кылууга туура келди. Албетте, бул келесоолук эле.

Бизнесте жүргөн алгачкы жылдары мен аймактык вице-президентимден үйрөнгөм. Ал менин соода кагаздарымды карап жатып, бланкалардын бирине кол тамга албаганымды байкады. Ал: «Эч кандай көйгөй жок, жөн гана аны жарыкка чыгарып, алардын үлгү боюнча кол тамганы өткөрүп жиберген жерин тегеректеп

коюңуз. Акыр-аягы, алар бул продуктуну каалашат жана башка бардык жерлерде кол коюшкан", - деди ал. Мен ошондой кылдым. Бир айга жакын убакыт өткөндөн кийин, кардарымдын жактоочусу мага телефон чалып, кардар накталай акча алуу үчүн, банк бланкында өзүнүн атын жасалмалагандык үчүн деп, менден 100 000 доллар талап кылып сотко берип жатканын айтты. Бул сумма 5000 долларга чейин кыскартылды, анткени менин аймактык вице-президентим бул үчүн кандайдыр бир жоопкерчиликти алып, иштен алынган эле.

Бирок, сабак алуу үчүн бир гана жолку жетиштүү болбогондой! Менин жаңы өкүлдөрүмдүн бири камсыздандыруу боюнча экзаменин тапшырышы керек болчу, анда болсо окуу материалын сатып алууга акчасы жок болчу, ошондуктан мен ал үчүн көчүрүп бердим. Ал сыноо болуп жаткан жеринде кагаздарын калтырып кетиптир, анан кайрадан мага дагы бир адвокат телефон чалды, ал автордук укуктун бузулушу боюнча сотко кайрылган эле. Ошол күндөрү салык кызматына барчу жолду беш колумдай билчүмүн. Мен салык төлөмдөрү жана айып пулдар менен тынымсыз алек болдум. Эми ушунун баарын аралаш сезимдер менен эстейм. Кудай мени жоопкерчиликке чакырды, үйрөттү. Ал бир күнү менин миллиондогон долларлар менен иш алып барарымды билген жана Ал мага жазасыз калууга жол бербейт. Бул үчүн Кудайга ырахмат!

Мага Кудай менин "промоутерим" экенин билишиме туура келген жана Ал эффективдүүлүктүн гана планында жылдырбай турганын билишим керек болчу. Менин канчалык принципиалдуу экенимди да текшерүү зарыл болчу. Ошон үчүн дагы мен, Кудай силердин жетекчиңердей деймин. Жетекчиңер – бул силерди кийинки тапшырмага даярдоо жана баш ийүүгө мажбурлоо үчүн колдонгон Кудайдын куралы. Силер сынактан өтөсүңөрбү?

> *Анткени жардам батыштан да, чыгыштан да, чөлдөн да келбейт. Бирок Кудай Өзү Сот: бирин басат, экинчисин көтөрөт.*
>
> – Забур 75:6, 7

*Убагында ар бир жаза кубанычтай эмес, кайгыдай туюлат. Бирок ал аркылуу тарбиялангандан кийин, ал адилеттиктин тынчтык берүүчү жемишин берет.*

– Эвр. 12:11

*Кулдар, кожоюнуңарга Машайакка баш ийгендей, чын жүрөктөн,* ***коркунуч жана титирөө менен*** *баш ийгиле. Бирок адамдарга жагынуучуларга окшоп көзгө көрүнүш үчүн баш ийбегиле, тескерисинче, Машайактын кулдары катары* ***Кудайдын эркин чын жүрөктөн аткарып****, адамдарга эмес, Теңирге кызмат кылгандай, тырышчаактык менен кызмат кылып баш ийгиле. Анткени кул болобу, эркин адам болобу, ар ким өзүнүн кылган жакшы ишине жараша Теңирден тиешесин аларын билесиңер. Кожоюндар, силер да кулдарыңарга катаал мамиле жасабагыла, анткени алардын да, силердин да үстүңөрдө, асманда Кожоюнуңар бар экендигин, Анда бет карамалык жок экенин билесиңер.*

– Эфес. 6:5–9

Урмат жана коркуу менен баш ийүү! Бул силердин жетекчиңерге болгон мамилеңер. Пабыл силердин жетекчиңерге баш ийүүңөрдү Кудайдын эркин аткаруу деп аныктайт. Таң калып жатасыңарбы? Мен таң калгам!

Анда Кудайдын үнү эмнеге окшош? Жетекчиңердин үнүнө!

## БУЛ ТЕКШЕРҮҮ!

Бул изилдөөнү аяктап жатып, силер шыктануу жана дем-күч алдыңар деп ойлойм. Ыйык Рух - силерди эч качан таштабайм жана калтырбайм деп убада берген жашоодогу чыныгы керемет өнөктөш. Бул баа жеткис чындыктарды силер менен бөлүшүү, мен үчүн чоң сыймык болду.

*– Гэри Киси*

Карыздан кутулуу жана коопсуз инвестициялоо боюнча кошумча маалымат алуу үчүн, менин компаниям, Forward Financial Group менен, 1-(800)-815-0818 телефону аркылуу байланышсаңар болот.

Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн, FaithLifeNow.com сайтына киргиле.

"Ишенимдеги жашоо" жыйыны жөнүндө маалыматты FaithLifeChurch.org сайтынан тапса болот.

12 - БӨЛҮМ

# КАНТИП СЫЙЫНУУ КЕРЕК ЖАНА ЫЙЫК РУХ МЕНЕН ЧӨМҮЛҮҮНҮ КАНТИП КАБЫЛ АЛУУ КЕРЕК?

Кудайдан эмне алсак, биз Кудайдын айткандарына ишенүү менен кабыл алабыз жана Кудайдан бул белекти кабыл алуу эч нерсе менен айырмаланбайт. Кабыл алуу үчүн сыйынуудан, бул китептеги Ыйык Жазуунун үзүндүлөрүн карап чыгып, ал силер үчүн Кудайдын эрки экенине ынанмайынча жана суроолоруңарга жооп алганга чейин изилдей бергиле. Ыйык Рухка чөмүлтүлүү силер үчүн экенине ынангандан кийин, жөн гана бул сыйынуу менен сыйынгыла:

**«Ата, мен бүгүн Сенин күчтүү Рухуңдун чөмүлтүлүшү жөнүндө сурап жатам. Мен аны АЗЫР кабыл алам, Сенин Сөзүңө ылайык, Рух менен сыйынуу жөндөмү менен кабыл алам. Мен муну Машайактын атынан жана Сенин даңкың үчүн сурап жатам! Оомийин».**

Сыйынуу процессинде адам башынан өткөн абалды же кандайдыр бир белгилүү сезимдерди издебеши керек, бирок, сыйынганда кабыл аларыңарга ишенип, Кудайдын Сөзүндө бекем туруу керек. Сурап, кабыл алгандан кийин, Кудайды даңктап, Ал убада кылгандай, силерди Анын Руху менен майлаганы үчүн, Ага ыраазычылык айта баштагыла.

Сыйынып жатканыңарда, силер ал жөнүндө далил көрсөткөндө эмес, *сураганыңарда алып жатканыңарды* түшүнгөнүңөргө ынангыла. Силердин далилиңер - Кудайдын Сөзү.

> **«***Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет***».** *(Марк 11:24б)*

Сыйынуудан кийин Теңирге табынууга убакыт бөлгүлө, ошондо Кудайдын Руху силердин сыйынуу тилиңерде Өзүн эркин көрсөтө алат. Кудай силердин оозуңарды кыймылдатууга мажбурлабайт! Силер тилдерде сыйынууга ачык болушуңар керек. Адатта адамдар Кудайдын Рухун сезгенде же сыйынып жатканда өздөрүнүн ичинде кысылууну же бир кыймылды сезишет.

Табынууну улантуу менен, Кудайдын Рухуна багынгыла. Ошондо рухуңардан келген ар кандай үндөрдү же муундарды сезе баштайсыңар. Силер ишеним менен бул үндөргө моюн сунушуңар керек. Муну кылганыңарга жараша, Кудайдын Рухунун агымы жана бошотулушу күчөй берет.

Эгерде кандайдыр бир себептерден улам, силер дароо тилдерде сыйына албасаңар да, анда кабатыр болбогула. Силер *ишеним* менен кабыл алдыңар, андыктан, Анын майлаганы үчүн Кудайга ыраазычылык билдире бергиле. Мен адамдардын Ыйык Рухка чөмүлүүнү кабыл алуу жөнүндөгү сыйынуудан үйгө кайтып келе жатканда Рухта сыйына баштаганын көрдүм, жан дүйнөсүндө эртеси эртең менен же бир нече күндөн кийин өзүлөрүнүн чөбүн чаап жүрүштү. Негизгиси сезим менен эмес, ишеним менен кабыл алуу керек.

Рух менен сыйынууну жашооңордун ар бир күнүнүн бир бөлүгүнө айланткыла жана күчтүү сыйынуу адатын өөрчүткүлө. Кудай силер менен сүйлөшөт жана бардык суроолоруңарга жооп берет! Силер Рух менен сыйынууга убакыт табасыңар жана силерде болгон Кудайдын Падышачылыгынын бардык жыргалчылыгына ээ болосуңар деп ишенем!

# ЭСКЕРТҮҮ


1. Жаред Дублин, «Абактагы күйөрман Дез Брайанттын “Пэкерске” каршы “матчта” кармаган тобун эсепке албаганы үчүн, НФЛди 23 января 2015ж, 88 миллиард долларга сотко берет. https://www.cbssports.com/nfl/news/jailed-fansuing-nfl-for-88-billion-over-dez-bryant-non-catch-vs-packers/”.
2. http://www.dictionary.reference.com/browse/Edified?s=t.
3. Лин Эдвардс, “Психологдор ымыркайлар алты ай болгондо эле, жамандан жакшыны ажырата алат дешет”, 10-май, 2010-жыл, https://medicalxpress.com/news/2010-05-psychologists-babieswrong-months.html.

## “Силердин каржылык төңкөрүшүңөр” деп аталган сериядагы Гэри Кисинин башка китептери

Макулдашуунун күчү

Тынчтыктын күчү

Камсыздоонун күчү

Марттыктын күчү

Сиздин тилиңизде көбүрөөк акысыз
окуу куралдарын жүктөп алуу үчүн,
**FLNFree.com** сайтына кириңиз!

Сиздин тилиңизде көбүрөөк АКЫСЫЗ окуу
каражаттарын каалайсызбы? **FLNFree.com** сайтына кириңиз.

# СЕНИН КАРЖЫЛЫК ТӨҢКӨРҮШҮҢ
## Стратегиянын күчү

Жашоо маанилүү чечимдерге толгон?

Кандай үй сатып алышыңарды, кимге үйлөнүшүңөрдү же кимге турмушка чыгышыңарды, кандай жумушка барышыңарды кайдан билесиңер?

Эгерде ийгиликке жетүүнү кааласаңар, силерге стратегия керек. Бирок, бардык суроолорго жоопторуңар жок болсо, анда кантип стратегияны түзөсүңөр?

Кудайдын сырлары силерден эмес, силер үчүн жашырылган.

**Кудай силерде керектүү жоопторднун болушун каалайт – дал ошол үчүн, Ал силерге жашыруун куралды берди!**

"Сенин каржылык төңкөрүшүң" сериясынын 3-бөлүгүндө Гэри Киси өзүнүн ийгилигинин эң маанилүү компоненттеринин бирин жана Кудайдын Падышачылыгынын ЭҢ МААНИЛҮҮ сырын ачып берет: стратегиянын күчү! Кайсы жерге тор салууну билсе, ар ким эле балык кармай алат. Кудайда силерге керектүү жооптор бар, бирок, силер ал жоопторду кантип угуп, жашооңордо кантип колдонууну түшүнүшүңөр керек. Бул китеп так ошол жөнүндө.

Бул кызыктуу саякатта Гэриге кошулгула жана өз жашооңордо стратегиянын күчүн кантип ишке ашырууну үйрөнгүлө!



ГЭРИ КИСИ – автор, баяндамачы, ишкер, финансылык эксперт жана пастор, ал адамдарга жашоодо өзгөчө, ишеним, үй-бүлө жана каржы жаатында жеңишке жетүүдө жардам берүүгө умтулат. Гэри жана анын жубайы Дренда бир нече ийгиликтүү компанияларды жаратуучулар жана "Дренда", "Акча маселесин чечүү" деген эки телевизиондук программанын, "Азыркы ишенимдеги жашоо" деген кызматтын негиздөөчүлөрү, бүткүл дүйнө боюнча конференцияларды өткөрүп жана практикалык ресурстарды сунуш кылат. Жубайлар Киси – Колумбус шаарынын жанында жайгашкан "Ишенимдеги жашоо" жыйынынын кайтаруучулары.

GKM GARY KEESEE MINISTRIES

garykeesee.com